| 1 Vor seinem Löwengarten,<br>Das Kampfspiel zu erwarten,<br>Saß König Franz,<br>Und um ihn die Großen der Krone<br>Und rings auf hohem Balkone<br>Die Damen in schönem Kranz.<br><br>2 Und wie er winkt mit dem Finger,<br>Auf tut sich der weite Zwinger,<br>Und hinein mit bedächtigem Schritt<br>Ein Löwe tritt<br>Und sieht sich stumm<br>Rings um,<br>Mit langem Gähnen,<br>Und schüttelt die Mähnen<br>Und streckt die Glieder<br>Und legt sich nieder.<br><br>3 Und der König winkt wieder,<br>Da öffnet sich behend<br>Ein zweites Tor,<br>Daraus rennt<br>Mit wildem Sprunge<br>Ein Tiger hervor.<br>Wie der den Löwen erschaut,<br>Brüllt er laut,<br>Schlägt mit dem Schweif<br>Einen furchtbaren Reif<br>Und recket die Zunge,<br>Und im Kreise scheu<br>Umgeht er den Leu,<br>Grimmig schnurrend,<br>Darauf streckt er sich murrend<br>Zur Seite nieder.<br><br>4 Und der König winkt wieder,<br>Da speit das doppelt geöffnete Haus<br>Zwei Leoparden auf einmal aus,<br>Die stürzen mit mutiger Kampfbegier<br>Auf das Tigertier;<br>Das packt sie mit seinen grimmigen Tatzen,<br>Und der Leu mit Gebrüll<br>Richtet sich auf – da wird`s still,<br>Und herum im Kreis,<br>Von Mordsucht heiß,<br>Lagern sich die greulichen Katzen. | 5 Da fällt von des Altans Rand<br>Ein Handschuh von schöner Hand<br>Zwischen den Tiger und den Leun<br>Mitten hinein<br><br>6 Und zu Ritter Delorges spottender Weis´<br>Wendet sich Fräulein Kunigund:<br>„Herr Ritter, ist Eure Liebe so heiß<br>Wie Ihr mir schwört zu jeder Stund,<br>Ei, so hebt mir den Handschuh auf“.<br><br>7 Und der Ritter, in schnellem Lauf<br>Steigt hinab in den furchtbarn Zwinger<br>Mit festem Schritte,<br>Und aus der Ungeheur Mitte<br>Nimmt er den Handschuh mit keckem Finger.<br><br>8 Und mit Erstaunen und mit Grauen<br>Sehen´s die Ritter und Edelfrauen,<br>Und gelassen bringt er den Handschuh zurück.<br>Da schallt ihm sein Lob aus jedem Munde;<br>Aber mit zärtlichem Liebesblick-<br>Er verheißt ihm sein nahes Glück-<br>Empfängt ihn Fräulein Kunigunde.<br>Und er wirft ihr den Handschuh ins Gesicht:<br>„Den Dank, Dame, begehr ich nicht!“<br>Und verlässt sie zur selben Stunde.<br><br>AKG10909.jpg |
| | |

Zu den Arbeitsblättern siehe im Literaturverzeichnis: Heinrich, Stundenbilder

| | | |
|---|---|---|
| Arbeitsblatt: „Der Handschuh" (Friedrich von Schiller) | | |

C:\Users\admin\Desktop\media\image1.jpeg

Strophe I ___________________

Strophe II-IV _____________

Strophe V _____________

Strophe VI-VII _____________

Strophe VIII ______________________________________________________________

3.Drei Höhenpunkte sind in dieser Ballade auszumachen. Finde sie heraus!
___________________________________________________________________________

4.Charakterisiere Delorges und Kunigunde. Benutze dabei Adjektive. ____________________

5.Warum setzt Delorges sein Leben aufs Spiel? ____________________

6.Was macht Delorges mit seiner Reaktion deutlich? ____________________

7.Warum änderte Schiller seine ursprüngliche Version der Schlussverse "Und er wirft ihr den Handschuh ins Gesicht" am 17. Juli 1797 in "Und der Ritter, sich tief verbeugend, spricht" um?
___________________________________________________________________________

8.Wodurch erzeugt Schiller eine sprachlich dichte Atmosphäre?
___________________________________________________________________________

9. Was kennzeichnet den Text als Ballade
_____________________________________________

| Lösungsblatt: "Der Handschuh"<br>(Friedrich von Schiller) | | |
|---|---|---|

C:\Users\admin\AppData\Local\Temp\FineReader10\media\image2.jpeg

**2. Die Ballade gliedert sich in fünf Teile:**

- Strophe I Exposition: Ort, Situation, Personen mit historischem Hintergrund
- Strophe II-IV Beschreibung der Raubtiere mit ihrer Kraft, Wildheit und Grausamkeit
- Strophe V Handschuh fällt zwischen die Tiere
- Strophe VI-VII Verspottung durch Kunigunde "und Bestehen der Mutprobe
- Strophe VIII Aufkündigung des Minnedienstes

**3. Drei Höhepunkte sind in dieser Ballade auszumachen. Finde sie heraus!**

® Aufforderung Kunigundes ® mutige Tat von Delorges © Werfen des Handschuhs

**4. Charakterisiere Delorges und Kunigunde! Benutze dabei Adjektive!**

Kunigunde: schön (Str.1: in schönem Kranz, Str. 5: von schöner Hand), begehrt (Str.6: eure Lieb so heiß), leichtfertig, zynisch, spöttisch (Str. 6), kaltherzig

Delorges: furchtlos und mutig (Str.7: in schnellem Lauf, mit festem Schritt, keck), gelassen (Str.8) und entschlossen (Str.8: und verläßt sie zur selben Stunde)

**5. Warum setzt Delorges sein Leben aufs Spiel?**

Er hat nur die Wahl zwischen Demütigung oder Bewunderung (höfischer Ehrenkodex).
Er verhält sich ritterlich und erfüllt die Aufgabe (den Liebesbeweis), die die Dame ihm stellt.

**6. Was macht Delorges mit seiner Reaktion deutlich?**

Er beschämt Kunigunde, die seiner Minne unwürdig ist, denn sie hat ihn mutwillig (es geht nur um einen Handschuh!!) in Lebensgefahr gebracht. Aus ritterlicher Minne wird Verachtung. Auch die höfische Gesellschaft missbraucht Sinn und Wert der Ritterideale, indem sie die unmenschliche Forderung akzeptiert. Dieser Machtmissbrauch wird entlarvt und Delorges befreit sich von seiner Rolle als Diener der Dame.

**7. Warum änderte Schiller seine ursprüngliche Version der Schlussverse „Und er wirft ihr den Handschuh ins Gesicht" am 17. Juli 1797 in „ Und der Ritter, sich tief verbeugend, spricht" um ?**

Die heftige, unkonventionelle Reaktion von Ritter Delorges erregte in Weimar argen Anstoß. Eine Bemerkung Charlotte von Steins veranlasste Schiller zur Änderung.

**8. Wodurch erzeugt Schiller eine sprachlich dichte Atmosphäre?**

Häufige Verkürzung von Verszeilen in Str. 2+3, um die schnellen Bewegungen der Raubkatzen zu kennzeichnen, anaphorische Versanfänge (und) schaffen Verknüpfungen und verbinden das Geschehen zu einer flüssigen Einheit, ausmalende Beschreibung der gefährlichen Raubkatzen im Zwinger (Str. 2, 3, 4) unterstreicht deren Gefährlichkeit und steigert die Bedeutung der mutigen Tat des Ritters

Zäsuren und Lautmalerei („a"-Laute; Schweif/Reif; Tatzen/ Katzen; Kreis/heiß.)

**9. Was kennzeichnet den Text als Ballade?**

Der 'Handschuh' ist ein Erzählgedicht, das ein besonderes Ereignis erzählt. Es gibt narrative (Erzählbericht) und dramatische (Dialoge) Anteile. Fast alle Strophen erzählen das Geschehen, doch in den Strophen 6 und 8 (also beim Höhepunkt) finden sich Dialoge.

***LITERATURVERZEICHNIS***

*1.Beutin, Wolfgang (Hg.), Deutsche Literaturgeschichte. Von den Anfängen bis zur Gegenwart, 6. Auflage,, Stuttgart/Weimar: Metzler, 2001*

*2.Fingerhut, Karl-Heinz und Margret Fingerhut. Deutschbuch. Literaturgeschichte. Cornelsen- Verlag, Berlin 2010, 6:81*

*3.Heinrich , Hans, Balladen und Gedichte: ausgearbeitete Stundenbilder mit Texten, Arbeitsblättern und Bildmaterial, 3.Aufl.- Donauwörth: Auer, 2009*

*4.Hinderer, Walter, Artikel 'Schiller' in: Literatur-Lexikon. Autoren und Werke deutscher Sprache, hg. von Walther Killy, Bd. 10, S. 229-241, Gütersloh/München: Bertelsmann, 1991*

*5.Stößel M.D. Geschichte der deutschen Literatur. Moskau – Vysschaja Schkola – 1984 7:13*

*6. Wagenknecht, Christian, Artikel 'Ballade' in: Reallexikon zur deutschen Literaturwissenschaft, Bd 1, S.192-196, 3. Aufl. Berlin New York: de Gruyter, 1997*

*УДК: 811.512.161.*

***Акалын Режеп,***
*К.Карасаев атындагы БГУнун аспиранты*
*e.mail:kerimtuzcu@hotmail.com*

# СӨЗ ЖАСОО УЯСЫНЫН ТҮРК ТИЛ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

***Аннотация**: Макалада түрк тилдериндеги жаңы сөздөрдү уюштуруу маселеси кеңири каралган. Советтер Союзунун доорундагы, ошондой эле Батыш илимпоздорунун эмгектери кеңири талдоого алынып, иликтөөгө алынган маселе боюнча ой-пикирлер толук камтылган. Бардык илимий көз караштар түрк тилинин тилдик бирдиктерин мисал келтирүү менен бекитилген.*

***Түйүндүү сөздөр:** морфология, тил илими, сөз жасоо, салыштырма грамматика, анализ.*

***Аннотация**: В данной статье рассмотрены проблемы образования новых слов в тюкрских языках. Были выявлены основные особенности образования слов на основе корней в турецком языке. Все научные взгляды укреплены на примерах турецкого языка.*

***Ключевые слова:** морфология, лингвистика, словообразование, сопоставительная грамматика, анализ.*

Азыркы түрк тилинде жогоруда белгилеп кеткендей, сөз жасоо маселеси XX кылымдын 30-жылдары эле колго алына баштаган. Түрк тил илиминдеги алгачкы изилдөөлөр сөз жасоо пероблемасын изилдөөдөн башталат деп да айтууга болот. Алгач түрк тилчи окумуштуулары сөз жасоо боюнча материал топтоодон жана системалаштыруудан, андан ары бүгүнкү күндө да абдан кызыктуу илимий иштердин жүргүзүлүшүнө түрткү болуп жаткан сөз жасоо жолдорун жана каражаттарын изилдөөнү колго алышкан. Туркиядагы тил илиминин өкүлдөрү башкалардан айырмаланып, сөз жасоонун проблемаларын терең изилдей турган илимий эмгектерди жазышкан. Түрк окумуштууларынын арасында сөздүн семантикасына болгон кызыгуу сөз жасоо маселесин терең изилдөөгө түрткү берген. [1]

“Түрк тили үчүн башка тектеш тилдерге караганда алда канча өнүккөн, колдонууга ийкем сөз жасоо системасы мүнөздүү. Анын өзүнчө себептери бар. Ириде ал түрк тилинин тарыхый жактан өнүгүшүнө байланыштуу, экинчиден, түрк коомчулугу менен түрк мамлекеттигин эчен кылымдан бери эле ар тараптан жана үзгүлтүксүз тейлеп келе жаткан тил да – түрк тили. Ошентсе да, Түркияда түрк тилинин сөз жасам системасы жиктелип, өзүнчө бир илимий багыт катары иликтенбей келет. Ушундан улам түрк окумуштуулары тарабынан даярдалган эмгектерде сөз жасоого байланыштуу малыматтар морфология менен чогуу берилип жүрөт .[2]

“Кыргыз жана түрк тилдеринин салыштырма грамматикасынын негиздери” деген эмгекте Түрк тилинин сөз жасоо системасын кыргыз тилине салыштырып изилдөөдө төмөнкү үч булакка таянууга боло тургандыгы айтылат: академик А.Н.Кононовдун “Грамматика современного турецкого литературного языка” [3] деген эмгеги, Э.В.Севортяндын “Аффиксы глаголообразования в азербайджанском языке” (1962) жана “Именное словобразование в азербайджанском языке” (1966) деген азербайжан тилиндеги зат жана этиш сөздөрдүн жасалышына арналган илимий эмгектери [5].

Советтик мезгилде түрк тилдерин ар тараптан терең изилдөөлөргө алынган. Мындай эмгектенүүнүн натыйжасында түркологдордун көңүлүн буруп, кызыктырган көптөгөн тил маселелери пайда болгон. Алсак түрк тилдериндеги сөз жасоо проблемасы. Түрк тилдериндеги анын ичинде түрк тилинин дагы сөз жасоо жолдору жана ыкмалары абдан татаал жана колдонулуш аймагы бар. Аффиксация жолу алардын ичинен эң актуалдуусу болуп саналат.

Морфологиялык белгилери боюнча түрк тили аглютинативдүү тилдердин катарына кирет. Сөздүн морфологиялык составы боюнча уңгу жана мүчөдөн турат.

Түрк тилинде сөз жасоо жолдорунан морфологиялык жана синтаксистик жолу кеңири пайдаланылат. Түрк тилинде кыргыз тили сыяктуу эле куранды мүчөлөр кеңири пайдаланылат. Бирок кыргыз тилине караганда сөз жасоонун морфологиялык жолу б.а. уңгуга куранды мүчө улап жаңы сөз жасоо кыйла жогорку деңгээлде өнүккөн. Уңгуга куранды мүчө жалгоо аркылуу жаңы сөздөр жасалат, куранды көбүнчө төл сөздөргө жалганат.

Сөз жасоонун синтаксистик жолу да пайдаланылат. Мындай жол аркылуу мисалы атооч сөздөр менен этиш сөздөр биригип, татаал этиштер көп жасалат.

Түрк тилине салыштырмалуу кыргыз тилинде морфологиялык жол дагы, синтаксистик жол дагы кеңири пайдаланылат.

Сөз жасоо проблемасынын турк тилинде изилдениш абалын жана сөз жасоонун табиятын илик-

теген тилчи-окумуштуулардын кошкон салымын баалоодо түркиялык изилдөөчүлөрдүн эмгектерин атабай кетүү мүмкүн эмес. Тактап айтканда, бул проблема түрк лингвисттерин кызыктырган маселелердин бири деп айтсак жаңылышпайбыз. Алардын ичинен турк тилин атайын изилдеп, индоевропеистиканын көз карашынан жазылган Ж.Денинин жана Т.Бангуоглунун грамматикасы, сөздүн тутумуна жана жасалыш ыкмаларына арналган М.Ергин, Б.Аталай, О.Демиржан, А.Ержиласун, М.Хенгирмен жана башка көптөгөн авторлордун эмгектери илимий жактан дээрлик жогорку баага татыктуу. Совет окумуштууларынын ичинен академик А.Н.Кононовдун "Грамматика современного турецкого литературного языка" аттуу фундаменталдуу эмгеги илимий жактан өз наркын бүгүнкү күнгө чейин жоготпой келет.[3]

Т.Бангуолгунун ‘Türkçenın grameri’ (1995) деген эмгегинде сөз жасоо боюнча төмөнкүдөй аныктама берилет: “Bir dilin kelime dağarcığı nasıl milli sermaye sayılıyorsa o dilde kelime yapımı da milli üretim sayılır. Zamanın getirdiği buluişlar, dinler, fikir akımları dilde yeni kavramları karşılamayı gerektidir. Tabii olarak her milli dil bu işi kendi yapısından kelimeler yaratarak başarmak eğilimindedir. Buna **kelime yaratmak** deriz.”

Жогоруда биз карап, анализге алган эмгектердин дээрлик бардыгында: илимий эмгек, диссертация, макалалардан көрсөтүлгөндөй сөз жасоо маселесин өзүнчө изилдеген эмгек аз эмес. Бирок буларда тилдин туунду сөз маселелери грамматиканын морфология бөлүмүнүн ичинде каралган. Кыргыз тилинде сөз жасоо проблемалары сөзсүз түрдө тилдин өзүнчө бөлүмү катарында изилдениши зарыл экендигин белгилеп кетүүгө болот.

Кийинкиде биз талдап, анализге алган илимий эмгектердеги сөз жасоо жана анын бирдиктерине, тактап айтсак сөз жасоо уясын сыпаттоого тиешелүү түшүнүктөр менен бирдиктерге токтолуп кетмекчибиз.

***Адабияттар***


1. *Ağakay, Mehmet Ali. Kelime Yapma Yolları, İstanbul, 1943; Atalay Besim. Türk Dilinde Ekler Ve Kökler Üzerine Bir Deneme, İstanbul, 1942; Atalay Besim. Türkçede Kelime Yapma Yolları. İstanbul, 1946.*
2. *Бангуоглу, 1995; Гуленсой, 2000; Гунеш, 1977; Ергин, 1994; Хенгирмен, Стамбул,1995.*
3. *Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого литературного языка. - М.-Л., 1956.*
4. *Садыков Т., Сагыбаева Б., Кыргыз &түрк салыштырма грамматикасынын негиздери ,Бишкек: 2010.*
5. *Севортян Э.В. Аффиксы глаголообразования в азербайджанском языке. - М.: Изд-во вост. лит., 1962. 643 с., Севортян Э.В.Аффиксы именного словообразования в азербайджанском языке. - М.: Наука, 1966.*

*УДК:811.512.1*

***Жумалиев Ж.**, БГУнун профессору*

# МАХМУД КАШГАРИНИН «ДИВАНУ ЛУГАТ - ИТ ТҮРК» ЭМГЕГИНДЕ БЕЛГИЛЕНГЕН КЫПЧАК УРУУЛАРЫНЫН ЛЕКСИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ЛЕКСИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ КЫПЧАКСКИХ ПЛЕМЕН ОТМЕЧЕННЫЕ В “ДЕВОНУ ЛУГАТ-ИТ ТУРК ” МАХМУДА КАШГАРСКОГО

***Аннотация:** Макалада Махмуд Кашгари “ДЛТ”да белгилеп көрсөткөн кыпчак урууларынын лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү түүрасында сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:** Кыпчак, түрк, түрк уруулары, огуз, лексика, өзгөчөлүктөр.*

***Аннотация:** В статье рассмотрены лексико-семантические особенности языка кыпчакских тюркских племен,отмеченные в “ДЛТ” Махмуда Кашгарского.*

***Ключевые слова:** Кыпчак, тюрк, тюркские племена, огуз, лексика, особенности.*

Эмгегинде Махмуд Кашгари көптөгөн түрк уруулары жана алардын Румдан чыгышты көздөй жайгашкан орду тууралу, маселен,“Урумга баарынан жакын жайгашкан уруу “беченек”, андан кийин “кыпчак”, “өгүз”, “кыргыз чинге жакын турат” ж.б. сыяктуу маалыматтарды берген.“ДЛТ”дагы мына ошондой маалыматтарга жана башка тарыхый жазма булактардагы кабарларга таянуу менен, кыргыз элинин белгилүү тарыхчысы Ө.Караев Карахан каганатына атайын карта түзүп, кыпчактарды алардын түндүк-батыш тарабына, огуздардын түндүк кошунасы катары жайгаштырат. Караңыз картаны.



Ө.Караевдин ушул картасына караганда, кыпчактар азыркы Казакстандын аймагына жана анын батыш тарабына таралып, огуздар менен кошуна турган эл болуп чыгат. Булар, б.а., кыпчактар Махмуд жашаган доордо Н.А.Баскаковдун түрк тилдеринин өнүгүшүнө карата берген классификациясы боюнча Й тили болгон Кыпчак-огуз тобунан байыркы түрк доорунун(У-Х кк.) аягында кыпчак жана огуз тилдери болуп бөлүнүп чыгат. Орто түрк доорунда (Х-ХУ кк.) кыпчак тили, андан кыпчак-булгар, кыпчак-волга топтору ажырымдалат. Кыпчак-волга тобунан кыпчак-половец, кыпчак-ногой,половец тилдери пайда болот. Жаңы түрк доорунда (ХУ-Х1Х кк.) кыпчак-булгардан татар, башкыр тилдери; кыпчак-половецтен караим, кумык,карачай-балкар, крым-татар тилдери; кыпчак-ногойдон ногой, каракалпак, казак, өзбек тилинин диалектилери бөлүнүп чыгат (Караң. Н.А.Баскаковдун "Общая схема развития тюркских языков" деген таблицасын). Мына ошо таблицадагы классификация боюнча жогорудагы түрк тилдеринин баары азыркыдай өзүнчө майда тилдерге бөлүнө элек кыпчак деген чоң бир эл болгон. Мына ошол чоң эл үстүдө Махмуд Кашгари белгилегендей "Урумга жакын жайгашкан "беченектерден" кийинки аймактарда жашап турган. Азыркы учурда деле аталган аймактарда түрк тилдеринин кыргыз-кыпчак тобунан чыккан кыпчак-ногой тобундагы казак, кара-калпак, ногой; кыпчак-половец же кыпчак-огуз тобундагы караим, карачай-балкар,кумык, крым татар,крымчак; кыпчак-булгар тобундагы татар, башкыр сыяктуу элдер жашашат. Аталган элдерден тышкары **кыпчак** деген ат түрк тилдеринин көбүнүн курамында,маселен, кыргыз тилинин ичкилик тобундагы бир уруу, өзбек тилиндеги кыпчак диалектилери, түркмөндөрдө, түрктөрдө (мамлюк-кыпчактар), Венгрияда катталган. Дегиңкиси, ушундай бөлүнүштөргө карап, Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндөгү" өзгөчөлөнгөн кыпчак сөздөрү кайсы тилдерде көбүрөөк сакталып калган деген суроо пайда болот. Албетте, мына ошол 1000 жылга жакын убакыт аралыгында кыпчак деген чоң бир эл ошо бойдон сакталып турбай, жогоркудай көптөгөн тилдерге ажырап кеткен жана "Сөздүктөгү" сөздөрдүн айрымдары кайсы бир тилде ошо доордогудай тыбыштык форманы жана маанини сактап келатса, айрымдарынын тыбыштык турпаты же семантикасы өзгөргөн же колдонуудан чыгып,ордун башка сөздөргө бошотуп да берүүсү да ыктымал. Ошондуктан, ал суроого бир макаланын чегинде жооп берүүгө мүмкүн эместигин эске алып, кыпчактардын "Сөздүктө" катталган лексикасын жана алардын маанилерин берүү менен гана чектелебиз.

*Аба* "аюу" ("алиф" басымдуу айтылат). Кыпчакча(371,187).

*Аба* "аюу"(1,187).

*Азак* "аяк,бут"(1,95).

*Азыг* "аюу" *(1,185).*

*Алыг* "ар бир нерсенин жаманы, жараксызы"(1,151).

Арук "арык, жүдөңкү"(1,153).

*Бал* –бал.Суварым, кыпчак жана огуз тилдеринде. Түрктөр аны *"ары йагы"* дешет... (3,235).

*Бар* - бирөөгө кайрылганда, *барың* – бир топ кишиге кайрылганда айтышат. Алар көптүк түрдүн *-лар* мүчөсүн түшүрүп, анын ордуна 3 тамгасын мурунчул ң тамгасы менен бирге чогуу айтуу менен жеке адамга кайрылышат. Бирөөгө урмат-сый иретинде сылык мамиледе сүйлөөдө алардын тилдеринде, бир адамга кайрылып жатышса да, көптүк түрдүн формасын колдонушат. Төмөнкү ырда келгендей: *авлак мени коймэңиз айык айип коймэңиз акар көзүм уш теңиз тегре йуре куш учар... (*2,77-78).

*Бардам* "бардым". Түрктөр *"бардым"* дешсе, огуздардын курамына киргендер *"бардам"* дешет (3,207). *Эскертүү:* Бу жерде огуздар, кыпчактар ж.б. урруулар жөнүндө жалпы сөз болуп жаткандыктан *"бардам"* дегенди кыпчактарга да мүнөздүү деп да карасак болчудай.

*Башмак* "башмак" (1, 659).

*Бен* "мен", түрктөрдө *мен.* Түрктөр *"мен бардым"* десе, алар *"бен бардым"* дешет (1,94). *Бититдачы, күзеттечи* "китеп жазууга буйрук берүүчү", "ат күзөтүүчү". Башкы формасы *күзетдечи* жеңилдетилген (2,513).

*Бун* "сорпо", түрктөрдө *мун (1,94).*

*Евет* "ооба"*(1,129).*

*Елкин* "мусапыр", түрктөрдө бул сөз *йелкин* деп айтылат (1,93).

*Епмек* "нан" (1,213).

*Жинчу* "бермет", түрктөрдө *йинчу (1,93).*

*Жугду* "чууда", түрктөрдө *йугду (1,93).*

*Йавлак киши* - мүнөзү жаман киши. *"йавлак"*-жаман, начар нерсе, огуз жана кыпчак тилдеринде... (3,67).

*Йайгук* "бээнин желини, эмчек үрпү.Кээ бири *"йазгук"* дешет, кыпчак тилинде (3,43).

*Йалды* – от жанды.Айтышат: *от йанды*"-от жанды.Дагы бир түрү л менен *"йалды",* кыпчак тилинде *(йанар, йанмак) (*3,99).

*Йалңук* –күң.Огуз, кыпчак жана сувар тилдеринде (3,573).

*Йатты* – ер йатты "эр жатты"*(йатур, йатмак) (*2,453).

*Йатты –ол ат йатты* "ал атты, же сокурду (ж.б) жетеледи (*йатар, йатмак).* Огуздар менен кыпчактар дайыма сөздүн башында й(дын) ордуна Ч менен айтышат: *"ол мени четти"* –ал мени (кууп) жетти, йетти деп й менен айтуунун ордуна. Түрктөр болсо: *"сувда йундум"*- сууда жуундум, алар болсо: *чундум* дешет. Бул эреже түрк жана түркмөндөрдө дайыма кезигет (2,507).

*Йеңди* –жеңди.Айтышат: *"ер аны йеңди"*-эр аны жеңди (бир нерседе). Огуз жана кыпчак тилдеринде *(йеңер, йеңмек).*

*(к) йемек* – түрктөрдүн бир уруусу. Алар кыпчактарга киришет. Биз билгенибизге караганда кыпчак – түрктөрү өздөрүн башка топко кошушат (3,47).

*Йинчу* "мончок, берметтин бир бүртүгү. Күндөрдү ушундан *"йинчу"* деп калышкан. Макалда мындай келет: *"үтлүг йинчу йерде калмас"* –көздүү мончок жерде калбас (жатпас) (кимдир бирөө келип аны алып кетет). Бойго жеткен кыз күйөөгө тийбей калбайт, бирөө келип ага сөзсүз үйлөнүп кетет деген мааниде.

Огуздар менен кыпчактар *"чинчу"* дешет, й тамгасын ч тамгасына ооштуруп.(3,48).

*Йутты – ол йумуртганы йутты* "ал жумуртканы жутту" огуз жана кыпчак тилдеринде (йутар, йутмак) (2,507).




Караханид каганатынын картасы

*(ш) йымшан* –кыпчак жергесинде өсүүчү жапайы өсүмдүк (3,59).

*Катланды* – мөмө берди. Айтышат: *“йыгач катланды”*-дарак мөмө берди. Кыпчак, йамак жана уграк тилдеринде *(катланур, катланмак)*. Бул сөздүн мааниси жапайы өскөн бадал-талдардын мөмөсүнө байланыштуу, а үй бакчаларынын мөмөсүн *“йемишленди”* дешет (3,297). *Кайу* “хайу” сөзүнүн бир түрү х менен к алмашкан, огуздар менен кыпчактар х(ны) к(га) алмаштырышат. Алар: *“хызым”* –кызым. Түрктөр *“кызым”*. Алар: *“ханда ердиң”* – кайда жүрдүң?, түрктөр *“канда ердиң”* (3,333).

*Казын* “кайын журт”Кыпчактар болсо зай тамгасы менен айтышат *(1,703)*. *Кайың* “кайың”(!,95).*Кайын* “кайын журт”(1,95).

*Кат* –бактардын мөмөсү, чогултуу маанисинде... Йамак, кыпчак, кай, татар жана чумылдар аны дарактын мөмөсүнүн аты боюнча *“кат”* дешет (3,219).

*Кату* –шал болгон, же чолок болгон, кыпчак тилинде(3,334). Биздин оюбузча, бу жердеги *кату* деген сөз эфвемизм болушу мүмкүн.

*Кеми* –кеме, огуз, кыпчак тилдеринде (3,357).

*Кемик*–пахтадан саймаланып токулган (тигилген) кийим (халат). (Кыпчактар мындан жаан өтпөс, күн өтпөс жука чапан жасашат) (1,683).

*Кенчек саңыр* –Тараз шаарына жакын жайгашкан шаардын аты, кыпчактардын чек арасында (1,825).

*Курд* –тикенек, кыпчак тилинде (3,341).

*Курмаан* “саадак”. Өгүз, кыпчак тилдеринде. Айтышат:*”кииш курмаан”*-кын (зоот) менен саадак.Бул сөз *куур маан* кур байлан!-деген сөздөн келип чыгат(1,767).

*Курман* “жаанын саадагы”, түрктөрдө *йасык.”упрак йасыкдын тозлог йа чыкар* – эски саадактан тозгон (чаң баскан) жаа чыгар...(3,29).

*Күк* – тамыр, уруу, тукум.Айтышат: *“күкүң ким”*-кайсы урууданcың? Огуз жана кыпчак тилдеринде (2,453).

*Кырнак* “күң кыз”.Йабаку, кай, жумул, йасмыл ,огуз, йамак жана кыпчак тилдеринде (1,813). *Кыфчак* –түрк уруусу (1,815).

*Өкил* “көп”. *өкил киши (1,169)*.

*Өзле*”өйле,түшмезгили” (1,233).

*Пушак*”ичи кысыла берүүчү”, түрктөрдө *пушган (1,299)*.

*Син* “сен”...(3,207).

*Сулаак* “көк боор”, кыпчак тилинде. Т тамгасы С тамгасы менен алмашылып келген, бул көрүнүш араб тилинде да кезигет (1,717).

*Сусгак* “суу (ж.б.) сузуп алуучу нерсе. Карлук, карлук-кыпчак жана бардык көчмөн элдердин тилинде (1,809).

*Тава* “төө”.Төөнү түрктөр *“тевей”* дешет, огуз жана мен эскерткендер (огуз, кыпчак ж.б.) *“тава”* дешет (3,207).

*Тамак*”алкым, тамак, кекиртек” , түрктөрдө *тамгак (1,99)*.

*Темүр* “темир, кылыч” (1,631).

*Тозды* “тойду”. *Карын тозды (1,95)*.

*Томлуг* –тоң. Айтышат: *“ер томлугка тозды”* – эр тоңго тоңду (*тозар, тозмак*).Кыпчак тилинде (3,277).

*Тышыкты* “тышка чыкты”.*Эр евдин тышыкты* – эр үйдөн тышка чыкты. Йагма, тухси, кыпчак, йабаку жана кээ бир түрмөндөр ушундай дешет. Түрктөрдүн көпчүлүгү: *“чыкты”* дешет *(тышыкар, тышыкмак)(*2,187).

(*нун).учан* –эки желкеми бар кеме. Кыпчакча (631,247).

*Чики йи* –бышык (тыгыз) тигилген, кошулган жер.Китептин башында эскертилгендей, ч тамгасы й тамгасына алмашылат, кыпчак жана башка тилдерде, *“чинчу”* –бермет, башкы формасы *“йинчу”*

*Чувгаа* “башчы, жетекчи”.Өгүз жана кыпчак тилдеринде. Макалда мындай деп келет: *“калын кулан чувгаасы болмас”* –үйүр кулан башчысыз (айгырсыз) болбос(1,73

*Чумук* “ала карга”, түрктөрдө *чумгук (1,99)*.

*Чынчуу* “бермет”. Өгүз, кыпчак тилдеринде. Ч тамгасы Й тамгасы менен алмашып келиши мүмкүн (1,725).

*Ылыг сув* “жылуу суу”, түрктөрдө *йылыг сув (1,93)*.

***Адабияттар***

*1. Ахметьянов Р.Г.О генеологической классификации кыпчакских тюркских языков. / В кн.: Советская тюркология и развитие тюркских языков в СССР.Алма-Ата, 1976.*

*2. Баскаков А.Н. Введение в изучение тюркских языков. Изд. 2-е. -М., 1969.*

*3. ДТС – Древнетюркский словарь. -Л., 1969.*

*4. Караев О. // Историко географические данные, сообщаемые Махмудом Кашгари. СТ, 1972, №1.*

*5. Караев О. История караханидского каганата. -Ф.: Илим, 1983.*

*6. ТТС-Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. Кыргызча котормосу (Которгондор Т.Токоев, К.Кошмоков). -Б., 2011; 2012; 2013.*

*УДК: 811.512.1*

***Б.Усмамбетов**, ф.и.к., доцент, БГУ*

# МАХМУД КАШГАРИНИН «ДИВАНУ ЛУГАТ АТ-ТҮРК» ЭМГЕГИНДЕГИ АЙРЫМ КӨӨНӨРГӨН СӨЗДӨРГӨ ЭТИМОЛОГИЯЛЫК АНАЛИЗ

# ЭТИМОЛОГИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ НЕКОТОРЫЕ АРХАИЗМОВ В ТРУДЕ МУХМУД КАШГАРИ «ДИВАНУ ЛУГАТ АТ-ТҮРК»

***Аннотация**: Бул макалада орто түрк жазма эстеликтеринин бири болгон, азыркы түрк тилдеринин көөнөргүс байлыгы болгон Махмуд Кашгаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегиндеги айрым сөздөрдүн фоно-морфологиялык, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү жана чыгыш теги каралат. Ал сөздөрдү аныктоо үчүн салыштырма жана тарыхый-салыштырма ыкма колдонулду. Илюстративдик материал катары көркөм чыгармалардын, фольклорлордун жана макал-лакаптардын материалдары пайдаланылды.*

***Түйүндүү сөздөр:** лексика-семантика, фоно-морфология, этимология, сөз жасоочу мүчөлөр, байыркы түрк тили, салыштырма - тарыхый анализ.*

***Аннотация:** В данной статье определяются лексико-семантические, фоно-морфологические особенности, этимология слов одного из письменных памятников среднетюркской эпохи, наследия современного тюркского народа «Диван лугат ат-тюрк» Махмуда Кашгари. Анализ слов построен на основе сопоставительного и сравнительно-исторического метода. В качестве иллюстративных материалов использованы фрагменты из литературных и фольклорных произведений, а также пословицы и поговорки.*

***Ключевые слова:** лексика-семантика, фоно-морфология, этимология, словообразовательные аффиксы, древнетюркский язык, сравнительно исторический анализ.*

***Abstract:** In this article determined by the lexical-semantic, phono-morphological characteristics, the etymology of the words of one of written records of modern Turkic people «Divan lugat at-tyurk» Mahmud Kashgar. The analysis is based on benchmarking and comparative-historical materials used excerpts from literary and cultural works, as well as proverbs and sayings.*

***Keywords:** semantic, phono-morphology, etimology, preformative affixes, old Turkic language, comporative– historical analysis.*

Түрк тилдүү элдердин тилин, ошол тилде сүйлөгөн элдердин тарыхы менен байланыштуу изилдөө түркологиядагы негизги маселелерден болуп саналат. Бул маселени чечүүдө түрк тилдеринин салыштырма-тарыхый грамматикасы менен салыштырма-тарыхый сөздүгүнүн материалдарынын чоң мааниси бар.

Түрк тилдерин изилдөөнүн тарыхында байыркы мезгилден бери салыштырма-тарыхый ыкма да, жөнөкөй салыштырма-тарыхый ыкма да колдонулуп келген. Мына ошондой эмгектерге XI кылымда жазылган Махмуд Кашкаринин "Дивану лугат ат-түрк" эмгеги кирет**.**

"Диванда" камтылган 8000ге жакын сөздөрдүн азыркы түрк тилдерине болгон катыштыгы маселеси көптөгөн түркологдорду түйшөлтүп келген. Бул маселе боюнча кыргыз тилчилеринин да көңүл чордонунда болуп, азыркы тапта көптөгөн илимий макалалар жана илимий эмгектер жарык көрө баштады. Мындай илимий иштердин жыйынтыктары кыргыз тили илими үчүн да, өзгөчө кыргыз тилинин тарыхы үчүн мааниси зор.

Ушул маселелерди эске алуу менен, илимий макалабызда кыргыз тилине салыштырмалуу "Дивандагы" айрым архаизмдешип кеткен сөздөрдүн чыгыш тегине жана лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурмакчыбыз.

**Йаби –**көрпөчө. Чыгыл тилинде [МК, ТТС, III, 39]. Кыргыз тилинде бир нерсени көрсөтпөө үчүн же ысыктан суuктан сактоо үчүн жаан –чачын тийбес үчүн же кооздук үчүн үстүн жаап коюуга арналган буюм, жапкыч: *жүк жабуу*, *түндүк жабуу*, *ат жабуу* (үртүк) деген түшүнүктөгү сөз айкаштарында кездешет. Түрк тилдериндеги материалдарга карасак, өзбек тилинде *епик, от епиги, жүн йабуу*, *бахмал, баркыт йабу*

болуп айтылат. Казак тилинде болсо кыргыз тилиндегидей *ат жабуу* формасында айтылат. Түркмөн тилинде болсо *хеже* жана *йабу* болуп эки түрдө колдонушат. Аталган сөздүн-*жап* уңгусу кыргыз тилинде 1. ”Каалганы, дарбазаны жана жалпы эле ачылып жабыла турган нерселерди жабык абалга келтирүү, ачык абалда калтырбай бекитүү”: *Айсулуу кайра келди, үйүн ачты, кирген соң үй эшигин кайра жапты* (Үмөталиев), 2. Кандайдыр бир нерселердин үстүнө каптай салуу, чүмкөө, каптоо”: *Камыш жапкан жаңы салган үйлөр бар* (Аалы). *Жабуу жапса жарашып, жаркыраган торпогум* (Тоголок Молдо). *Бак башын бубак жапкан самсааланып* (Бөкөнбаев), “Сый көрсөтүү, урматтоо иретинде чапан, кийим кийгизүү”: *Жолдошуң сайын бир-бирден күрөөкө соот жабайын* (“Манас”). 3. “Сүйлөө, сүртүү, шыбоо”: *Бутун жууп тазалап, кара дары жапты эми* (“Эр Табылды”), “Бир нерсенин бетине жабыштыруу, чаптоо (көбүнчө нан бышыруу, казанга, дандырга жабыштыруу) ”: *Ашык толдуу план деп, Апаппак нан жабалык* (Нуркамал). 4. “Жая берүү, каптай берүү, жайпай берүү, жайпай төгүлүү, каптай төгүлүү (көбүнчө суюктуктун куюлушу же төгүлүшүнө карата) ”: *Орто жерге келгенде суу аттын жалын жаба берди* (“Жаш Ленинчи”). 5. “Кандайдыр бир башталган ишти аяктоо, токтотуу”: *Директор акыркы сөзүн сүйлөп, жыйналышты жапты. Бакалчылар майда- чайда буюмдарын жыйнап дүкөндөрүн жапты* (Жантөшев). 6. “Жашыруу, билгизбөөгө аракет кылуу, чыгарбоо” *Бир жамандыгын миңдин жакшылыгы жабат* (“Жаш Ленинчи”); *Акыйкаттан көрсөтүү, Айбын жаппай жашырып* (“Жазгыч акындар”). 7. “Ордун толтуруу, кемчил же жетишпеген жагын толуктоо, ордун бастыруу”: Чыгымдалган каражаттарын түшкөн пайданын эсебинен ***жапты*** сыяктуу маанилерге ээ [КТТС,1969, 306].

Байыркы түрк тилдеринде ***йап*** 1. строитъ, делатъ: ***Еч там йапты***- мужчина возвел стену*;* ***йап*** 2. покрыватъ: ***Сү келди йер йапа гарар чар***- пришло войско, (лошади) роют снег, покрывая землю (снежной пылъю) жана “закрыватъ” ***Ерйгапуг йапты***- мужчина закрыл дверъ*;* ***Йап*** 3. прикладыватъ, приклеиватъ- ***ичлар өтмөк йапты***- женшина прилепила лепешку (к стенке тандыра) болуп кездешип, кыргыз тилинде маанилери сакталып калган. Ал эми башындагы тыбыштардын алмашып айтуусу боюнча Махмут Кашгари “Сөздөрдөгү айырмачылыктар бир нече тамгалардын ордуна башка тамгалар алмашып келишип, же болбосо кээ бир тамгалардын түшүп калышынан болот”. Мис. Огуздар менен кыпчактар менен “***йа***” тамгасы “алиф” тамгасына же “***жийм***” тамгасына алмаштырып айтышат”. Ошентип түрктөр “***йылыг сув***” десе алар болсо “***ылыг сув***” дешет-деп белгилейт [МК, ТТС, 1, 92]. Байыркы түрк тилинде сөз башындагы *ж* тыбышынын *й* тыбышына алмашкан сөздөр кеңири кездешет: ***йазым*** (жазым), ***йүгүн***(жүгөн), ***йап***(жап), ***йаптыг*** (жаптык), ***йугуркан*** (жууркан), ***йаыч***(жаа+уч), ***йанлык*** (жандык), ***йулор***(жолдор), ***йип*** “жип” ж.б. Жогоруда кеп кылынгандай, *жабуу* десек боз үйдүн жабуусун, атка тиешелүү жабууну элестетебиз. Ал эми түшүндүрмөсүндөгү *көрпөчө* сөзү кыргыз тилинде төмөнкүдөй эки мааниде колдонулат: 1. “Алдыга салынуучу ичке төшөк” жана 2. “Ээрдин үстүнө салып, басмайыл менен тартылуучу кичине төшөк”. Сөздүн уңгусу *көрпө* болуп, кыргыз тилинде “козунун, улактын тармал жүндүү териси” маанисинде да колдонулат. Ушундай көрпөчөнүн баштапкысы козу, улактын жүндүү терисинен жасалып, кийин ичине жүн, кебез салынган ар кандай кездемеден тышталган жерге салынуучу төшөктөр аталып калган. Көбүнчө тилибизде *төр көрпө// төр көрпөчө* же *жер көрпө// жер көрпөчө* болуп айтылат. Мындай *жууркан-төшөк* маанисине өтүшүн түндүк диалектиде кездештирүүгө болот: *Дарбаза ачылган кезде көрпө- төшөктөрдүн, кийиз- кийимдердин жайылуу турганы көрүндү* (Абдукаимов) [КТТС,1984, 577].

***Кува*** – жүгөндүн аттын таноосуна кадалган кайыш бөлүкчөсү [МК,ТТС,III,361]. Байыркы түрк тилдеринде жогорудагы ***кува*** сөзүнүн ***куу // ку*** уңгусу көпчүлүк учурда териден жасалган буюм-тайымдарда кеңири кездешет. Бул уңгунун баштапкы мааниси өңдүк мааниде болушу ыктымал. Маселен, *күмүш* сөзү башка түрк тилдеринин көпчүлүгүндө *кумуш* турпатында кездешет. Ушул сыяктуу орус эле тилиндеги *күмүштү* туюндурган *серебро* сөзү өңүнө карата *серый* сөзүнөн жасалгандыгы көрүнүп турат. Кыргыз тилинде *куу* сөзү “Ак, агыш (кээ бир айбандардын же сакалдын, чачтын ж.б. түсү жөнүндө) ” деген маанини берет. Мисалы*: Куу тайган. Куу инген. Куу мурут. Куу сакал* ж.б. Ошондой эле *куу* болуп өрдөк тукумуна кирүүчү көбүнчө ак түстөгү мойну узун жана кооз келген, сууда жашоочу келгин куш да аталат. Ушундан улам өсүмдүк болобу, башка нерсе болобу айтор, суусу жок кургап калган нерсенин өңдүк баары эле жагдайына карап, *куу* (кууруган, кургак, нымсыз Мис. *Куу карагай, Куу отун ж.б.*) болуп кездешкенин байкайбыз. Мисалы ушул *куу* сөзүнүн ушул мааниде*–ыр* мүчөсүнүн уланышы менен сын атоочтук маанини берет *куур* (Эскирген, каткан, кууруган (көбүнчө териден жасалган кийим жөнүндө). М.*: Куур тон, Куур шым* [КТТС,1969, 367]. Ошондой эле этиштик мааниге өткөн *куур* сөзү казанга, табакка ж.б. азыраак май салып, бирок суу куйбай картошканы, этти, балыкты ж.б. ысык өткөрүү, кызытуу аркылуу бышыруу; эгинди талкан кылышка, жөн жешке ж.б. даярдоо үчүн куру казанга от менен какшытуу, кызытуу маанисинде колдонулат. Ушундан куурдак (“Майга куурулган эт”) сөзү пайда болгон. *Куу* сөзү семантикалык өзгөрүш-жылышка учурап, сындык мааниден “катуу” маанисине өткөндө, ал өнүмдүү уңгу катары: *куура* “Солуп жана катып калуу” (өтмө маанисинде “Кыйналуу, кысталуу, кордук көрүү. Мис. *Бай-манаптын тушунда айдалып жүрүп куурадым* (Токтогул), *Куураган (куу+ра+ган)* “Өспөй калган өсүмдүк”; *куурай (>куу+р+ай)* “Жетилгенде, куурганда сөңгөгү катуу болуп калуучу жана көбүнчө отун катарында колдонулуучу өсүмдүктүн жалпы аты”; *куургуч (>куу+р+гыч*), “Эгин ж.б. кууруш үчүн колдонулуучу башына тоголоктоп кийиз байлаган таякча”; *куурдак (>куу+р+дак)* “Майга куурулган эт”; *куурма//куурма чай* “унду майга кууруп, ага сүт, суу, суу жана кайнатылган чай кошуп даярдалган суюк тамак”; *куурмач* “Куурулган дан, майга куурулуп тамакка кошулган катык (эт, пияз ж.б.) ” ж.б. сөздөрдүн курамында кездешет. Ушул ушундан иштетилген тери, андан жасалган буюм-тайымдар да аталган. Маселен, *куурчак (>куу+р+чак):* “Адамга көбүнчө балага окшоштурулуп жасалган буюмдардын оюнчугу”. Куурчактын баштапкысы териден жасалгандыгы анык болду. Мындан тышкары, *кур* “Булгаарыдан, кайыштан жана сызма сыяктуу башка материалдардан, узун жазы белди бууш, байлаш үчүн жасалган буюм, белге курчала турган нер-

се”, *куур (>куу+ыр*) “Эскирген, каткан, куудураган тон, шым” сөздөрүнүн өзөгүн *куу* сөзү түзөт. Ошондой эле *курактын (>куу+р+ык*) баштапкы мааниси теринин кесиндилерин бириктирип жасалган буюмду туюндурган болсо, азыркы мезгилде ар кандай кездеменин өөн, кесинди, кыйыктар жана алардын бириктирилген үй буюму маанисинде колдонулат. *Куржун (куу+р+жын*) (арта салынып жүрүүгө ылайыкталып жасалган ортосу бириктирилген эки көздүү баштык) да баштапкысы териден жасалгандыгы белгилүү. *Куртка (>куу+р+т+-ка*) “Көйнөктүн сыртынан кийүүчү эркектердин кыска кийими” Махмуд Кашгариде этиштик мааниде ***йа курдук*** – ал жаа тартты [МК,ТТС,ІІ,103] болуп кездешет. Бул жерде териден ичке тилинип алынган жаанын жиби болушу толук ыктымал. Ошондой эле “Диванда” өнүмдүү уңгу катары көптөгөн сөздөр да кездешет: *кува (куу(в)+а)*- жүгөндүн аттын таноосуна кадалган кайыш бөлүкчөсү [МК,ТТС,ІІІ,361], *кук (куу+ык)* – басмайыл. Мис. ***азар кукленди***- басмайыл тартылды. ***–ленди*** мүчөсү улануу менен этиштик мааниге өткөн. Ушул сыяктуу *боолонду* сөзү жасалат (***боо>баг*** “боо”). ***Курдук*** сөзү ***–лык*** мүчөсүнүн улануусу менен этиштик мааниге өткөн, ***кугуш (куу+гыш***) жаныбарлардын ийленген, же ийленбеген териси [МК,ТТС,І,643]. Бул сөз теринин өңүнө карата *куу* болуп баштапкы маанисин берет. ***Кугуш (куу+г+ыш)*** – жаанын огун түздөөчү курал [МК,ТТС,І,643], мындан биз окту түзөөчү курал териден жасалгандыктан, ушундайча аталышы ыктымал деген пикирге келсек болот. Ошондой эле бут кийим маанисинде “***ол кугышкы йаглатты***” - Ал бут кийимин ж.б. майлады [МК,ТТС,Іı,571], бул жерде да бут кийим териден жасалгандыктан *кугуш* аталышы мүмкүн***. Курмаан (куу+р+маан***) – саадак. Өгүз, кыпчак тилдеринде төмөнкүчө айтышат: “***Киши курмаан*** – кын (зоот) менен саадак. Бул жерде *куу* сын атоочунан жаралган ***кур*** сөзү ***курман*** сөзүнүн негизги составдык бөлүгү болуп эсептелет. ***Курман (куу+р+ман)*** – кын (кылычтын кыны, бычактын кыны) [МК,ТТС,І,767] (Териден жасалган кын десек жаңылышпайбыз). ***Ич кур(куу+ыр)*** – белге таккан кур, белдемчи [МК,ТТС,І,573]***. Куршаг (кур+-шаг***) - кур, белдемчи [МК,ТТС,І,801]. ***Куршаг***- чатыр, боз үйдүн ортосунан айландырып байлачуу жүндүү аркан, аны дагы “***ев куршагы***”- үйдүн белдемчиси деп коюшат [МК,ТТС,І,801]. Бул сөздүн алгачкысы териден тасма кылынып, боз үйдүн ортосунан байлангандыктан, ***куршаг*** болуп аталып, кийинчерээк жүндүү аркан маанисине ээ болгон, ***куб (-куу+ыб)*** кумура [МК,ТТС,І,287]. Жогорудагы мисалдарды келтирүү менен сын атоочтук мааниден заттык мааниге өткөндүгүн көрүүгө болот. Ал эми байыркы мезгилде *кайыш* менен *кур* синонимдик негизде колдонулган.

Жыйынтыгында, жогорудагы сөздөр азыркы кыргыз тилинде архаизм аталган болсо, ал сөздөрдүн уңгулары азыркы тилибизде активдүү колдонулары анык.

***Адабияттар***


*1. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.– Ф.: Мектеп,1969.– 778 б.*

*2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү: - Ф.: Мектеп, 1984.– 624 б.*

*3. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. 1-т. [текст]/Махмуд*

*4. Кашгари /Кыргыз тилине котор.:Т. Токоев,К.Кошмоков.– Бишкек,2011-906 б.*

*5. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү.2-т. [текст]/Махмуд Кашгари / Кыргыз тилине котор.: Т. Токоев,К. Кошмоков.– Бишкек,2012.– 591б.*

*6. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. 3-т. [текст]/Махмуд Кашгари /Кыргыз тилине котор.: Т. Токоев, К. Кошмоков.– Б., 2013.– 678 б.*

*7. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү [текст] / К. Сейдакматов.– Ф.: Илим,1988.– 332 б.*

*УДК:655.3.026*

***Г.К.Шакенбаева,***
*ф.и.к., доц. БГУ*

# УЗЧУЛУККА БАЙЛАНЫШТУУ СӨЗДӨРДҮН КЕЛИП ЧЫГЫШ ТАРЫХЫНАН

# ИСТОРИЯ ПРОИСХОЖДЕНИЕ СЛОВ СВЯЗОННЫЕ С МАСТЕРСТВОМ ВЫШИВАНИЕ

***Аннотация:*** *Бул макалада кол өнөрчүлүктүн тармактарынын бири болгон узчулукка байланыштуу бычмачы терминин теги жөнүндө сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *бычмачы, сөз, жазуу, саймачы, узчулук, көркөм өнөр, сөз теги.*

***Аннотация:*** *Одним из направлений художественного народного промысла является мастерство рукоделия. В этой статье рассматриваются вопросы, связанные с историей происхождения термина "закройщица".*

***Ключевые слова:*** *закройщица, слово, письмо, вышивальщица, мастерство вышивание, художственный промысл, происхождение слова (этимология).*

*In this article will be considered one of the term of art craft connected with needlewoman, cutter.*

***Key words:*** *cutter, word, letter, embroideress, needlewoman, art craft, origin of the word.*

Кыргыз эли байыртадан эле көркөм өнөргө шыктуу экендигин элдик оозеки чыгармачылыктын түрлөрүнөн байкайбыз. Океандай чалкыган улуу эпостордон тартып, кадыресе макал-лакап, лирикалык ырларга чейин кол өнөрчүлүк даңазаланып келген. Биздин байыркы ата-бабаларыбыз жашоо-турмушунун ар кандай жагдайларына тиешелүү түшүнүктүюмдарды, дүйнөнү таанып билүүгө карата болгон көз карашын, ата-салтын, ырым-жырымын, кол өнөрчүлүгүн дал ушул оозеки чыгармаларына чөгөрүп, келечек муундар үчүн ата мурасы багытында калтырган окшобойбу. Ага мисалды "Манас" үчилтигин баракгаган эле жерден табууга болот. Маселен, айтылуу ак тандай Саякбай Каралаевдин айтуусунда ак олпок:

"Жакасы алтын жеги жез,
Жез бадана торгой көз.
Кыш бадана торгой көз,
Келеме жака кер күрмө,
Керишке тийсе ок өтпөс,
Найзанын учу тешпеген,
Нар кескен огу кеспеген", - деп

сүрөттөлөт . Мына ушул саптардан байыркы кыргыз кыз-келиндерибиздин узчу, саймачы, тикмечи, бычмачы экендиги даана эле байкалып турат. Алар үчүн кийимдин көркөмдүгү, кооздугу, эр азаматтын жаш курагына ылайыктуулугу гана эмес, жоокерчилик ар кандай катаал шарттарына туруштук бере ала тургандыгы да эске алынат. Мындай кийимди жасап жаткан уздардан өтө кылдаттык, усталык талап кылынган. Ал үчүн устат ийне-жип, керектүү материалдан сырткары кийимдин түрлөрүнө жараша аны тигүүнүн, жасоонун ар түркүн технологиясын, сырларын жакшы билүүгө тийиш эле. Дагы бир жолу эпоско кайрылып көрөлүчү:

Көмүрүнө чыдабай
Көп токойлор кыйылган,
Көрүгүнө чыдабай
Көп букалар союлган
Сугатына чыдабай
Көп булактар соолгон,-деп

айтылат. Мындагы саптарда улуу уста Бөлөкбай бир эле кылычты жасоо үчүн канча көмүр жагып, көөрүк үчүн жүздөгөн буканын терисин керектеп, курчтугун, өткүрлүгүн чыңдоо үчүн кыйла булактын суусун зарптагандыгы айтылууда. Ырас, мында апыртма бар деңизчи. Апыртуу, ашыра мактоо көркөм чыгарманын бири экендигин моюнга алуу менен негизги ой кол өнөрчүлүктүн не бир сырларын, ыкмаларын даңазалоо, эл-журтка жеткирүү болуп жаткандыгын да эскерте кеткенибиз оң. Дал ошол түмөн түйшүктү аркалаган уздардан, устаттардын кажыбас эмгегинен жаралган буюм гана максатына жетери белгилүү. Анча болду "Манас"эпосунан дагы бир мисал:

"Ташка чапса май кескен,
Чөлжү чапса өрт кеткен,
Шилтегенде Манасың,
Душманыңардан баш кеткен,"- деп

сүрөттөлөт ачалбарс эпосто. Бул жерде курал жогорку устаттыкта жасалды деңизчи. Бирок, ал жеке ту-

рушунда эч мааниге ээ эмес. Качан Манас Аколпокту кийип, Аккуласын минип, Сырнайзасын каруугa алып, Ачалбарсын колуна алып, Айбалтасын белине кыстарып, жаасын далыга асынып майданга чыкканда гана Манастын чыныгы баатырдык келбети көз алдыга тартылат, даана түшөт. Демек, жогоруда биз айтып жаткан устат-уздардын жасаган буюмдары, куралдары жоокерчилик мезгилиндеги эр азаматтардын баатырдыгын камсыз кылуучу негизги шарттардын бири. Жалпылап айтканда кол өнөрчүлүк адамдын жашоотиричилигинин тигил же бул муктаждыгынан улам пайда болгон турмуштук көрүнүш.

Эмне үчүн биз саймачылык, бычмачылык жөнүндө сөз кылардан мурун "Манас" эпосуна кайрыла калдык? Анын себеби-бул . Улуу эпосто баса да, кыйыр да түрдө айтылып жактандай кол өнөрчүлүктүн башаты адамзат пендеси менен жашташ, эң байыркы. Мындан үч жарым миллион жыл мурун адам айбанаттан ажырап, бутуна тургандан тартып, бошой түшкөн эки колу менен кол өнөрчүлүктүн терини, жыгачты, темирди иштетүү менен кошо оймочулук, саймачылык, бычмачылык, тикмечилик өңдүү ж.б. салалаары пайда болгон. Аларга байланыштуу буюм–теримдердин, иш процесстеринин аталыштары жаралат. Демек, кол өнөрчүлүккө байланыштуу баштапкы терминдердин маани-мазмунун чечмелөөдө сөзсүз түрдө ошол байыркы учурдагы тарыхый шартка көз чаптырышыбыз керек. Андан башка учурда баштапкы терминдин төркүн-төсүн ачык, так чече албайбыз.

Мына ушул багытта биздин азыркы сөз кыла турганыбыз *пис//бис* деген аталыштар. Деги эле бул сөздүн тегин чечмелерден мурда кыскача мындай бир экскурс.

Байыркы адамдардын түшүнүгү боюнча бардык нерсе динге байланышкан. Башкасын койгондо да Библияда кудайдын оозунда алгач сөз пайда болгон деп айтылат. Бул-чынында эле диний түшүнүк Байыркы адамдар үчүн сөздүн пайда болушу, угуучунун мээсинде конкреттүү кубулуштай туюлуп, мындай нерсе бир гана кудайга тиешелүү деп эсептешкендери ырас. Ал эми жазуунун келип чыгышы андан бетер. Бул тууралуу И.Е. Гельб мындай дейт: "Представления о божественном происхождении письма засвидетельствованы повсеместно, как в древности, так и в наше время, как среди цивилизованных, так и примитивных народов. Оно связано главным образом с широкораспространенной верой в магическую силу письма. Повсюду, как на Востоке, как и на Западе, введение письма приписывается божеству. У Вавилонян письмо изобрел бог Набу. Египтяне верили, что изобретателем письма был бог Тот. По исламской традиции сам бог был создателем слова и письма и передал их через пророка Мухаммеда. Скандинавская сага приписывает изобретение рун, главному богу Одину и.т.д. [1.35-б.] Мындай тизмени узарта берсе түгөнө турган эмес. Андан калса "жазуу" берсе түгөнө турган эмес. Андан калса "жазуу" деген түшүнүктү туюндурган *пис-бис* терминин төркүнүн *пис* " "тычковое орудие" , андан письмо "жазуу" келип чыкаан деп түшүндүрүшкөн . Сөздүн өзүнүн түп башаты, *пис*, андан орустардагы "письмо", европадагы "птих"түшүнүктөрү келип чыкканын "болжолдоп" окумуштуу, Дж.Клосон мындай дейт: "Невежественные тюрки не могли сами не то, что создать систему письменных знаков, но даже скопировать согдийский алфавит, приспособить его под нужды своего языка". [2. 67-б.]. Бул өтө эле ашыра чапкан ой жүгүртүү. Дж.Клосондун оюнун жайылыш экендигин В.А.Истрин, В.А.Лившиц убагында баса көрсөтүшсө да, али ушул күнгө дейре сөз менен жазуунун чыгышын – индоевропа багытына бурушкан окумуштуулар чекеден табылат. Ошентсе да кол өнөрчүлүккө, анын ичиндеги сайуу, бычуу жазууга, байланышкан сөздөргө уютку болгон *пис//бис* деген сөздүн жаралыш башаттарына кайрылып көрөлү.

Тарыхтын түп башатында элдер топ-топ болуп, үңкүрлөрдө жашашкан. Жашоонун негизи эки багытта: биринчиси-мергенчилик, экинчиси-табигаттын даярдап берген жер-жемишин терүү (собирательство) багытында жүргөн. Ошондогу эл мергенчиликке, аң-улоого чыгардан мурун атайын жөрөлгөлөрдү (ритуал) жасашкан. Ал мындайча: атайын тегиз жерге айлананы чийип, анын ортосуна жаныбардын сүрөтү, балким ал элик, бугу эчки, теке, кулжа жана башкадыр, айтор аңчылык кылына турган сүрөт тартылган соң, алар айлананы тегерене чуркашып, ар бири колундагы учтуу курал менен аны сайышкан. Эгерде ошол курал айланып ортосундагы кийиктин сүрөтүнө сайылса, анда алар, "бүгүн биздин жолубуз болот"-деген ниетте өзүлөрүн-өзүлөрү ынандырып, мергенчиликке аттанып кетишкен сыяктуу. Кокус учтуу курал сүрөткө тийбесе же сайылбаса, анда "жолубуз болбойт"-деген пикирде эч жакка барышкан эмес. Ырас, бул-байыркы шаманизмдин, диний түшүнүктүн алгачкы белгиси деңизчи. Бирок, бизди кызыктырганы ошол куралдын *пис//бис* деп аталышы. Ал азыркы түшүнүк боюнча найза же, учу учталган, болгондо да "саюу" деген түшүнүктү туюндура турган куралдын аталышы. Орусча "тычковое орудие". Бул курал алгач жогортон төмөн карай тике саюуну гана туюнткан. Кымбаттуу окурманым, кулагыңызга күмүш сырга, куралдын ушул алгачкы жогортон төмөн карай саюу, тилүү, жаруу касиети жадыңызда кармап турсаңыз дегеним, сөз лексикалык маанайда улам маанисин өзгөртүп, башка түскө, кошумча боёкко ээ болгону менен түп башаттагы функциясын күнү бүгүнкүгө дейре жоготпоптур. Мисалы, кымыздын суусундук катары жетилүүсүндөгү бышуу процесси. Анда колдонулган бишкек< (быш+-кек этиштен атооч жасоочу мүчө же отглагольный аффикс) бээнин сүтүн жогортон төмөн карай сайып, жарып, кирчү курал эмеспи. Мен муну сөздүн азыркы кыябына карай айта койдум, ага сөздүк кийинки ыңгайында да токтолобуз. Ошентип, байыркы адамдар жогорку куралды убакыттын өтүшү менен эки багытта колдонушкан. Биринчиси-ритуалдык шамандардын сүрөттү сайышы маанайында. Жер үстүндө чийилген сүрөт дайыма эле формасын сактап тура бербейт экен. Шамал болот, мал-жан тебелейт дегендей. Аны кыйла мезгилдерге дейре сактап калуу үчүн, байыркы көчмөндөр сүрөттү таш бетине чийишкен. Андагы колдонулган куралды да *пис//бис* деп аташкан. Тил илиминде мындай көрүнүштөр кыйла. Салыштыралы : орто кылымда адамдар жазуу үчүн куштун канатын (перо) колдонушкан. Ал жазуу үчүн өтө ыңгайсыз эле. Куштун канатынын учундагы сыя эки-үч тамганы ашып кетсе бир сөздү жазууга гана жараган. Кийин жазуу процессин тездетүү жана жеңилдетүү макса-

тында сыяны тулку боюна көбүрөөк кармап турууга жарамдуу бөйрөктүү же курсактуу темир уяны ойлоп чыгарышкан да аны мурунку калыбында куштун канаты менен "перо" деп аташкан. Ошол сыяктуу таш бетине чийүүдөгү курал мурункудай эле *пис//бис* аталган. Экинчиси –дыйканчылыктын алгачкы учурунда үрөндү дал ошол курал аркылуу жерди тике сайып эгишкен. Эки учурда тең сөздүн мааниси бир-жогортон төмөн карай саюу. Ал эми саюу болгон жерде алгач жогортон төмөн карай тилүү, жаруу, кийинки учурда жыруу, чийүү, кесүү туюму келип чыгары айтпаса да түшүнүктүү.

Таш бетине чөгөрүлүп тартылган алгачкы сүрөт тил илими боюнча пиктография деп аталары белгилүү. Кыргыз жергесиндеги Саймалуу-Таш, Чолпон-Ата, Кетмен-Төбө, Кочкор, Баткен өрөөнүндөгү пиктографиялык сүрөттөрдүн тартылышы чийүү, жыруу, тилүү ыкмасы менен пайда болгон. *Пис//бис* мурун "тике саюуну" түшүндүрсө, эми таш бетин "тилүү, жыруу, чийүү" түшүнүгүнө ээ болуп, андан писик//бисик, пичик//бичик, питик//битик, "жазуу" мааниси өнүп чыкты.

Түрк тилинин табиятына ылайык бул сөз наречиелерде жогоркудай ар түрдүү айтыла берген. Анын тыбыштык түзүлүшүнө карай ар башка сөз дегенге болбос. Бул –бир эле сөздүн тектеш тилдердеги варианттары. Анын үстүнө уңгунун (*пис//бис*) башталышындагы п/б акырындагы с//ч, ш//т тыбыштарынын бири-бирине өтүүсү закон ченемдүү. Салыштыралы: пияз-бияз-мияз. Түрк тилинин фонетикасына ылайык тыбыштар бир орундан, бир ыктан жасалса, алар бири-бирине өтө берет (чередование).

Ошентип питик//битик "жазуу" дегенге кийин кошумча маани жүктөлүп "китеп" дегенди да түшүндүргөн. Бизге чейинки окумуштуулар пис//бис/пич//бич сөзүнүн баштапкы мааниси "саюу, жаруу, тилүү, кесүү, чийүү" экендигине көңүл бурушпай аны "жазуу" деген мааниден тагыраак айтканда, В.В.Радлов, С.С.Васильев, С.Е.Малов сыяктуу окумуштуулар пис//бис/пич//бич жазуу сөзүн кытайдын пи "кисть, кисточка (для писания тушью) сөзүнөн алып чыгышат. Ага белгилүү түрколог Э.В. Севортян өзүнүн эмгегинде "небезупречна, так как в тюркских источниках не зарегистрировано существительные тип пи"-деп каршы чыккан. [3. 306-б.] Ушуга удалаш ойду Г.Дерфер минтип сунуш кылат; "... излишними предпринимавшимся попытки сравнить тюрксое битиг и битик с санскритским pifaka, pidaka "документ".[4.27-б.] Бул–туура сунуш. Индоевропа тилинде битик сөзүнүн аты тургай жыты жок. Эгер бар болсо, тил илиминин ийне-жибине дейре казышкан илимпоздорунун бири аны эмдигиче таап чыкмак. Андан көрө түрк тилдеринен ооп барып, бул сөз ал тилдердин фонетикалык өзгөчөлүгүнө жараша ар кандай угумда айтылып калган деш чындыкка алда канча жакындай туюлат. Ага мындай бир мисал. Биздин эрага чейинки биринчи миң жылдыктын акыры ченинде Римде "птих" сөзү пайда болот. Ал жылмаланган тактайга жазуу үчүн колдонула турган таякчаны түшүндүргөн. Аны жипке бирден, экиден, үчтөн байлап алып жүрүшкөн. Ошондон кийин Римде du-ptich, tri-ptich аттуу чакан китепчелер (записная книжка) пайда болот. Айрыкча tri-ptich китепчесинин пайда болушу адабият, сүрөт искусствосунда көбүрөөк колдонулуп, триптих аттуу жанрдын жаралышына өбөлгө түзгөн. Деген менен ушул сөздөрдүн башатында пис//бис-пич//бич- пит//бит-питик//битик турган. Жогору жакта биз индоирандыктардагы pifaka, pidaka сөздөрүн түрктөрдүн питик//битик сөзүнүн пайда болушуна негиз болгон деген айрым туура эмес ойлор тууралуу сөз кылган элек. Чынында ал сөз алгач түрк элинде пайда болуп, андан соң индоирандыктарга "жазуу", кийин жазуудан чыккан иш кагаздарынын маанисине өтөт. Караңыз: питик "письмо, книга" , pitica//pidak "грамота, документ"[5.27-б.] Ошондой эле Индоевропа тилдеринде саюу, жаруу тилүү, жыруу, чийүү түшүнүгүн да фонетикалык жагынан таптакыр башка сөздөр менен беришет: копни, коли, режь ж.б. пич//бич угумундагы сөз такыр башкача, ага да көңүл бөлөлү:

di ломать, дробить, давить.

И.е.: др.-инд.pis-ta "размолотить", авеста pisant растаптывающий, литовск. pis-ti "обмалачивать", латинск. pis-no "раздавливаю", ст.славянск. pbx-ati "совет (кандайдыр, бир нерсени койнуна же көңүлгө салуу, катуу-Ш.Г.) [6.332-б.].

Карт: bic "крошить",др.груз "крохи",па- bic "крошка (хлеба)",сван. bick "разломать" драв:тамил. Pic-ai "разминать пальцами, лущить зерно",малая pisitu "шелуха фруктов",кота. Pick "сжимать, щипать", тулу pisiki "сжимать, месить".[7.12-б.]

Жогорку мисалдардан көрүнүп тургандай эле тилдик башка ири топтордо түрктөрдүн саюу, жаруу, тилүү, чийүү, кесүү, бышуу түшүнүгүн бере турган пис//бис түп уңгусу жок экен. Бул тууралуу көрүнүктүү компоративист, ностратикалык уюткуну изилдеген Иллич-Свитыч да сөз кылбайт. Жыйынтыктап айтканда пис//бис сөзү туунду маанилери менен түрк тилинин кыртышында гана өнүгүп, кийин элдердин бирибири менен болгон саясий, экономикалык, маданий байланыштардан улам калган чөйрөгө тараган десе болот. Анча болду орус тилиндеги "письмо" жөнүндө бир-эки ооз сөз. Биздин эранын нары-бери жагында түрк эли орустар гана эмес, байыркы Византия, Балкан, Карпат, ал турмак Рим, Греция, Франция, Испания жерине чейин улуу көчтүн жүрүшүн археологиялык, антропологиялык, лингвистикалык тармактардан сырткары генетиктер да далилдеп чыгышпадыбы. Демек, биз айтып жаткан сөз ошол учурда, балким андан кийин "жазуу, сызуу, китеп" андан "документ, грамота" формасында өткөн болуу керек. Анткени, письмо орус тилинде дал ушуну түшүндүрөт. Эгерде кептин чынын айтсак, аны биз-түрк тилинин адистери ушинтип айтып жатабыз. Ал эми славистгер "письмо" сөзүнүн келип чыгышын башкача карашат. Көрүнүктүү лексиколог М.Фасмерди барактап көрөлү:

Письмо множ. письма, укр. письмо, беларусь пiсьмо, болг.писмо, серб.-хорв. писмо, славен.pismo чеш.-сла.pismo, пол.pismo, ст.слав.писмя. От писать обычно сближают с лит. piesimas, -"рисования, мазия"[.8.224-б.].

Болгон түшүндүрмө ушул. Ал түрмөк "письмо" менен "пёстрый " сөзүнүн маанисин, түбүн бир карайт. Ошондогу ой боюнча "пятно" "делать пятно" мазать "рисовать" "писать" багытындагы семантикалык өнүгүү келип чыгат окшобойбу. Бул деги эле акылга сыйбаган иш. Андан көрө түрктөрдүн "тилүү, жыруу, чийүү" түшүнүгүн берген пис//бис термини чындыкка

алда канча жакын. Жазуунун пайда болушун, келип чыгышын окуган адам алгач кайыңдын кабыгын, андан соң ташты, кийин кагаздын бетин чийүүдөн, тилүүдөн улам жазуу чыккандыгын баамдайт.

Түрк тилдеринед пис//бис сөзүнүн мааниси бир нече багытта өнүккөн. Карап көрөлү:

1. пис//бис "тычковое орудие" . Жерге үрөн себүү үчүн жогортон төмөн саюу. Ритуал катары тартылган сүрөттү саюу. Ушул саюу мааниси таш бетине сүрөт тартуу үчүн жыруу, тилүү, чийүү түшүнүгү ээ болот да, андан жазуу, китеп аталышы келип чыгат.

2. Талданып жаткан сөз варианттары пиш//биш. Түрк тилинин эрежесине ылайык ал пыш//быш, мыш//быш ж.б. өзгөрүшү мүмкүн. Бардыгынын тең мааниси бир. Бирок, пыш//быш –туунду көрүнүш, караңыз: пис//бис > пыш//быш . Мааниси-жаруу, тилүү, сайуу. Кыргыз тилинде "кымызды быш, казанга салган өпкөнү быш", же кимдир бирөөгө жини келсе "бычак менен бышып алармын"-деп айтышат. Мында да тилүү, жаруу түшүнүгү бар. Кымызды кыймылга келтирип турган бишкек сүттү тилип, жарып кирет эмеспи. ошондон улам быш+уу=бышуу; биш+кек=бишкек аталышы келип чыккан.

3. пыч//быч. Бул сөз деле жогоркулардын бир түрү, бирок туунду. Мааниси-кес. Баштапкы учурда бир нерсени бөлүү, жаруу, ажыратуу маанисинде колдонулса, кийин ал "максатка ылайыктуу жүргүзүлгөн иш процессин" туюндурган. Мисалы, айтылуу келин Каныкей каңдагайдын терисин бычып жаткан учурда аны жөн гана тилип таштабастан, келечекте кийиле турган кийимдин "жакасы, жеңи, өңүрү, этеги, каптaлы, кашаты, багелеги сыяктуу элементтерге ылайыктап кесүү, тилүү туюму" мааниси пайда болот. Мындай процесстик ишти өздөштүргөн адамды "уз" же бычмачы деп аташкан. Бул аталышта сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы чоң роль ойногон. Караңыз: быч+уу (этиштен атооч жасоочу мүчө. Салыштыралы: оку+уу, жаз+уу, чий+үү, ж.б.); быч+ма (этиштен атооч жасоочу мүчө, салышт: кеч+ме, бас+ма, сүз+мө ж.б.); быч-ма+чы (атоочтон атооч жасоочу кесиптик маанайдагы мүчө, салыштыралы: сайма+чы, уй+чу, кой+чу, түймө+чү ж.б.).

4. пыч//быч –"кесүү, оруу, чабуу", пыч//быч уңгусуна атооч түркүмүн жасоочу –ан мүчөсү улануу аркылуу "пычан" сөзү пайда болот. Оруп-жыюуга жетилип калган чөптү туюндуруучу бул сөз бүгүнкү күндө кыргыз тилинин түштүк диалектисинде, ошондой эле өзбек, түркмөн, азербайжан, кумык, гагауз өңдүүтилдерде пычан//бышан, пишен//бишен ж.б. варианттарда колдонула берет.

Ошентип, биз "бычмачы" деген сөздүн төркүн-төшүн таржымалдоодо тил тарыхына көңүл буруу менен байыркы түрк тайпасы, канатташ жашаган коңшу элдердин маданиятына таасир бергендигин баамдадык. Бул тууралу белгилүү түрколог. А.М.Щербак : "Тюркские народы вправе гордится высоким уровнем развития культуры в стиль отдаленное время, обретения специфических форм государственности и связанных с ними самобытных институтов, ощутимым вкладе в развитие мировой цивилизации". [9.56-б.] Түрк элинин маданиятына берилген бул жогорку баага ыраазы болуу менен макаланы аяктасам.

***Адабияттар***

*1.Гельб И.Е. Опыт изучения письма (Основы грамматологии). –М., Аспект Пресс, 1982.- 110 стр.*

*2. Клоссон Дж. Происхождение тюркского «рунического» письма / Пер. с англ. .Д. и Е.А. Васильевых -М.,1971. - 135 стр.*

*3. Севортян Э.В. Этимологический словарь тюркского языка (Общетюркские и межтюркские основы на букву «Б») АН СССР. Ин-т языкознания. — М.: Наука, 1978. — 349 стр.*

*4.Дёрфер Г. О языке гуннов /Пер. с нем. В.Г. Гузева. –М.,1973, N1, 50 стр.*

*5. Левшин В.А. О происхождении древнетюркского рунического письма.- Санкт-Петербург., 1978. -93 стр.*

*6. Иллич-Свитыч В.М. Опыт сравнения Ностратических языков. Сравнительный словарь. – М., Наука, 1971. – 412 стр.*

*7. Сулейменов О. Тюрки в доистории. О происхождении древнетюркских языков и писменностей. – Алматы, 2002. 30 стр.*

*8. Фасмер М.Этимологический словарь русского языка.- Т., 111.- М., 1972. 797 стр.*

*9. Щербак А.М.Тюркская руника. Происхождение древнейшей письменности тюрок. Спб., Наука, 2001.- 147 стр.*

*УДК. 811.512.156:811.512.1*

***Доржу Чургуй-оол Михайлович***
*Тувинский институт гуманитарных и прикладных*
*социально-экономических исследований,*
*к.ф.н. ведущий научный сотрудник сектора монголоведения,*
*Россия, Республика Тыва, г.Кызыл*
*E-mail dorzhubey@mail.ru*

# ОБ ИСКОННЫХ ОСНОВАХ ТЕРМИНА БИЖИК ~ БИЧИК «ПИСЬМО, ПИСЬМЕННОСТЬ» В ТУВИНСКОМ ЯЗЫКЕ

# ABOUT ANCESTRAL BASICS THE TERM BIZHIK ~ BICHIK "LETTER WRITING" IN THE TUVA LANGUAGE

***Аннотация**: Есть термины в тувинском языке принятые считать заимствованиями. Однако корневую основу отдельных, наиболее известных из них, составляют слова, достоверно раскрывающие истинное ее происхождение. Отмечены они в древнетюркских источниках.*

***Ключевые слова:** основные признаки заимствований, достоверные источники, исконные основы терминов.*

*There are terms in the Tuva language adopted considered borrowings. However, the root basis for individual, the most famous of them, make up words, reliably revealing its true origin. They are marked in the ancient sources.*

***Summary:** the basic signs of borrowing, reliable sources, original framework terms.*

По мнению исследователей, первая волна тюркизации аборигенных племен, проживавших на территории Тувы (конец 1-го тыс. до н. э.), была связана с *гуннами (хунну)*, значительно более поздние волны – с *уйгурами* (середина VIII в.) и древними *кыргызами* (IX в.). Позднее на территорию Тувы переселились отдельные монгольские племена (XIII-XIV вв.), которые были постепенно ассимилированы местным населением. [1,17] Существует мнение, согласно которой источник появления части слов, имеющих сходное звучание и значение в тюркских и монгольских языках, в настоящее время неизвестен и едва ли может быть точно установлен. [2,21-22] Кроме того, методами собственно фонетического анализа также невозможно определить, являются ли слова заимствованными из тюркских языков в монгольские и наоборот. [3,17; 4,30] Что касается тувинского языка, по рассматриваемому вопросу он стоит несколько особняком среди тюркских языков, так как существующие факты свидетельствуют о достаточно древних и интенсивных контактах предков тувинцев с монголоязычными группами и племенами. Контакты предков тувинцев с монголоязычным населением существовали и до XIII в., и результаты этих контактов можно выявить и в лексике тувинского языка. [5,103]

При определении заимствований, исследователи, зачастую, выделяют следующие основные признаки: совпадение (в идеале - полное) фонетической оболочки и семантики рассматриваемого слова в монгольском и тувинском языках. И, в этой связи, рассмотрим этимологию слова *bi`žік,* в тувинском языке имеющего значения: 1) письмо; 2) письменность; 3) письменное обращение; 4) записка. Тюркологи убеждены, что тув. *bi`žік* - монголизм, мотивируя тем, что слово по всем параметрам совпадает с монг. *bičig,* кроме того по количеству монголизмов тувинский язык занимает одно из ведущих мест в тюркской семье языков, и в нем отсутствует термин *bitik* - «письмо», являющийся, в свою очередь, китайским заимствованием.

Слово *«бичхэ»* (в найхинском диалекте) и *«битхэ»* (в бикинском и кур-урмийском диалектах) в нанайском языке является заимствованным. В маньчжурском языке *«битхэ»* означает: письмена, письменность, сочинение, книга. В письменно-монгольском *«bičig»,* заимствовано из тюркских языков, означает: письмо, письменность, бумага, удостоверение, сочинение, книга. В монгольском языке *«бичи»* означает писать, *«бичиг»* – письмо, письменность. В бурятском языке *«бэшэ»* означает писать; *«бэшэг»* – письмо, письменность. В эвенкийском языке *«бит΄ик, бичик»*, заимствовано из монгольского языка, означает письмо, документ. В солонском языке *«битиг, битэг»* означает письмо, надпись. В негидальском языке *«битэхэ»* (нэпский говор южного наречия) означает письмо, *«битэхэлэ»* – писать. В орочском языке *«битхэ»* – письмо, письменность, грамота, бумага, документ. В ульчском языке *«битхэ»* – письмо, книга; *«битхэлэ»* – писать. В орокском языке *«бичихэ»* – письмо, книга, паспорт. Как видим, фактически во все тунгусо-маньчжурские и монгольские языки слово, означающее письменность, вошло из древнетюркских

языков. Результаты исследований достоверно указывают о том, что монгольский язык испытал сильное влияние от тюркских языков, так как в нем имеются термины, являющиеся исконными тюркизмами, попавшими в древние времена. В этой связи, в качестве примера приведем этимологию ключевого термина *бижик* `письмо`, бытующего в современном тувинском и монгольском языках.

При определении заимствований, исследователи, зачастую, выделяют следующие основные признаки: совпадение (в идеале - полное) фонетической оболочки и семантики рассматриваемого слова. Термин *bi`žiк* в тувинском языке имеет значения: 1) письмо; 2) письменность; 3) письменное обращение; 4) записка. Тюркологи убеждены, что тув. *bi`žiк* - монголизм, мотивируя тем, что слово по всем параметрам совпадает с монг. *bičig*. Кроме того, убеждены в том, что по количеству монголизмов тувинский язык занимает одно из ведущих мест в тюркской семье языков, и в нем отсутствует термин *bitik* - «письмо», являющийся, в свою очередь, китайским заимствованием.

Слова со значениями «письмо», «письменность» в тюрко-монгольских языках выглядят следующим образом: бур. *bešeg* - «письмо, письменность»; др.-тюрк. *bitig* - «надпись», «книга», «грамота»; алт. *bičig,* хак. *pǐčǐk* , хак. (саг.) *mǐčǐk* - «книга», «грамота», «письмо» (<монг.); сиб.-тат. *bötök* - «надпись»; ср.-монг. *bičik*, даг. *biteg,* калм. *bičg*, монг. *bičig* - «письмо», «грамота». [6,28]

Понятие «письмо», «письменность» у предков тюркоязычных народов, по-видимому, появляется примерно в VI-VIII вв. в связи с созданием орхоно-енисейского рунического письма. В рунических памятниках в значении «письмо» зафиксировано слово *bitik*, которое, по мнению исследователей, является китайским заимствованием [7,54-93] *biti* (от кит. *bi, pir <pjet* - «кисть для письма») - «вырезать надпись»; «писать» > тюрк. *biti- ~ piti- ~ biči-* - «писать» + *-k* (аффикс, образующий результат действия) > *bitik ~ bičik* - «книга». [8,45] К китаизмам в тюркских языках относятся термины, относящиеся к различным тематическим группам, в том числе слова *bitik ~ bičik* - «книга». [9,54] Кроме того, в др.-уйг. *bitig:* 1) книга; 2) процесс письма; *bitig taš* - «камень с надписью»; *bitigči* - «писец». [10,103]

Слово *bitiк* почти во всех тюркских языках имеет одинаковую фонетическую оболочку и единую семантику**:** тат., башк., ног., каз., к.-калп, кумык., к.-балк., кар., кирг., узб., гаг., аз., тур., к.-тат., туркм., уйг. *bitiк* «письмо». Данное слово есть в тунгусо-маньчжурских и монгольских языках. Ср. ма. *bitȟä* - «письменность», «сочинение», «книга», нан. *bitčȟä* - «письмо», «письменность», «грамотность», «книга», ульч. *bitȟä* - «письмо», «книга», эвенк. *bitiк, bičiк* - «письмо», «документ», п.-мо *bičig* - «письмо», «письменность», «бумага», «документ», монг. *bičiȟ* - «писать», *bičig* - «письмо», «письменность». В монгольских диалектах внутренней Монголии *bičig:* 1) письмо; 2)запись, записка; *bičiȟ* - «писать»; *bičääč* - «писарь». [11,122] Наблюдаемая картина развития семантики слова *bitiк* в разных языках от первичного, наиболее общего значения «письмо» к всё более конкретным значениям, различным для каждого языка, объясняется, по-видимому, тем, что языки, как и сами носители их, развивались самостоятельно в разные периоды истории.

О древности понятий «чертить», «писать» могут свидетельствовать следующие факты: например, изначально производилось нанесение зарубок, начертание знаков, выскабливание или вырубание знаков и букв на твердых предметах с целью сохранения слова или текста и увековечения сведений об авторе.[12,8] К таким формам письменности, безусловно, относится древнетувинский вариант рунического письма, появление которого в Верховьях Енисея датируется примерно VIII в. Процесс его формирования, по-видимому, происходил стихийно, так как не были выработаны единые правила оформления букв и знаков, что нередко отражалось на качестве и стройности выбитых рунических знаков на каменных стелах. По-видимому, основную важность представляла передача содержания текста. После завершения эпитафии, ставилась, в качестве отметки, родовая тамга, т.е. специальный знак –печать.

В сохранившихся рунических памятниках на территории Тувы и Хакасско-Минусинской котловины отмечены следующие слова, связанные с понятиями «письмо», «писать»:

1. гл. *biti-* - в 4 строке ***Е-42*** (Бай-Булун I) из Центральной Тувы: *bitidim* «написал (я)».

2. сущ. *bitigči «писарь»* встречается в 7 строке памятника ***Е-32*** (Уйбат III) из Хакасии. [13,161]

Памятники рунического письма Горного Алтая относятся к наименее изученным в лингвистическом плане, и по сей день вызывают оживленные дискуссии среди ученых. В 2012 г. коллективом авторов: Л.Н. Тыбыковой, И.А. Невской и М. Эрдал был выпущен «Каталог древнетюркских рунических памятников Горного Алтая». Представляет интерес в данном издании расшифровка слова *bičig (или bitig)* в памятнике *Калбак-Таш XXI (А-42),* который был открыт В.Д. Кубаревым в 1987 г. Приведем варианты прочтения сочетания слов, отмеченного знаками   в строке № 1 памятника. [14,86] Впервые текст памятника был расшифрован Д.Д. Васильевым. Строка текста, где отмечено интересующее нас слово, в его прочтении выглядит следующим образом: *igü* ***bičig*** *ili*…(Страна **надписей** …). Прочтение И.Л. Кызласова: *igü* ***b(e)z(ä)g****(ä)li*… (С момента как **резец**…). [15,130] Расшифровка Л.Н. Тыбыковой, И.А. Невской и М. Эрдал: *(ä)šgü* ***b(ä)z(ä)g****(ä)li* (для **вырезания** коз …). В целом, получаются следующие варианты расшифровки слова близкие к понятию «писать» в предполагаемое время: 1**.** ***bičig*** (надпись); 2. ***b(e)z(ä)g*** (резец); 3. ***b(ä) z(ä)g*** (вырезание). Несмотря на разночтения, все же ближайшие значения его сводятся к понятиям **«надпись», «резать», «резец»** и т.д.

Приведем расшифровку слова, имеющего значения «писать» из другого памятника Калбак-Таш XIII (А-46): . Данное слово в тексте № 2 в прочтении Д.Д. Васильева звучит так: ***bičidim -*** *«(я) написал».* Прочтение И.Л. Кызласова: ***b(i)t(i)d(i)m*** *«(я) написал».* Прочтение Л.Н. Тыбыковой, И.А. Невской и М. Эрдал: ***b(i)t(i)d(i)m*** *«(я) написал».* [14,90] Представляет интерес то, что в «Каталоге…» рунический знак  в латинской транслитерации отмечен как [č] (См. стр. 29). Не очень понятно, почему И.Л. Кызласов и авто-

ры издания данный буквенный знак трактуют как [**t**]? Ведь Д.Д. Васильев расшифровал её правильно как [č].

Л.Р. Кызласов, признавая явным монголизмом слово *bičig,* отмеченное в тексте **Е-37/2** из Хакасии, считает, что использование енисейского варианта рунического алфавита не территории Хакасии и Тувы продолжалось и в XIII-XV вв. [См.16]

Говоря о древнем тюркском влиянии на монгольские языки в ранние эпохи, А.В. Дыбо справедливо полагает, что «тюркские слова *biti-* - «писать» и *bitig* - «письмо», видимо, заимствовались в прамонгольское состояние, судя по переходу **ti* > **či*: ср.-монг. *biči-* - «писать», *bičik* - «письмо», «книга» SH, *bičeči* - «писец» HY, *biči-* - «писать», *bičik* - «письмо»...». [17,187]

Характерно то, что слово *bičik* на монгольской основе не этимологизируется. Возьмем слово *кесег* - «часть», «кусок», «обрезок», которое очень распространено в монгольских языках. На монгольской почве происхождение данного слова также необъяснимо. Данное слово есть во многих тюркских языках, в том числе и тувинском. Этимология его такова: гл. ***кес-*** - «резать», «отрезать» + аффикс ***-к,*** который распространен в тюркских языках.[18,56-57] Очевидно, слово заимствовано целиком. По-видимому, причиной появления тюркизма ***bičik*** в монгольском языке послужило заимствование вертикальной письменности и понятия «писать» монголами у древних уйгуров в XIII в. Свидетельством того, что слово ***bičik*** заимствовано в монгольский язык служит древнетюркская основа слова глагол ***bič-*** и аффикс отглагольных имен ***–ik.***

На материалах тувинского языка, относящегося к уйгуро-тюкюйской подгруппе уйгуро-огузской группы тюркских языков, примерная этимология слова такова**:** основа слова - глагол ***биш- ~ быш-*** «вырезать» + ***(и)к*** (отглагольное имя). Тув. глагол ***биш-~ быш- ~***: 1) резать острым предметом; 2) делать выкройку при рукоделии + аффикс ***(и)к***. Примеры**:** ***кез-*** «резать» + ***-ек*** «часть чего-либо»; ***чар-*** «разбивать» + ***ык*** «отколотая или разбитая часть (чего-либо); ***чор-*** «уходить» + ***-ук*** «поездка»*;* ***хөр-*** «продувать»+***-үк*** «кузнечный горн». Гл. ***биш-*** является производной формой от общетюркского глагола ***биш-*** в значении «резать». Примеры: ***біч-, быч-:*** 1) резать; 2) кроить; 3) кроить, жать; ***бічак -*** «нож»; ***бічки -*** «пила». ***Bi-*** «лезвие» ; ***біч-*** «срезать». [10,97-98] Примеры слов с глаголом ***биш-*** в тувинском языке**:** ***бижек*** < ***биш- + -ек*** «нож»; ***быжыг <*** ***быш-+ -ыг*** «крепкий, крепление»; ***быштак*** < ***быш- + -так*** «сыр приготовленный специальным отжимом»*;* ***быш- + кы*** «деревянное приспособление для разбалтывания кислого молока»*,* ***быжар-*** < ***быш- + -ар-*** «возделывать определенную форму, делать макет». Похожую структуру имеет и слово ***čečäk*** «цветок», являющийся тюркским заимствованием в монгольском языке. В памятниках отмечена форма ***čečäk -*** «цветок», «соцветие». [10,143] Словообразовательная модель её следующая: ***čeč-*** «цвести», «зеленеть» + ***- äk*** (отглагольное имя). [19,176]

Слово ***bi`žik*** в древнетувинском диалекте изначально, по-видимому, имело значение «надпись, которая вырезана или выкроена на камне при помощи острого предмета». В тувинском героическом эпосе, датируемом IX-XIII вв., есть сюжеты, где герой выбивает на скале письменный текст, адресованный близкому человеку. А такие слова и выражения как ***bi`žik*** - «послание, письмо» глагол ***bi`žiir (bi`ži-)*** «писать», постоянно встречаются в эпических произведениях и органически участвуют в сюжетных построениях.

Никаких достоверных данных о бытовании в Центральной Азии рунического письма позднее X в., по-видимому, все же нет. Вполне возможно, что к концу X в. оно было полностью вытеснено уйгурским курсивом. По мнению И.Л.Кызласова, лишь на верховьях Енисея, куда не проникло уйгурское письмо, возможно, руника ещё была в употреблении и в XII в. Вместе с тем, известный к настоящему времени фонд текстов памятников древнетюркской письменности в целом не введён в полном своём объёме в научный оборот и отсутствует возможность рассмотрения всех памятников как взаимосвязанного собрания автохтонных письменных источников. [20,40-47]

С усилением с XVII в. влияния письменного монгольского языка на тувинский язык и началом официального делопроизводства в Туве на основе старомонгольского вертикального письма, происходит расширение семантики слова ***бижик*** в тувинском языке уже за счет монголизма ***бичик.*** Появляются такие новые значения слова как ***бижик*** - «официальное письмо», «записка», «послание», «документ», ***бижээчи*** - «писарь», «делопроизводитель», ***бижимел*** - «письменный» и другие.

Что касается исконных терминов, обозначающих понятия «письмо», «чтение», то они в языке предков тувинцев, видимо, существовали с древности. Подтверждением тому является использование ими рунической письменности (абсолютное большинство письменных памятников найдены на территории Тувы). Кроме того, основу этнического состава тувинцев составили древние тюрки ***(тугю), уйгуры и кыргызы*** – народы, обладавшие письменной традицией.

В целом, под влиянием длительных исторических этноязыковых контактов предков тувинцев с монголоязычными группами и племенами, отдельные термины в тувинском языке, сохраняя свою корневую основу, расширили свои значения под влиянием старомонгольского вертикального письма. Это можем увидеть на примере исконного термина ***bi`žik*** в тувинском языке.

***Литература***

*1.Черемисина М.И., Тазранова А.Р.. Языки коренных народов Сибири.(Труды гуманитарного факультета НГУ). Новосибирск. 2006.*

*2.Кононов А.Н.. Тюркская филология в СССР. 1917-1967 гг. -М.,1968 – Сс. 21-22*

*3.Владимирцов Б.Я. Турецкие элементы в монгольском языке. «Записки ВО ИРАО», т. XX (Отд. оттиск), -СПб, 1911.*

*4. Санжеев Г.Д. К вопросу о тюркских заимствованиях в монгольских языках. «Лингвистический сборник». -Ташкент,1971.*

*5.Татаринцев Б.И. Монгольское языковое влияние на тувинскую лексику. -Кызыл,1976.*

*6.Щербак А.М. Тюрко-монгольские языковые контакты в истории монгольских языков. СПб. – Наука, 2005.*

*7.Шервашидзе И.Н. Фрагмент общетюркской лексики: заимствованный фонд. // Вопросы языкознания. 1989,№2.*

*8. Новгородский В.И. Китайские элементы в уйгурском языке. -М.,1951.*

*9. Баскаков Н.А. К проблеме китайских заимствований в тюркских языках / В сб. «Turcica et Orientalia. Studies in honour of Gunnar Jarring on his eightieth birthday» - Istanbul, 1987.*

*10. Древнетюркский словарь. Л.-Наука,1969.*

*11. Тодаева Б.Х. Язык монголов внутренней Монголии. Материалы и словарь. М. – Наука,1981.*

*12. Добльхофер Э. Знаки и чудеса. М. Изд.- Восточная литература, 1963.*

*13. Кормушин И.В. Тюркские енисейские эпитафии. Тексты и исследования. -М.: Наука, 1997.*

*14.Тыбыкова Л.Н., Невская И.А., Эрдал М. Каталог древнетюркских рунических памятников Горного Алтая. Горно-Алтайск, 2012.*

*15.Кызласов И.Л. Памятники рунической письменности Горного Алтая. Часть1. Горно-Алтайск,2002.*

*16.Кызласов Л.Р. Когда исчезла енисейская руническая письменность южносибирских тюрков. // Вестник Московского университета. Сер. 8. История,1992, №6.*

*17.Дыбо А.В. Лингвистические контакты ранних тюрков. Лексический фонд. Пратюркский период. -М.,2007.*

*18. Radloff W. Die Alttürk. Inschriften der Mongolei // Neue Folge. St.-P.: 1897.*

*19. Дмитриева Л.В. Из этимологий названий растений в тюркских, монгольских и тунгусо-маньчжурских языках. – Исследования в области этимологии алтайских языков. -Л.: Наука,1979.*

*20.Васильев Д.Д. Новые находки древнетюркских надписей в Туве. // Наследие народов Центральной Азии и сопредельных территорий: изучение, сохранение и использование. Часть I. - Кызыл: «Аныяк», 2009.*

*УДК: 372.881.1(575.2) (04)*

***Карымшакова А.Т.,***
*доцент БГУ*

# ТЕГИ СЫН АТООЧ, САН АТООЧКО ТИЕШЕЛҮҮ БОЛГОН ФУНКЦИОНАЛДЫК БӨЛҮКЧӨЛӨР

***Аннотация**: Бул макалада сын атооч жана сан атоочтон келип чыккан жалгыз, жеке, жалаң, бир бөлүкчөлөрү жөнүндө сөз болот. Түрк тилдеринин грамматикаларында булардын ар бири алда качан эле функционалдык бөлүкчө катары кабылданып келсе, бүгүнкү күнгө чейин кыргыз тилинин грамматикаларында жалаң сөзүнөн башкасы бөлүкчө катары эсепке алынбай келет. Ошондуктан кыргыз тилинин факты-материалдарынын неизинде бул тилдик бирдиктердин ар биринин бөлүкчөлүк касиет-милдети жана семантикасы жөнүндө сөз жүрмөкчү.*

***Түйүндүү сөздөр:** жалгыз, жеке, жалаң, бир бөлүкчөлөрү; сын атооч, сан атооч, функционалдык бөлүкчөлөр, бөлүкчөнүн мааниси.*

***Аннотация:** В данной статье речь пойдет о таких частицах, как жалгыз, жеке, жалаң, бир, произошедшие от имен прилагательных и числительных. В грамматиках различных тюркских языков каждое из вышеперечисленных слов с давних времен признается как функциональная частица, тогда как в грамматике кыргызского языка эти слова до сих пор абсолютно не считаются частицами, кроме слова жалаң. Учитывая это обстоятельство, в статье на основе фактических материалов кыргызского языка представлены функции этих единиц в качестве функциональных частиц, а также описана их семантика.*

***Ключевые слова:** частицы жалгыз, жеке, жалаң, бир; имя существительное, имя числительное, функциональные частицы, семантика частиц.*

***Abstract:** This article describes the particles jalgyz, jeke, jalang, bir, originated from the adjectives and numerals. The grammars of different Turkic languages recognized each of the above-listed word as a functional particle since the ancient times, whereas the grammar of the Kyrgyz language does consider them as functional particles, except the word jalang. Thus, based on the actual materials of the Kyrgyz language, the article presents the functions of these linguistic units as functional particles, as well as it describes their semantics.*

***Key words:** particles jalgyz, jeke, jalang, bir; noun, numeral, functional particles, semantics of particles.*

Кыргыз тилинде чыгыш теги боюнча сын атоочтон пайда болгон бөлүкчөлөргө **жалаң, жалгыз, жеке** деген синонимдеш сөздөрдү, сан атоочтон жаралган бөлүкчөгө жалгыз гана бир сөзүн ыйгарууга болот. Бул сөздөрдүн ичинен **жалаң** сөзү гана кыргыз тил илиминде өткөн кылымдын 60-жылдарынан бери өзүнүн баштапкы сын атоочтук маанисинен тышкары кызматчылык (бөлүкчөлүк) мааниде колдонулары кыргыз тилинин грамматикаларында белгиленип келсе (КТГ, 1964, 351-366; Давлетов, Кудайбергенов, 1980, 223-227 ж.б.), **жалгыз, жеке** жана **бир** сөздөрүндө ушундай эле кызматчылык (бөлүкчөлүк) маанилер болушу мүмкүн экени көз жаздымда калып келет. Антип айтып жатканыбыздын себеби көпчүлүк түрк тилдеринде мындан бир кылымга жакын мезгилде эле **жалгыз, бир** айрым түрк тилдеринде **жеке** сөздөрүнүн негизги толук лексикалык маанисинен тышкары кызматчылык, тактап айтканда, бөлүкчөлүк маанилери бар экени ал тилдердин факты-материалдарынын негизинде белгиленип келет. Ал эмес «Древнетюркский словарда» (-Л., 1969) **жалгыз** сөзүнүн нукура сын атоочтук маанисинен тышкары бөлүкчөлүк мааниси орун алары байыркы жазма эстеликтердин мисалында белгиленген. Эң кызыгы, бул сөз жазма эстеликтерде он түрдүү тыбыштык турпаттарда кезигери да маалым болду. Алар: **йалаңуз, йалыңуз, йалыңус, йалңуз, йалңус, йалнуз, йалнус, йаңуз, йалгуз, жалгуз** (ДТС, 1969, 227, 229). Мына ушул он түрдүү тыбыштык варианттардын ичинен ДТСте үчөө бөлүкчөлүк милдет да аткара алат деп тастыкталган. Алар: **йалаңуз, йалңус, йаңуз**. Ал эми калганы баштапкы өзүнүн сын атоочтук милдетинде колдонуларын ушул эле эмгектен көрүүгө болот.

***Жалгыз*** сөзүнүн байыркы түрк жазма эстеликтеридеги кызматчылык милдети жөнүндө өз учурунда белгилүү түрколог С.Е. Малов да белгилеп өткөн. Ал **jalnus** тыбыштык турпаттагы сөздү көрсөтүп, “один, только” деген семантиканы туюнтарын билдирет (Малов, 1951, 384). Г.Айдаров болсо байыркы орхон жазуусунун тилин изилдеп жатып, **йалнус**– «один, только лишь» деген маанидеги чектегич бөлүкчө экенин белгилейт (Айдаров, 1971, 237).

Бөлүкчөлүк мааниде **жалгыз** сөзү бир катар түрк тилинде орун алган. Маселен, азербайжан тилинде **јалныз** турпатында кезигип, чектегич бөлүкчө катары (Кулиева, 1980, 118), ошондой эле баса белгилегич (орус.: исключительно-выделительная) бөлүкчө катары сыпатталат (ГАзЯ, 1971, 181-182). Бул бөлүкчөнүн кийинки мааниси аркылуу нерсе, көрүнүш, белги, сапат баса белгиленип, өзгөчөлөнүп көрсөтүлүшү мүмкүн экени, сүйлөм контекстине жараша анын кээде чектөө мааниси, кээде күчөтүү мааниси басымдуу болушу мүмкүн экени айрым эмгектерде белгиленет. (Караңыз: ГАзЯ, 1971, 181-182). Маселен: Јалныз карвансарай ағзында ғалмағал вар иди. Только у ворот караван сарая был переполох. Бул сүйдөмдө чектегич маани басымдуу болгону айтылат (Ошондо).

Өзбек тилинде болсо аталган сөз **ёлгиз** формасында өткөн кылымдын 50-жылдарында эле ажыраткыч жана чектегич бөлүкчөлөр разряддарында берилип келген (ХЗЎ, 1967, 490-494). Кийинчерээк бул тилде бөлүкчөлөр О.Базаров тарабынан өз алдынча кызматчы сөз түркүмдөрүнүн бири катарында атайын илимий иликтөөгө алынат. Ал **ёлгиз** сөзү кызматчылык мааниде келгенде кандайдыр бир деңгээлде өзүнүн баштапкы сын атоочтук маанисин сактап, сүйлөм контекстинде чектегич бөлүкчөлүк мааниде келиши мүмкүндүгүн төмөнкүдөй сүйлөм менен бышыктайт: Ёлгиз мен эмас редакциядаги хамма ёшлар бу тўгрида пичинг килишарди. В этом сделали упрек не только я, но и вся молодежь редакции (Базаров, 1982, 156).

Бул бөлүкчө түркмөн тилинде **ялныз** тыбыштык турпатында орун алган. Аталган тилде мунун **еке** (кырг.: **жеке** -А.К.) деген синоними бар экени белгиленип, сүйлөмдө баса белгилөө жана чектөө маанилерин туюнтары айтылат (СГРТЯ, 1964, 270-279). Негизинен **жалгыз** бөлүкчөсүнүн түрк тилдеринде чектегич мааниси басымдуу экени айтылып келсе, Н.А.Баскаков каракалпак тилиндеги **джалгыз** тыбыштык турпаттагы бөлүкчөдөн күчөтүү маанисин көрөт. Бул маани **гана** бөлүкчөсү менен айкашып келгенде даана байкаларын белгилейт (Баскаков, 1952, 477-478).

**Жалгыз** бөлүкчөсүндө жана анын **жалаң, жеке** синонимдеринде чектегич мааниден сырткары күчөткүч маани да көп учурда байкалып тургандыктан, бул сөздөрдө басымдуу болгон негизги маани кайсы болду экен деген адилет суроо туулат. Аны тактоо үчүн бул сөздөрдүн ар биринин сөздүктөгү семантикасына назар салалы. Котормо сөздүктө **жалгыз, жалаң** сөздөрүнүн экиден мааниси берилген: **жалгыз** – единственный, одинокий (КРСл, 1965, 221), **жалаң** – только, исключительно (Ошондо, 220). Мындай шартта окумуштуу К.Е.Майтинскаянын бул маселе боюнча оюн туура деп эсептөөгө болот. Ал фин-угор тилдериндеги чектегич бөлүкчөлөрдүн генезисин изилдеп жатып, мындай деген: "Путь образования слов-источников подобной семантики вполне логичен, поскольку они сами по себе выражают подходящие значения: ограниченность в количестве (у слов со значениями "один", "единственный") или ограниченность в наличии чего-либо, например, растительности (у слов со значениями "пустой", "голый") (Майтинская, 1982, 124).

Кыргыз тилиндеги факты-материалдарды анализдей келгенде деле **жалгыз, жалаң, жеке** бөлүкчөлөрүнүн көпчүлүк сүйлөм контекстериндеги басымдуу мааниси чектегич маани экенин байкоого болот. Бирок кээде контекстке жараша кошумча маани иретинде күчөтүү, баса белгилөө сыяктуу семантикалар да бир эле мезгилде коштолуп жүргөнүн көрүүгө болот. Бул бөлүкчөлөрдүн чектегич маанисинин чын эле басымдуу экенин алар катышкан сүйлөмдөрдү орусчага которгон учурда да билүүгө болот. Себеби алар көбүнчө **только, только лишь** деген орус тилиндеги чектөө маанисиндеги бөлүкчөлөр менен которулат.

Кыргыз тилинде бул функционалдык бөлүкчөлөр төмөнкүдөй кошумча маанилерди туюнтуу максатында колдонулат: 1) Атооч сөздөргө (зат атооч, сын атооч, ат атоочторго) карата препозицияда орун алуу менен, сүйлөмгө чектегич маани менен катар күчөтүү маанисин тартуулайт. (Орусча айтканда, ограничительно-усилительные оттенки – А.К.). Мындай учурда жекелик сандагы да, көптүк сандагы да атооч сөздөр менен айкалыша берет: Элдин баары болбосо, **жалгыз** сенин колуңдан эчтеме келбейт (Т.А.). ...Багдагүлүмдү мына минтип бейиттен оолак ай-талаага **жалгыз** өзүм коюп отурам! (Т.А.). **Жеке** сен деп жүрүп мен ушул абалга кабылдым (оозеки кептен). Мындай маселеде **жеке** биздин компетенциябыз жетишсиздик кылат ("КМ"). ...адам баласынын турмушу **жалаң** алдоодон, калп айтуудан... турабы? (Т.А.). ...Эмне үчүн бардыгын **жалаң** мектептен, **жалаң** мугалимдерден талап кылабыз. Таасын тарбия **жалаң** мектептин милдетиби? ("КМ"). Кетсин үйдө баатыр, жоодо жоктор, жолун тоспогула, **жалаң** туруктуулар калып, катарыңар буралган темирдей чыйралат (Т.К.). Бул ишке баары киришүү керек, **жалгыз** жаштардын эмгеги аздык кылат ("КМ".). Бул бөлүкчөлөр кээде сүйлөмдө **гана, эле**чектегич бөлүкчөлөрү менен да айкалыша келип колдонулат. Мындай учурда сүйлөм контекстиндеги чектегич маани мурдагыдан да күчөтүлөт: Бул сөздү эл жапырт колдоду. **Жалгыз гана** Айтынай Сулайманова өтө кыжалат болгондой эрдин тиштенип кызара түштү (Ч.А.). Бул дүйнөдө менин жек көргөнүм, менин элдешпес душманым **жалгыз гана** оору... (Т.А.). А балким мен тартып жүргөн азап **жалаң ган**а ичтеги чыр эмес экенин Асел билсе, жооп талап кылып көгөрөт беле?... (Ч.А.). Чындыкты айтуу укугун **жалаң эле** өзүбүзгө энчилеп албообуз керек ("КМ"). Азыр **жалгыз эле** бир инсандын кызыкчылыгы деп карап отуруу туура эмес (Б.У.).

Айрым сүйлөмдөрдө бул бөлүкчөлөрдүн арасынан сөздөр, сөз айкаштары да орун алып калышы толук ыктымал. Мындай учурда да сүйлөмгө чектөө мааниси менен катар күчөтүү мааниси кошумчаланат: Баарында тең тыгылыш: метро, автобустар, троллейбустар, трамвайлар. **Жалаң** Москвада **гана** эмес, бардык башка жерлерде да ("КМ"). **Жалгыз** Нүзүп өзү **гана** такыр унута албады, көксөдү, күттү (Т.К.).

Демек, **жалгыз, жалаң, жеке** бөлүкчөлөрү сүйлөмдө кандай формадагы сөздөр менен, тактап айтканда, жекелик сандагы же көптүк сандагы сөздөр менен, же башка бөлүкчөлөр менен жанаша келип колдонулабы, ар бир учурда чектегич маанинин басымдуу болуп турганын баамдоого болот. Бирок бул сүйлөмдөрдөн кандайдыр бир деңгээлде, Н.А.Баскаков сыяктуу бараандуу окумуштуулар белгилегендей, күчөтүү маанисин да туюуга болот. Бөлүкчөлөрдөгү ушу сыяктуу өзгөчөлүктөр негизинен алардын табия-

ты менен тыгыз байланыштуу экенин өз мезгилинде түркolog-окумуштуу А.Т.Кайдаров да белгилеген (Кайдаров, 1968, 247-256). Эми **бир** функционалдык бөлүкчөсүнө токтолсок. Бул бөлүкчөнүн **жалаң, жалгыз, жеке**синонимдеш бөлүкчөлөрү менен семантикалык жактан жакындыкты түзгөн чектегич мааниси да бар болгондуктан, ошондой эле кээ бир сүйлөм контекстинде жогорку бөлүкчөлөрдү толук алмаштырууга да жөндөмдүүлүгүнөн улам салыштыруу иретинде бул тилдик элемент жөнүндө да сөз кылмакчыбыз. Мындан тышкары **бир** сөзүнүн бөлүкчөлүк мааниси кыргыз грамматикаларында бүгүнкү күнгө чейин белгиленбей келиши да, бул тилдик элемент жөнүндө сөз кылууга түрткү берди.

Түркологияда **бир** сөзү бөлүкчөлүк милдетте азербайжан тилинде кеңири изилденгенин байкоого болот. Анын негизги себеби өткөн кылымдын 50-жылдарынан тартып эле бул сөз бөлүкчөлүк кызмат аткарары тууралуу ошол мезгилдеги бөлүкчөлөргө арналган илимий иликтөөдө кабар берилет (Абдуллаев, 1958, 37-44). Андан кийин Р.И.Кулиева тарабынан бөлүкчөлөр атайын илимий анализге алынып, натыйжада башка бөлүкчөлөр менен катар, **бир** бөлүкчөсүнүн да ар түрдүү семантикалары аныкталган. Аталган тилде бул бөлүкчө сүйлөм контекстине жараша жек көрүү, таң калуу, каалоо, өтүнүч, бир нерсени баса белгилөө сыяктуу милдеттерди аткарары белгиленет (Кулиева, 1980, 120).

Бөлүкчөлүк милдетте **бир** сөзү өзбек тилинде да кезигет. Сүйлөм контекстине жараша ар түрдүү маани туюнтууга жөндөмдүүлүгү бул тилде анын ар кандай аталыштарын жараткан. Ошентип, өзбек тилиндеги бөлүкчөлөрдү илимий анализге алган окумуштуу О. Базаров **бир** сөзүнөн белгисиздикти туюнткан бөлүкчө-сан атооч (орус.: частица-числительное неизвестности), чектегич бөлүкчө-сан атооч (орус.: частица-числительное ограничения), кыймылдын бир ирет кайталанышын билдирген бөлүкчө-тактооч (орус.: частица-наречие однократности действия) сыяктуу маанилерди көрө алган (Базаров, 1982, 156-158).

Мындан тышкары Н.К.Дмитриев, С.А.Соколов сыяктуу түркологдор да **бир** сөзүндө бөлүкчөлүк түрдүү маанилердин бар экенин байкашкан (Дмитриев, 1961, 31; Соколов, 1971, 286-289).

Кыргыз тилинде болсо **бир** сөзүнүн бөлүкчөлүк милдети биз тарабынан (Карымшакова, 1998, 118-120) атайын илимий-изилдөөбүздө аныкталып көрсөтүлгөнү менен, бүгүнкү күнгө чейин кыргыз грамматикаларына ал киргизилбей келет. Бирок өз мезгилинде сан атоочторду изилдеп жатып Н.Чечейбаева, **бир** сөзү баштапкы нукура сан атоочтук милдетинен тышкары өзүнүн алдындагы сөздү күчөтүп көрсөтүү, аны башка сөздөрдөн бөлүп көрсөтүү жөндөмдүүлүгү бар экенин байкап, төмөндөгүдөй мисалдарды келтирген: Ал ушундай **бир** кызык киши (“КМ”). Айран ичпесе да, тек ушул отуруштун өзү Маматка **бир** сонун көрүнөт (К.К.). Бөкөндүн **бир** ишенгени, Чотурум өзүнсүң (Т.С.). (Чечейбаева, 1978, 41). Ошондой болсо да ал мындай өзгөчөлүк кызматчы сөздөргө мүнөздүү экенин аныктап-тактап көрсөтө алган эмес. Ошондуктан ал бул мисалдардан **бир** сөзүнүн мааниси десемантизациялануунун натыйжасында сан атоочтон функционалдык бөлүкчөлөр разрядына өткөнүн белгилей алган эмес.

Кыргыз тилинде **бир** сан атоочу бөлүкчөлүк милдетте келгенде негизинен күчөтүү, күмөн маанисин туюнтуу үчүн колдонулат. Карапайым оозеки кепке мүнөздүү сүйлөмдөрдө анын чектегич мааниси да кеңири орун алат. Бул бөлүкчөнүн күчөтүү мааниси ал сын атооч жана этиш сөздөр менен айкалышып келген учурда даана байкалат: Караса **бир** укмуш! Балык кейпиндеги жылаңач аял (Ч.А.). ... ал дайыма жаркырап көз кубантып турууга жаралган **бир** көркөм жан эле (Т.К.). Ашым **бир** таң болду, **бир** уялды, күлөйүн деди күлкүсү окшобой койду (Т.К.). Сенин дегеле **бир** кабагың ачылабы, жарыктык?! (оозеки кептен).

Бул бөлүкчө зат атооч, сан атооч сөздөрдүн алдында орун алуу менен аларга күмөн, божомол, белгисиздик маанилерин тартуулайт. Мындай маани өзгөчө карапайым оозеки кепте даана байкалат. Ошондой эле көркөм чыгармаларда каармандын кебинде да орун алат: Кыйын болсо **бир** он күндүк суук калды (оозеки кептен). Малчылар тоодон **бир** жети күн, он күн аралыгында жакага кайтып калышат (оозеки кептен). Ошол учурда бизди кандай күч бийлеп, жүрөгүбүздө кандай асыл сезимдер ачылганын айта албайм – укмуштуу **бир** сүйүнүч, жан эриткен мээрим, эреркеген ый баарыбызды тең алып учту (Ч.А.). Мен ким элем? Каңгып жүргөн **бир** шопур (Ч.А.). –Айланайын, баатыр, асте кыл .. -деп, сакалы белине түшкөн **бир** кары адам келип, Нүзүптүн тизгинине жабышты (Т.К.).

Жогорудагы айрым сүйлөмдөрдөн байкалып тургандай, **бир** сөзү функционалдык бөлүкчөлөрдүн катарында болгондуктан, анын бөлүкчөлүк маанисинен тышкары баштапкы сан атоочтук мааниси да кээде туюлуп турат.

**Бир** бөлүкчөсү сүйлөмгө кооздук, көркөмдүк жаратуучу эмоция-экспрессия тартуулоо үчүн стилдик максатта да колдонулат. Натыйжада каармандын айтайын деген оюу уккулуктуу, жагымдуу, жеткиликтүү мүнөзгөээ болот: Берки күчүгүм, Жайнак болсо өтө **бир** шайыр, ачык-айрым жигит болуп өстү (Ч.А.). Кудай ай, Темике түгөнгүрдүн колу ушундай **бир** жумшак экен... (Т.К.). Жеңишбек. И – и, тиги ... атам болуп бристанга барсак, эл э-эң эле **бир** көп экен... (Б.Ж.). Абдан **бир** ажайып сулуулукту кыргыз жеринен гана кезиктире аласың (оозеки кептен). Бул сүйлөмдөрдөн **бир** сөзүнүн бөлүкчөлүк маанисинин басымдуу болуп, сан атоочтук маанисинин жокко чыгып калганын көрүүгө болот. Демек, функционалдык милдетте келген бир бөлүкчөсүнүн семантикасында сүйлөм контекстине жараша бирде бөлүкчөлүк маани менен катар сан атоочтук маани чогуу жүрсө (тээ баштапкы сүйлөмдөргө назар салыңыз), бирде бөлүкчөлүк маани гана басымдуу болуп, сан атоочтук маани жоголгонун да байкоого болот (жогорудагы сүйлөмдөрдү караңыз). Мындай өзгөчөлүк кызматчы сөз түркүмдөрүнүн баарына эле мүнөздүү көнүнүш деп эсептөөгө болот. Себеби алар негизинен ушундай жолдорду басып өтүү менен, биротоло кызматчы сөздөрдүн катарын толуктайт. Сейрек болсо да **бир** бөлүкчөсү сан атоочтордун арасынан орун алып, тиешелүү болгон сөзүнө күчөтүү, баса белгилөө маанисин кийирет: Апа, миң **бир** эки апа десем да, кадырыңа жетер белем... (Ч.А.). Бул сүйлөмдө жогорку маанилерден тышкары көп ирет деген түшүнүктү туюнтуу үчүн да **бир** сөзү колдонулду.

**Бир** бөлүкчөсү кепке чектөө маанисин кийирүү үчүн да колдонулат. Мындай учурда ал көбүнчө **гана** чектегич бөлүкчөсү менен жанаша келип, **жалаң, жалгыз, жеке** бөлүкчөлөрүнүн бирине (кээде баарына) синонимдик катышта колдонулуп калат: Менин бул жашоодогу **бир гана** (**жалгыз гана, жеке гана**) тилегим – эл-журтумдун аманчылыгы ("Тамчы газ.). Кыйынчылык **бир гана** (**жалаң гана, жеке гана, жалгыз гана**) биздин башыбызга түшкөн мүшкүл иш эмес (оозеки кептен). Өмүрүмдөгү бактылуу учурлар **бир гана** (**жалгыз гана, жалаң гана, жеке гана**) сени менен өтсө деп тилеп келгем ("Тамчы" газ.). Элдин баары жапырт колдобосо, **бир** (**жалгыз, жеке**) сенин аракетиңден көп деле майнап чыкпайт (оозеки кептен). Мындан тышкары **бир** бөлүкчөсү айрым учурда ыр саптарындагы рифманы толтуруу максатында да колдонулат: Айчүрөк: Сынап **бир** (а) сынап көп айтса, баатыр, Сыртыңды салып (ой) каласың (Ж.Б.). Шылтоолоп элди кырбасын. Күнөөкөр болсун **бир** башым (А.Т.). Мындай өзгөчөлүк **эми** функционалдык бөлүкчөсүнө да мүнөздүү: Манастын кыйын экенин Байкап эми билди **эми**. Сөз айтпастан абакең Мыйыгынан күлдү **эми** ("Манас").

***Адабияттар:***

*1. Абдуллаев Э.З. Муасир Азәрбајчан дилиндәки әдатлар һаггында. –Азәрбајчан мәктәби. -1958, № 1, 37-44-б.*

*2. Айдаров Г. Язык орхонских памятников древнетюркской письменности VIII века. –Алма-Ата: Наука, 1971.*

*3. Базаров О. Частицы в узбекском языке: Дис. ... канд. филол.наук. –М., 1967.*

*4. Баскаков Н.А. Каракалпакский язык: Фонетика и морфология. Кн. II, ч. 1. –М.: Изд-во АН СССР, 1952.*

*5. ГАзЯ – Грамматика азербайджанского языка. –Баку: ЭЛМ, 1971.*

*6. Давлетов С. Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. –Ф.: Мектеп, 1980.*

*7. Дмитриев Н.К. Детали простого предложения. // Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков. Ч.1. –М., 1961, с. 31.*

*8. ДТС –Древнетюркский словарь. –Л.: Наука, 1969*

*9. Кайдаров А.Т. Частицы как стилистическое средство выражения экспрессивно-эмоциональных оттенков речи в уйгурском литературном языке. / В кн.: Развитие стилистических систем литературных языков народов СССР. –Ашхабад, 1968, с. 247-256.*

*10. Карымшакова А.Т. Частицы в современном кыргызском языке. –Б.: Мектеп, 1998, с. 118-124.*

*11. КРСл –Киргизско-русский словарь. / Сост. К.К.Юдахин. –М.: Советская энциклопедия, 1965.*

*12. КТГ – Кыргыз тилинин грамматикасы. Морфология. / Ред. Орузбаева Б.Ө., Кудайбергенов С. –Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1964.*

*13. Кулиева Р.И. Частицы в современном азербайджанском языке: Дис. ... канд.филол.наук. –Баку, 1980.*

*14. Майтинская К.А. Служебные слова в финно-угорских языках. –М.: Наука, 1982.*

*15. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности. –М. –Л.: Изд-во АН СССР, 1951.*

*16. СГРТЯ – Сравнительная грамматика русского и туркменского языков: Фонетика и морфология. Ч.1. / Под ред. Н.А. Баскакова. –Ашхабад: Туркменское изд-во, 1964.*

*17. Соколов С.А. Функционально-семантический анализ слова bir и его производных в турецком языке. // Тюркская лексикология и лексикография. –М., 1971.*

*18. ХЗЎ - Хозирги замон ўзбек тили: лексикология, фонетика, графика, орфография, морфология. –Тошкент, 1967*

*19. Чечейбаева Н. Кыргыз тилиндеги сан атоочтор. –Ф.: Илим, 1978.*

*УДК 811.512.2.1*

***Искендерова С.,*** *фил. илим. доктору, профессор*
***Садыралиева Г.Э.,*** *фил. илим. кандидаты*
*К.Карасаев атн. БГУ*

# МАХМУД КАШКАРИНИН «ДИВАНУ ЛУГАТИ-Т ТҮРК» СӨЗДҮГҮНДӨГҮ МАКАЛ-ЛАКАПТАРДА «АДЕП» КОНЦЕПТИСИНИН РЕПРЕЗЕНТАЦИЯСЫ

# РЕПРЕЗЕНТАЦИЯ КОНЦЕПТА «ВОСПИТАННОСТЬ» В ПОСЛОВИЦАХ В СЛОВАРЕ М.КАШГАРИ «ДИВАНУ ЛУГАТИ-Т ТЮРК»

***Аннотация****: Бул макалада түрк элдеринин улуу инсаны Махмуд Кашкаринин «Дивану Лугати-т түрк» сөздүгүнүн ичиндеги макал-лакаптардагы «адеп» концептиси талдоого алынат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *адеп, макал, лакап, концепт, фрейм, слот,*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается концепт «воспитанность» в пословицах и поговорках которые встречаются в словаре Махмуда Кашгари «Дивану лугат –ит тюрк»*

***Ключевые слова:*** *вежливость, пословица, поговорка, концепт, фрейм, слот.*

Элдин чоң байлыгы – тил! Сөздө миңдеген жылдарды кучагына алган адамзаттык идеялардын жана тажрыйбалардын сан жетис байлыгы камтылган. Ошону менен бирге дүйнө элдеринин бардыгында ошол чексиз ойлор, идеялар улуттун көрөңгөсү болгон макал-лакаптардын тереңинде сакталып, тилде өзүнчө бир жашоо мыйзамы катары жашап келет.

Бул макалада түрк элдеринин улуу инсаны Махмуд Кашкаринин «Дивану Лугати-т түрк» сөздүгүнүн ичиндеги макал-лакаптардагы «адеп» концептиси талдоого алынат.

**Концепт** – адамдын акыл-эстик, руханий же материалдык чөйрөсүнө тиешелүү болгон түшүнүктөрдүн сөздүк белгисинин мазмундук жагы. Ошону менен бирге бул *түшүнүк* элдин жашоо-турмушунда тарыхый уңгуга ээ болуп, социалдык жана субъективдик мааниге өтүп, коомдук тажрыйбасында калыптанып, өзүнө жакын башка түшүнүктөр менен айкашып, карама-каршы коюлат.

Концепт когнитивдик лингвистиканын негизги түшүнүгү болуп саналат. Концепттин изилденин аспектилерине жана методдоруна жараша, концептуалдык маанинин репрезентациялык ыкмасы боюнча ар кандай изилдөө багыттары түзүлгөн:

**Логикалык багытта –** концепт бардык түшүнүктөргө тиешелүү болгон тилдин логикалык бирдиги каралат;

**Когнитивдик багытта** - концептуализациянын жана категоризациянын негизги маселелери, концепттин табияты жана структурасы, концепттин типтери, билимди берүүнүн ыкмалары каралат;

**Когнитивдик –дискурстук багытта** түшүнүктөр когнитивдик-дискурстук ыкмада каралып, тексттик деңгээлде изилөөгө алынат. Албетте дискурс текст менен чектелбейт, коммуникациянын социалдык контекстин, кептин кабылданышы сыяктуу маселелери иликтөөгө алынат;

**Лингвомаданияттык багытта** концепт өзүнүн ичинен эки багытка бөлүнөт: биринчисинде, концепт – адамдын менталдык дүйнөсүндөгү негизги орунду ээлесе, экинчисинде, концепти туюндуруучу каражат болуп тил саналат. Лингвомданияттык концепттин тилдик экспликациясынын формасын лексемалар, фразеологзимдер, макал-лакаптар, афоризмдер түзөт [3]

Макал-лакаптар бир эле доордун жемиши болбостон, элдин тарых менен тыгыз байланышып, элдин философиясын, адеп-ахлагын, психологиясын, дүйнө таанымын чагылдырып турат.

Макал-лакаптардын көпчүлүгү адамдын адеп-ахлактык табиятына, башкача айтканда, жакшылык, жамандык, боорукерлик, намыс, уят сыяктуу түшүнүктөргө багытталган. Алардын бардыгы курч, акыл ойду камтып, адам жашоосун жөнгө салуучу мыйзам катары эл арасында жашап келет.

Жашоодогу бакыт түшүнүгү дайыма адамдын алган тарбиясына жан дүйнөсүнүн тазалыгына жараша кабылданат, ошону менен бирге намыс, адилеттүүлүк менен жашаган адам гана бактылуу боло алат. Мына ушундай ойлорду далилдөө максатында, түрк элдеринин энциклопедиясы болгон Махмуд Кашгаринин «Дивану лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү «адеп» концептисин талдоого алабыз.

Бул сөздүк жөнүндө автор өзү, Махмуд Кашагари, мындай деп айтканы бар: «Мен бул китепти алфавиттик тартипте түзүп, аны макалдар, рифмалык сүйлөмдөр, лакаптар, ырлар жана башка чыгармалардын алынган үзүндүлөр менен коздодум. Мен

кыйын нерсени жеңилдеттим, түшүнүксүз нерсени түшүндүрдүм, көп жыл бою эмгектендим. Сөздүккө окурмандарга түрк элдеринин билими жөнүндө кабар берүү үчүн ар кандай ырларды киргиздим, алар бактылуу жана бактысыз күндөрү колдонгон макалдарды киргиздим» [1].

Адеп – тартип, ызаат, сылыктык, сыпайылык, уят деген түшүнүктөрдү камтып турат: *Адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшош. Адеп көркү – адеп*. Кыргыз тилинде адепке байланышкан бир катар макалдарды кезиктирүүгө болот.

Сөздүктөн алынган макалдардагы адеп концептисин үч фрейм (фрейм- адам аң сезиминде сакталган түшүнүктөрдү уюштуруу ыкмасы) менен түшүндүрүүгө болот: «Адептүүлүктүн жакшы жактары», «Адептүүлүктүн жаман жактары», « Адептүү болууга үндөө»;

**Адептүүлүктүн жакшы жактары**: *Бош нерсенин ээси болбойт: Бирден-бирден миң болор, тама-там көл болор; Бир карга менен кыш келбес; Эр кишинин сөзү бир, ээрдин көгү үч; Мунайбаган эр шумкар тутар, шашпаган эр түйгүн тартар*.

Адам жашоодо жакшы нерсеге, жакшы атка ээ болуш үчүн бир катар иштерди аткарып гана жете алат. Ошондуктан өмүр бою башкаларга да терс таасирин тийгизбеген иштер менен алек болушу керек экендиги жогорку макалдарда таасын айтылат. Көбүнчө, кыргыздын «Сабырдын түбү сары алтын» деген макалы менен үндөшкөн маани-маңызды байкоого болот.

**Адептүүлүктүн жаман жактары**: *Адам текеберленсе, азабын тартаар; Адепсизден кут чертилет Жалкоолук: Эрикчээлге эшик – арт; Эрикчээлдин башы кандуу*.

Өзүн коомдо сылык алып жүрүү менен катар, эмгекчил болууга үндөгөн бул макалдарда адепсиздиктин жаман жактарын да ачык көрсөтө алат.

**Адептүү болууга үндөө**: *Адептүүлүктүн башы тил; Бөрү кошунасын жебейт; Адам уулу өлөт, бирок жакшы аты калат; Өзгөнүкүн өзүмдүкү деп санаба; Алптар менен алышпа, бектер менен чалышпа; Өгүз болор музоо кезинде белгилүү;*

Жогорудагы макалдарда адептүүлүктүн негизги белгиси катарында тил каралат. Адептүү тил адамдын жалпы тарбиясы, билими жөнүндө кабар берет, ошондуктан пикир алышууда алды менен сылык сүйлөө абзел. Ошону менен бирге макалдарда башка адамдарды сыйлап, өзүмчүл болбоого үндөгөн маани-маңыз жатат.

*Эмгекчилдик*: *Жаз кыйналган – кыш кубанат; Тикпей өнбөс, тилебей болбос; Жашында мээнет кылган, Карыганда сүйүнөөр; Тегирменде туулган чычкан, Күндүн күркүрөгөнүнөн коркпойт; Эмгек текке кетпес*. Бул макалдардан көрүнүп тургандай, жакшы жашоонун белгиси – эмгекчилдик. Эмгекчилдикти *эмгек, мээнет, жумуш* сыяктуу сөздөр аркылуу туюндуруп, анын аткарылышы жаз, кыш күз мезгилдери менен байланыштырат.

*Билимдүүлүк*: Бакыт белгиси – билим; Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө билимге байланышкан сөздөр өтө арбын. Билимди –бакыттын белгиси кылып көрсөткөн бул макал абдан таамай айтылган. Жыйынтыгында жашоодо билим бакыттын ассоциациясын түзөт.

Коомдо бул макалдарда берилген адептүүлүк белгилери адам баласын дайыма ойлондуруп, мамлекеттик деңгээлде да атайын иш-аракеттер жүргүзүлүп келет. Буга далил катары, Кыргыз Республикасында быйылкы жыл, 2017-жыл, «Ыйман, адеп жана маданият» жылы деп жарыяланды. Атайын программалар иштелип чыгып, бир катар иш-чаралар өткөрүлүп жатат.

Ошентип, кыргыздын улуттук бейнесинде жүрүм-турум эрежелери, жакшы манералар адамдын адептүүлүгүнөн кабар берет. Социумдун жашоосуну маданияттык параметрин жөнгө салган Баалулуктардын жыйындысы анын дүйнө таанымында чагылдырылат. Кандай гана маданият болбосун, өзүнүн конкреттүү тарыхы боюнча, кандайдыр бир өзөктүн тегерегинде маданияттын тиби жана чындыкты руханий-практикалык жактан кабылдоосу пайда болот. Кыргыз маданиятына мүнөздүү болгон көрүнүштөрдүн бири - адептүүлүктүн бирден бир бир категориясы болгон улууларды урматтоо, ата-энени сыйлоо сыяктуу эрежелер улуттун баалуулугун түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда лингвомаданияттык аспектиде талдоого алынган Махмуд Кашкаринин сөздүгүндөгү макал-лакаптардын бардыгы кыргыз элинде кеңири тараган макал-лакаптарына дал келет. Ошондой эле маданияттын өзөгүн түзгөн адептүүлүккө байланышкан макал-лакаптар чоң философиялык, психологиялык ойлорду камтып, кылымдар бою элдин кебинде сакталып келет.

***Адабияттар:***

*1. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү - Дивану Лугат ит-түрк: I том / Которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков; баш сөздү жазган А.Акматалиев. - Б.: Avrasyapress, 2011.*

*2.Махмут Кашкари Дивану лугати-т түрк (Түркий тилдер сөз жыйнагы). / Которгондор: Абдувалиев И., Акматов Т., Оморов А., Султаналиев И., Толубаев М. 1-том. - Б.: Бийиктик, 2013. -512 б.*

*3. Колесов, В.В. Язык и ментальность. -СПб., 2004. 235 с.*

УДК:398.5(575.2)(04)

*Ж.О. Өмүралиева,*
*КРУИАнын кенже илимий кызматкери*

# "МАНАС" ЭПОСУНДА АТА-БАЛА МАМИЛЕСИНИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ. ГУМАНДУУЛУК *(С.Орозбаков,С.Каралаев,М.Мусулманкуловдордун варианттарынын негизинде)*

***Аннотация**: "Манас" эпосу кыргыз элинин руханий улуу дөөлөттөрүнүн эң ирдүүсү. Эпостун мазмунунда канча муун өтсө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпос, ары дидактикалык, философиялык мааниси терең идеялар айтылып, кучагына көптөгөн проблемалуу темаларды камтып турат. Анын ичинде үй-бүлөдөгү ата менен баланын ортосундагы социалдык баскычка көтөрүлгөн карама-каршылыктуу мамилелер фольклор таануучу, этнограф жалпы эле адабият таануучуларды кызыктырган маселелердин бири. Бул илимий баяндама ушул теманын үстүндө иштелмекчи.*

***Түйүндүү сөздөр:** ата-бала касташуу мотиви, гумандуулук, адамкерчилик, кечиримдүүлүк, таалим-тарбия маселеси.*

***Аннотация:** Всемирно известный героический эпос «Манас» является вершиной и самым объемным произведением великого духовного наследия кыргызского народа. Дошедший через века до наших дней эпос не потерял своей актуальности и ныне, его глубокие дидактические, философские идеи включают в себя многие проблемные темы. В их числе и доведенные до социального уровня взаимоотношения отцов и детей, которые представляют собой отдельную тему для глубокого изучения как исследователями фольклора и этнографии, так и литературоведами. Данное научное исследование посвящено вышеуказанной теме.*

***Ключевый слова:** мотив противостояния отцов и детей, гуманность, человечность, прощение, вопросы воспитания и нравственности*

***ANNOTATION:** The world famous heroic epos "Manas" is the peak and the most volume work of great spiritual inheritance of Kyrgyz people. The epos which has reached in centuries to our days hasn't lost its actuality and now its deep didactic, philosophical ideas include many problematic topics. Among them the relationships of fathers and sons which have reached social level representing a special theme to be studied deeply by folklore researchers and ethnographies as well as by literary critics. This scientific research is dedicated to the above mentioned topic.*

***KEY WORDS:** Conflict motive between fathers and sons, humanism, humanity, forgiveness, problems of education and ethics.*

Түрк дүйнөсү тарыхы тереңде жаткан байыркы эл катары өзүнүн көчмөн маданияты, өзгөчө ритуалдык түшүнүктөргө бай салт-санаасы, үрп-адаты, оозеки мол чыгармачылык казынасы, кооз жаратылышы менен дүйнө элдерин жана окумуштууларды кызыктырып келет. Мунун бирден-бир себеби жер жүзүндөгү башка улуттардан айырмаланып түрк элдеринде элдик оозеки чыгармачылыктын бийик деңгээлде өнүккөнү жана бүгүнкү күндө өчпөй сакталып келе жатканы. Бирин бири басып алып турган согуштук оор мезгилдеги кыргыз менен башка түрк элдеринин эриш-аркак жашоосун эпикалык көркөм чагылдырган "Манас" эпосу оозеки өнүккөн чыгармачылыктын эң ирдүүсү болуп саналат. "Манасты" улуу окумуштуулар Радлов, Ч.Валихановдордон бери карай бизге чейин В.М.Жирмунский, М.О.Ауэзов, Р.Кыдырбаева, С.Мусаев, Р.Сарыпбеков, Э.Абдылдаев, К.Кырбашев ж.б. бир нече чет элдик окумуштуулар түрдүү багтытта изилдеп келе жатышса да эпостун чети оюлбай дале болсо океан сымал мелтиреп түпкүрүндө укмуштуу сырды катып жаткандай туюлат. Жээгине улам жакындап тереңине умтулган сайын жаңы ачылыштарга, жаңы идея-темаларга туш боло бергени менен изилдөөчүлөрдү өзүнүн сырдуу мейкинине арбап келет.

"Манас" эпосу руханий улуу дөөлөттөрдүн алдыңкы сабында жүргөнү, албетте анын мазмунундагы канча муун өтсө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпос, ары дидактикалык, философиялык мааниси терең эркиндик, көз карандысыздык, абийир, ар-намыс, гумандуулук, тартип, эмгекчилдик, улууну урматтоо, Ата мекенди сүйүү, ата журт үчүн жанын берүү сыяктуу патриоттук идеяларга чулганып, кучагына көптөгөн проблемалуу темаларды камтып тургандыгы менен түшүндүрүлөт. "Манас" эпосунда негизи эле баатырдык эпостордо үй-бүлөдөгү ата менен баланын ортосундагы өйдө-ылдый, карама-каршылыктуу мамилелер фольклор таануучу, этнограф жалпы эле адабият таануучуларды кызыктырган темалардын бири.

Үй-бүлөнүн мамлекеттин өсүп-өнүгүшүндө аткарган кызматы эбегейсиз. Ал – мамлекеттин келечеги, анын өнүгүшүнө таасир эткен эң алгачкы факторлордун бири. Мамлекет акыл-эси толук, тарбиясы мыкты, ыйман-ынсап, жакшы менен жаманды ылгай билген адамдардын жетегинде гана куралат, калыбына келет жана өнүгөт. Ал эми мындай адамдарды тарбиялоо үй-бүлө куруучулардын мойнуна жүктөлөт. Үй-бүлөдө, айрыкча түрк элдеринин жашоо маданиятында атанын орду өзгөчө. Атадан мурда тамакты ооз тийбе, атанын кийимдерин өйдө илүү, тебелебөө, баш кийимин ыйык сактоо, атанын сөзүн кунт коюп угуу жана аны эки кылбай аткаруу, атаңа акарат келтирбе, атанын сөзү ок болот деген сыяктуу улуу сөздөр айтылып, эне, балага ушундай тарбия берип келген. Баланы тарбиялап коомго татыктуу алып чыгуу үй-бүлөдө эне менен атанын ыйык парзы. Ата-эне балага айткан сөзү менен эле эмес, жүрүш-турушу, ар бир жасаган иши менен да үлгү болушу шарт. Үй-бүлөдө адамкерчилик, кечиримдүүлүк, сый-урмат мамилелеринин калыптанышы коомдогу гумандуулук маселесинин чечилишине себеп болот.

"Манас" эпосу баш болгон жалпы эле түрк-монгол баатырдык эпосторунда согуштук, баатырдык темалар менен бирге эле үй-бүлөлүк: эне-бала, ата-бала, эрди-катын мамилелери да эпостун негизги идеясынын жүзөгө ашышына түрткү болгон маанилүү себептердин бири. Баатырдык кенже эпостордун алдыңкы сабында турган "Курманбек" эпосунун "Бардык варианттарында тең баатырдык тема алдыңкы катарга чыгып, оң каармандын баатырдык күрөшүндө, кайрат менен сансыз душманга жалгыз аттанып, эл эркиндигин, өз ар-намысын душмандан коргоп калуу үчүн башын өлүмгө байлашында эпостун негизги идеясы, эл идеалы жүзөгө ашат. Ал эми үй-бүлөлүк тема баатырдык мотивди толуктап, оң каармандын образынын ар тараптуу терең ачылышына көмөкчү" болорун фольклорист Б.Кебекова белгилеген [3.13]. Мисалы, Сагынбай Орозбаковдун вариантында Каныкей менен Чубактын ортосунда бузукулук бар деген ушак-айыңга ишенип, Манас аялы Каныкейге таарынып алты ай үйүнө барбай коёт. Ошентсе да Каныкейдин баатырга тете жар экени "коркутуп" келбей жүргөн Манастын аты Ак куланы бапестеп багып, таптап, кырк чорого кийим камдап, Манастын согушка аттанар камын көрүп жүргөнүнөн көрүнөт. Манастын корс мүнөзүнө, одоно кылык-жоруктарына чыдап, сыртынан билгизбей ичинен тынып, көтөрүмдүүлүгү, сабырдуулугу, берилгендиги менен күйөөсүнө жасаган мамилеси, колунан көөрү төгүлгөн ишмерлиги, амалкөйлүгү менен Манастын согушта душмандарын жеңип, ийгиликке жетишүүсүнө чоң түрткү болуп келген.

Баатырдык эпостордогу үй-бүлөлүк темада актуалдуу мотив – ата менен баланын ортосундагы карама-каршылыктуу мамилелердин чыгыш себептери, өнүгүшү, жыйынтыгы. "Манас" эпосунда Жакып менен Манастын, Соорондук (Азиз хан) менен Алмамбеттин ортосунда карама-каршылыктуу мамилени көрөбүз. Бул мотив "Курманбек" эпосунда да өтө курч деңгээлде сүрөттөлгөн. "Тейитбектин Курманбекке ат бербей коюшу ата-баланын ортосундагы майда-барат турмуштук таарыныч эмес, социалдык тепкичке көтөрүлгөн орчундуу карама-каршылык" катары белгиленип, мында атасы баласын тикелей өлүмгө түрткөнү, Курманбек баатырдын айласыз куруганы чагылдырылат [3.15]. Ал эми "Манаста" ата-бала карама-каршылыгынын маселелери түйүндөлсө да кайра чечилип, атадан артык чыккан балдары, атасынын ар кандай ыкмаларды колдонуп бөгөгөн жолдорун акыл, айла-амал, керек болсо согуш менен жеңип чыгышат. Буга Алмамбеттин тагдыры күбө. Алмамбеттин образындагы ата-бала кас-ташуу мотивин ачып берүүдө белгилүү манастаануучу Р.Сарыпбековдун эмгектери баа жеткис.

"Манас" эпосунунун алп айтуучусу С.Каралаевдин вариантында жашынан баатыр чыккан Манасты байлык, ар кандай мал-мүлк кызыктырбайт. Ал малдын көзүн карап, бирөөнүн коюн багып, мал эсебин санап отургусу келбейт. Бул жагынан алганда атасы Жакып экөөнүн дүнүйөгө, жашоого болгон көз караштары таптакыр карама-каршы. Жакып байлыккка кызыгат, ал малын көбөйтүп, мал эсебин карап курсант болуп, бай атанып көнүп калган жана мал-мүлкүнүн азайышы ал үчүн жашоодогу эң коркунучтуу нерсе. Жакыптын малын коруп, байлыкка көз каранды болуп калышынын да себеби бар. Ал хандын тукуму, дайыма бардар жашоодо жашап, жокчулук дегенди көрбөй чоңойгон. Алооке келип Ала-Тоону астын-үстүн түшүрүп андагы тынч жаткан элдин бир бөлүгүн Каңгайга, бир бөлүгүн эренге, бирөөсүн тереңге түшүрө айдаганда Жакып да биртике эли, саналуу малы менен Алтайга барып конот. Жокчулуктун азабын тартат. Ошентсе да тырышып жүрүп, калмактарда иштеп, эмгекчилдиги менен калмак ханына жагып, анын кызын катындыкка алат. Өз эмгеги, адал аракети менен жүрүп эсеп жеткис мал күтөт, байыйт, элин тойгузат. Байлыктан көзү каткан Жакыптын картайганда көргөн баласы Манас, атасынын эптеп жыйган-тергенин чачып, күндө сарамжалсыз малын союп жеп жатса Жакып эмес, кайсы гана ата болбосун жаны кашайбай койбойт. Кортукту өлтүрүп, калмак-кыргыз эптеп эл болгондо кайрадан душман таап, атасынын козусун козудай, жылкысын жылкыдай ээн-эркин союп жеп жатканына Жакыптын ачуусу келет. Атанын кашыктап тапканын баласы чөмүчтөп чачып жатса акыл эси толук ар бир адам кайдыгер мамиле жасап коё алмак эмес. Бул жагынан алганда Жакыпты түшүнүүгө болор эле. Ал эми Манас атасындай дүнүйөкор болгусу келбейт, ал үчүн оокат жыйноо, байлык күтүү сыяктуу жашоодогу майда-барат түшүнүктөр менен алпурушкандан көрө жаш болсо да Манасты элдин келечек тагдыры, көз карандысыздык, Ата мекенибиз кайда деген чоң суроолор түйшөлтөт. Көлөмүнө жараша жүрөгү "чоң" Манас, баатыр атанып, мурун өйдө карап сөз айта албаган кыргыздын калмактардан

өчүн алып, чоң урушуп, чоң ичип-жеп, чоң-чоң максаткыялдар менен жүргөн Манастын кылык-жоругу атасы Жакыптын кыжырын келтирип, өз баласына болгон кара ниет ойлорунун чыгышына түрткү болот. Ушундай эле окуя "Курманбек" эпосунда да кездешет. Душманды басып алып, ай сайын салык салып, атасынын сөзүн укпай өз алдынча иш жүргүзгөн Курманбекке атасы Тейитбектин ачууланганын фольклорист Б.Кебекова мындайча чечмелейт: "Курманбектин жогоркудай кыймыл-аракети тескери бааланбайт. Калмак сыяктуу күчтүү душман босогондо турганда бейкапар жатып алуу эр жигиттин иши эмес. Согуштун иши – согуш. Кырчылдашкан кармашууда адам өмүрү кылыч мизинде турат. Кан төгүүлөрдүн, чабылып-чачылуунун болушу мыйзамдуу көрүнүш. Ал эми жеңилген тараптан алым алуу, салык жыйноо өз доорунда демейдегидей эле иштерден болуп эсептелген"[3.14].

"Манас" эпосунун варианттарынын ичинен С.Каралаевдин вариантында Жакып менен Манастын ортосунда карама-каршылыктуу мамиле эң курч деңгээлде, агрессивдүү маанайда сүрөттөлөт. Манас жаңыдан эр жетип, жанына жигит топтоп, калмактарды кырып, атасы Жакыптын малын каалашынча союп жеген мезгилден тарта башталган Жакыптын ачуусу күчөп отуруп, Ала-Тоого көчүп келип Манаска ат тандоодогу эпизоддо, Каныкейге үйлөнөөрдө калың бербей, Манас өлгөндөн кийин да токтобой небереси Семетейге кара ниеттик кылып, небересине уу берип өлтүрүүнү ойлогондо Жакыптын кара ниеттеги өөрчүп отуруп эң жогорку кульминациялык чегине жетет. Болбосо Манас Жакыптын зар какшап, кудайга жалынып жүрүп көргөн баласы эмес беле. Каралаевдин вариантындагы бир дагы эпизоддо Жакыптын ата катары балага болгон аталык мээримин көрө албайбыз. Жакыптын мүнөзү корс, ачуулу, айтканынан кайтпаган, мээримсиз, дүнүйөкор, мал-мүлк үчүн өз баласын өлтүрүүдөн чегинбеген зулум катары чагылдырылган. Каралаевдин вариантында көңүлдүн борбору негизги каарман Манаска гана бурулуп, башка каармандар мисалы Жакыптын ата катары образы реалдуу ачылган эмес. Эпосто Жакып Манастын билинбеген ички душманы катары бир жактуу гана терс мүнөздө көрсөтүлүп калган. "Жакыптын өтө күчтүү жан экендиги байкалып турат. Аны "терс каарман" деген үчүн эле ал алсыз, мүңкүрөп калган бир пенде дешке болбойт. Тетирисинче, Жакып кубаттуу, ички жаалы кайнап турган, өзүнүн тутунган жагдайын көкбөрүчө жулдуруп жиберип, аңкайып оозун ачып туруп калчу жаран эмес. Күч-кубаты ашыпташып, ыргыштап да, ыңгайга кээде көнүп да турат" [2.193]. Изилдөөчүнүн бул пикири ар бир манасчынын вариантынын эмес, эпостун жалпы салттуу мазмунун негизинде айтылган. Ал эми биз ар бир манасчынын вариантында айтылган сюжеттин негизинде салыштырыу жүргүзүп, Жакып менен Манастын ортосундагы ата-уул мамилесин ачып берүү максатын койдук. Ал үчүн Жакыптын образына да кайрылууга туура келет. Дегенибиз, С.Каралевдин вариантында Жакыптын ата деген атка татырлык, баласы Манаска кылган бир дагы жакшы, жылуу мамилесин көрө албайбыз.

Ал эми дагы бир алп манасчы Сагынбай Орозбаковдун вариантында Каралаевге салыштырмалуу Жакыптын образындагы оң, терс мүнөздөр кырдаалга жараша бир кыйла тең салмактуу баяндалат. Малын чачып, тапкан олжосун карапайым калкка тең бөлүп берген Манастын кылыгына жини келсе да Манаска Аккуланы ыйгарууда, ага жар тандап берүүдө Жакып, ата катары өзүнүн милдетин жакшы билет. Ал, Манастын "Катын алып бербейсиң" деген таарынычын олуттуу кабыл алып, баласынын алдындагы аталык өз милдетинен кутулуу үчүн жер кыдырып, эл аралап жүрүп Каныкейди жактырып, калыңын төлөп Манасты үйлөндүрөт. Жакыптын көп кыздын ичинен Каныкейди тандаганы анын сынчылык, кыраакылык, келечекти көрө билгендик мүнөзүн ачып көрсөтөт жана Манаска болгон ак ниетин, мээримин, баланын жаркын келечеги үчүн кам көргөндүгүн сезүүгө жол ачат. Жакып Манастын ар бир кылган ишине мурдун согуп кийлигише бербейт, ылайыктуу жерде өз кеңешин берет, бирок кара ниеттенип бузукулук иштерди жасабайт. Жакып кантип социалдык абалды жакшыртышты, башка эл-уруулар, босогодогу кылт этсең эле басып ала турган душмандар менен тил табышышты мыкты билет. Адамдар менен мамиле түзгөндү, маселени өз пайдасына чечүүнү эң жакшы өздөштүргөн. Ушундай сапаттарынан улам ал калмак менен эл болуп, алардан да өтө байып "Бай Жакып" деген кадыр баркка жеткен. Жакыптын дагы бир артык сапаты айтылган сөзгө бекемдиги, көрөгөчтүгү С.Орозбаковдун вариантында Манас төрөлгөндөгү эпизоддо даана байкалат.

«Эй, нени айтасың Акбалта,
Жанчыгымда бар эле
Сары алтындан бир калта,
Санап сага берейин
Жайытта малдан бир канча.
«Сүйүнчү» – дейсиң, жакшы кеп,
Сүйүнгөн менен бай Жакып,
Чының айтсаң болбойбу
Дүнүйөңдөн какшы – деп.
Эй ботом,
Өлөңдүү жерге өрт койгон
Бир өткүр бала десеңчи,
Өз журтума чуу салчуу
Жеткир бала десеңчи!
Кара ссуга кан куйган
Бир канкорду тууган белем да,
Калайыкка чаң салган. [7.128]

"Эгер малга кароолук, сараңдык мүнөздөрү болбосо, Жакып көрөгөчтүгү менен даанышман адамга айланмак" деген Б.Исаковдун Жакыптын образына берген жүйөөлүү чечмелөөсү менен жыйынтык чыгарса болот. [2.178] Орозбаковдун вариантында ата бала мамилеси ыңгайына жараша ар кимиси өз ордун билген, тарбиялык мааниси зор, реалдуу чагылдырылган.

Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондунда сакталып турган кырктан ашуун манасчылардын айтуусундагы варианттардын ичинен эң ирдүүсү деп эсептелген Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусунда Жакып менен Манастын ортосундагы ата-бала мамилеси жогорудагы манасчыларга салыштырмалуу өзгөчө берилген. Мында Жакып камкор, баласаак, мээримдүү ата. Манастын балалыгындагы тентектигине, мал-мүлктү чачкан ысырапкорчулугуна ачууланганы менен Манастын согушка аттанса амандыгын тилеп, батасын берип, ийгилик каалап,

келер жолун күтүп кабатырланат. Душманын жеңип келсе малын союп, карапайым калктын батасын алып түлөө өткөрөт. Мисалы, Манас баш болгон жаш балдар оттугун бербей койгон чалдын куйкасын тилип жолго салышат. Чалдын өчүн алганы келген топ калмакка Манасты ээрчитип үйүнө кетип бараткан Жакып туш болуп калат. Жакып калмактан таяк жеп жатып да кылчактап Манасты карайт, "мени урса мейли, баламды уруп коюшпаса экен" деп тынчсызданат.

Уруп жүрөт Жакыпты,
Жаш карысы жабылып,
Көпчүлүктөн токмок жеп,
Бай Жакып артын карады,
"Жаш балам кантер экен" – деп,
Бай Жакып ичтен санады.
Куруп калган бай Жакып,
Манасты карап кылчактап,
"Уруп коёр бекен" – деп,

Көзүнүн жашы бурчактап. [6;инв.№65]. Албетте, ата болгон соң баланын одоно же туура эмес кылган иштерине капа болот, жини келет, бирок Жакып дүнүйөкор болсо да, мал-мүлкүнөн ажырап калса да ал уулуна кара санабайт. Урушуп, кейип, жаны ачыганы менен Манаска кара ниеттик кылбайт, баласын жамандыкка кыйбайт.

Атанын кокуй наалат деп,
Сулуу келин, сулуу кыз,
Кордукка башы калат деп,
Курган Жакып кайгырып,
Качып кетпей бир жакка,
Кайта келип кайрылып. [6;инв.№65]

Жогорудагыдай саптар Жакыптын образындагы баласына кандай болгон шартта да кыйбастыгын, үйбүлөдө урушуп, кекээрденсе да сырткы душмандын алдында бирдиктүү, ынтымакты сактай билген акылмандыгын айкындап турат, эң негизгиси М.Мусулманкуловдун айтуусунда Жакыптын урушуп айткан сөзүндө да аталык мээрим сезилип турат.

Көрүнүп тургандай "Манас" эпосунун ар бир вариантында ата-бала мамилеси ар түрдүүчө чагылдырылган. Ал эми эпостун жалпы салттык эпизоддордун мазмунунан алып карасак Жакыптын образында оң сапаттарга караганда терс сапаттары үстөмдүк кылат. Атасынын сараң, ичи тар, көрө албас, сапаттарынан улам айкөл, кечиримдүү, баатыр Манастын, Жакыптан төрөлгөнү да күмөн туудурбай койбойт. Манастын атасы Жакып менен адамдык мүнөз-сапаттарынын окшошпой, кайчы жаралып калышынын себебин эки жол менен чечмелөөгө болот. Биринчиси: мисалы, Алмамбет жана Айчүрөк С.Каралаевдин вариантында periden, кайыптан жаралган бала экени айтылат. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы "Курманбек" эпосунун негизги каарманы Курманбек, Тейитбектин өз уулу эмес, энеси токойдо сейилдеп жүрүп кийик баланы эмгизип жаткан жеринен таап келет. Ал эми К.Акиевдин айтуусунда Курманбектин энеси перинин кызы болгону айтылат. Демек Курманбек periden жаралган бала экенинде шек жок. Ушундай эпикалык мотив бардык түрк-монгол эпосторунда, мисалы, Чыңгызхандын кайыптан төрөлгөндүгү жөнүндөгү уламышта көрүнөт. Бул, мифтик ой-жүгүртүүгө негизделген архаикалык мотив. Манас да ушундай сыйкырлуу, ааламдык бийик күчтөн тактап айтканда кайыптан жаралганбы деген пикирди пайда кылат. Экинчиси, эпостун баштапкы саптарына көңүл бурсак Жакыптын жети атасы түгөл кан экени айтылат. Жакыптын атасы Каракан өлгөнгө чейин жана андан мурда да кыргыздар жашаган аймакка эч бир душмандын буту басып кире алган эмес. Жакыптын тукуму таза, ал хандын тукуму анын генинде баатырдык касиет бар. Демек ата-тагинен Жакыпка буйрубаган гендик касиет-сапаттар эки кишиники биригип Манаска өткөн деген ойду жаратат. Кыргыздын аң-сезиминде, ой-туюмунда эл башкарган жетекчинин тектүү жерден чыгышы, ата-теги, тукуму, уругу белгилүү, эл алдында кадыр-баркы бар, эл ишеничин актаган адам болушу зарыл деп табылган. Никесиз төрөлгөн баланы кыргыздарда "тексиз, арам сийдик" деп кордошкон. Ушундай зарылдыктан улам эпостун башкы каарманы Манастын ата-тегинин "түп атасы түгөл кан, түбүнөн кыдыр даарыган" деп айтылышы бекеринен эмес.

Негизинен Жакып канчалык адилетсиз, кара ниет, арам ойлуу болгону менен Манастын айкөлдүгү, марттыгы, баатырдыгы, элдик инсан болгону атасынын бардык туура эмес иш-аракттерин жаап, жашырып тургандай элес калтырат. Манастын майда-барат турмуштук маселелерге назар салбаган мүнөзү, кечиримдүүлүгү, кек сактабагандыгы, улууну урматтай билген адамкерчилиги атасы экөөнүн ортосундагы ар кандай карама-каршылыкты жумшартып, маселенин оңой чечилишине алып келген. "Манастан" ала турган гумандуулук идеясы мына ушул жерде жатат.

Дүйнө адабиятына кеңири таанылган жазуучу Ч.Айтматов да өзүнүн чыгармачылык көрөңгүсүн элдик оозеки чыгармачылыктан алганын, чоң энесинин жомоктору менен мол чыгармачылык азык топтогонун айткан. "Мне хватает тех сказок, которые мне в детстве рассказала бабушка. Я слушал сказки с утро до ночи: тогда ведь не было ни телевизора, ни приёмника. А потом она просила меня пересказать сказку ей" [1.67]. Баланы тарбиялоодо жомоктордун жалпы эле элдик оозеки чыгармалардын аткарган миссиясы жогору экени шексиз. Жазуучуну дүйнөгө дагы бир жолу тааныткан "Кылым карытар бир күн" романындагы дүйнөлүк терминге айланган маңкурт түшүнүгүн автор "Манас" эпосунун сюжетинен алганын сыймыктануу менен жазат. Айтматов кыргыз жана орус жаштарына мындай деген өзүнүн улуулук керээзин калтырып кеткен: "Молодому поколению киргизов нужно читать эпос "Манас", а русским перечитывать Пушкина!". Жазуучу төгүн жерден "Манаска" басым жасоону сунуш кылып жаткан жок. Анткени "Манаста" бийик гумандуулук жатат!

***Адабияттар***


*1. Айтматов Ч. Вселенная сотворена любовью. -Б.: "Арип Пресс" 2016.*

*2. Исаков Б., Чоюнбаев О. Айкөл Манастын калыптанышы. -Б., 2009.*

*3. Курманбек. Эл адабияты сериясы 5-том. -Б.: "Авразия Пресс", 2015.*

*4. Каралаев С. "Манас" баатырдык эпосу. -Б.*

*5. Манас энциклопедиясы 1-том. -Б., 1995.*

*6. Мусулманкулов М. "Манас" эпосу. Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фонду. Инв. № 65.*

*7. Орозбаков С. "Манас" баатырдык эпосу, 6-том. -Б., 2010.*

*УДК 82/820(575.2)*

***А.Т. Аламанова,***
*К.Карасаев атындагы БГУнун аспиранты*

# АСАНБЕК СТАМОВДУН “ХАН ТЕЙИШ” ТАРЫХЫЙ РОМАНЫНДА ФОЛЬКЛОРДУК-МИФОЛОГИЯЛЫК МОТИВДИН БЕРИЛИШИ

***Аннотация***. *Берилген макалада Асанбек Стамовдун (2009-ж.) XVI-XVII кылымдагы, жунгар-ойрот баскынчыларынын заманында кыргыз журтчулугу башынан өткөргөн турмушун чагылдырган “Хан Тейиш” тарыхый романында, эпостук фольклордук-мифологиялык мотивдердин берилишинин көркөм функциясы каралат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кыргыз тарыхый роман, фольклордук мотив, миф, сыйкырчылык, элдик оозеки чыгармачылык.*

*This article describes the artistic function to interpret epic folk and mythological motives reflecting what the Kyrgyz people experienced during invasion of the Dzungar-Oirat invaders in the 16-17th centuries in the historic novel “Khan Teyish” by Asanbek Stamov (2009).*

***Keywords:*** *Kyrgyz historic novel, folk motive, myth, magic, oral folk art.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается художественная функция передачи эпических фольклорных–мифологических мотивов, отражающих пережитое кыргызским народом в историческом романе «Хан Тейиш» Асанбека Стамова (2009)в XVI-XVII веках во времена нашествия джунгар-ойратских захватчиков .*

***Ключевые слова:*** *Кыргызский исторический роман, фольклорный мотив, миф, волшебство, устное народное творчество.*

Эгемендик жылдарынан күнү бүгүн үзгүлтүксүз колго алынап, туш-тарабынан изилдөөлөргө алынып келе жаткан кыргыз элинин көркөм оозеки чыгармачылыгы, дагы да болсо илимий изилдөөгө алууну талап кылат, себеби фольклор бир гана кыргыз жазма адабиятынын башаты болуп калбастан ал заманбап күндүн чыгармаларында да тынымсыз, популярдуулугун жоготпой колдонулуп келүүдө. Алардын ичинен өзгөчө кыргыз тарыхый романдарында чемсиз ордуларын таап, чыгарманын тарыхыйлуулук табитин ачып келет. Профессор С.Искендерова “Элдик оозеки чыгармачылык жазма адабияттын негизги башаттарынан гана болуп калбастан, анын кийинки өнүгүшүндө да түгөнгүс казынасы катары кызмат кылып келүүдө. XX кылымдын экинчи жарымында дүйнөнүн өлкөлөрүнүн адабияттарында мифологиялык кайрылуулардын басымдуулугу байкалган. А.Стамов да бул көрүнүштөн четтеп калган жок” [1:114-б.] -деп белгилеген. Чындыгында “Хан Тейиш” тарыхый романында колдонулган фольклордук-мифалогиялык мотивтер, каармандардын образдарын ачууда көркөм чагылышы, чыгарманын тарыхый сюжетин кенен жана терең ачып бере алган. Маселен кайсыл гана фольклордук-эпостук чыгармаларды албайлы баардыгында тең, салт боюнча баатырдын өзүнө тете тулпары болгон, бул өңдүү романдагы Эр Эшимдин образы анын минген аты кайыптан туулган касиетүү мал Шарпкула менен толукталып тургандай “...алдына тарта бергенде эр Эшим күмүш үзөңгүгө буту жетип-жетпей илбирсче ыкчамдык менен ээрге шарт секирип минди да, атып жөнөдү. Жигеринде кылайган айып жок, мүчө башы төп келише, кыл табына келген тулпар эле Шарпкула... Байгазы сынчы маашырлана тулпардан көзүн албай тиктейт. Сом туягы менен тоо таштарды былчырата тепсей, даңгыл жерлерди тарсылдата уруп, кээде жумшак бетегеге төрт туягы тийип-тийбей кайып өтүп, Шарпкула безип баратат. Күнү-түнү чапса чаалыкпаган, айлап жүрсө азбаган, ач-тогуна кайыл боло арыбаган касиети күч тулпар эле Шарпкула. Элик баш, как элес, эки кулагы шамдай типтик, эки көзү капкара, бышкан алчадай мөлтүрөгөн, мойну ичке, куйрук жалы жибектей кулпунса кээде кундуздай төгүлгөн, түгү күмүштөй жалтырап, курсагы ныпым жок, чаткаягы чамгарактай деп айтаарлык, соорусу жайык, сүмбө бел, көкүрөк көөдөнү керилген, жылкы тукумунда сейрек учуроочу өзүнчө асыл мал эле Шарпкула. Ал эрлер минчү күлүктөрдүн бирине да окшобогон Аккуладай сүрү бар... Сынчы Байгазы Шарпкуланы бекеринен узата тиктеп турган жок. Анын эч бир жеринен өөн тапкыс кылып, өзү таптаган. Кыямат кыядан мүдүрүлгүс кылып сындан өткөргөн” [2:30-31-б.]-деп сындоодо баяндалса, экинчи жагынан кайыптан туулган касиеттүү мал Шарпкула тулпардын келип чыгышын, тулпардын энеси кара бээнин жанында “...келте куйрук, эшек жал, марал өңдүү сур неме жүрөт. Темгил-темгил чаары бар. Мен

көрбөгөн сонун мал. Сыягы кумдан келген куланбы же асмандан түшкөн бууданбы" [2:51-52-б.]-деп автор мифологиялык жандыктын кайдан-жайдан пайда болуп калышын айтат, мына ошол эки жандыктын ортосунда сайкашка тулпар Шарпкула жаралган деген. Бул чыгармада А.Стамов фольклордук-мифологиялык мотивдин негизинде бир гана кайыптан туулган касиетүү мал, "баатырдын" сайкашка тулпарын чагылдырбастан, муну менен катар тарыхтан, санжырадан алынган чиеленген фактыларды ордуларына коюуу максатында, кайып аял Шарапаттын пайда болуусун да сайкашка тулпар Шарпкула менен айкалыштырганы төмөнкүчө баяндалат. Эр Эшим жортуулдан кайткан жолдо кара бээ минген абышкага жолугат, ал минген бээ Шарпкуланын энеси болот. Абышка, калың аскер жортуулга аттанган маалда кара бээсин минип жөнөгөнүн, кошуундан артта калып, жолдо кайып аял Шарапатка жолугуп ага үйлөнүп, андан балалуу болгонун, бирок анын кишиге көрүнбөгөн касиети бар экенин, азыр эле баласын өңөрүп, Эшимдин алдынан чаап өткөнүн айтат. "Ушул эпизоддо романдын композициясында маанилүү роль ойногон, эл-жерге кызмат өтөө эр-азаматтын парзы деген идеяны аркалаган касиеттүү аялзаты, шарттуу каарман кайып-аялдын образы пайда болот" [3:213-214-б.]. Эр Эшим менен абышка жолуккан күнү, түн ичинде кайып-аял Шарапат абышкасына келип, аны менен сүйлөшөт, Эр Эшим уйку аралаш кыялында, демин тартпай тыңшоодо, бөтөн бирөөнү көргөндө дароо окурана белги берчү Шарпкула тулпар дым чыгарбай калганына таң калат, демек тулпар кайып-аялды жакшы тааныйт, антейин десе тулпар өсүп чоңойгону көз алдында болду. Табышмактуу аял менен абышканын сүйлөшүүлөрүнөн улам, аялдын аты Шарапат эгизиндей түгөйү Кесепет менен курдаш экендиги айтылып, Кесепет адамга жамандык алып келээрин, чындыгында Кесепетке туш болмоюнча адам баласы Шарапаттын кадырын билбейт деп автор философиялык ой-толгоосун кошуп, мындан сырткары элдин келечеги жөнүндө да учкай кеп козгойт. Кайып-аял Шарапаттын сөзү менен Эшим ханга жогору баа берип, "…эр Эшимдин тарыхын кыргыз санжырасы жомок кылат. Эр Эшимдин атын Шарпкула чыгарат. Ал кайыптан туулган касиетүү мал. Анын энеси кара бээ экөөңөр тагдырлаш элеңер. Мен ошон үчүн сага баш байлагам. Атасы кайып кара бээнин тукуму да чөлдө калды."-деп, фольклордук баатырдык эпостордо кездешүүчү сюжет Эр Эшимдин тагдырын тулпары Шарпкула менен байланыштырат. "…малым жаныма, жаным арыма садага"-деген Эр Эшимдин сөзүн "Эшим хандын эски сөзү" деген лакап менен эл оозунда сакталып калаарын, автор кайып-аял Шарапаттын сөзү аркылуу "ар-намысын жоготпогон адам тукуму гана эл болот" [2:81-82-83-б.]-деп толуктаган. Демек Эр Эшимдин образын толук ачып берүү үчүн, эл тынчтыгын колдогон эр азаматтардын ар-намысына уюган "мекен-эненин" символу катары фольклордук-мифологиялык кайып-эне Шарапаттын образы "…кези келсе адаммын. Болбосо буудай эрип, нурдай жанып, чөлдөгү сөксөөлдөй куурап, кайрадан көгөрүп, карга айланып, жамгыр болуп жүрө берем… Чаңкаганда келип суу ичсең – ошол менмин, үшүгөндө коломтодо от көзөп жылынсаң – ал дагы менмин" [2:82-б.]-деген. Тарыхый романдагы фольклордук-мифологиялык мотивдин табиятын, өз ара ички өзгөчөлүктөрүн, тарыхый тагдырларынын тереңдигин ачып изилдөөдө, А.Садыков да "…көркөм шарттуулукту, фантастиканы чыгарманын сюжетине ширетип, каармандардын образын ачуу үчүн адабий ыкма катары пайдаланат. Мунун өзү романды бир түрдүүлүктөн (монотондуулуктан) бир аз куткарып, ага жандуулук, таасирдүүлүк берет. Алсак, Кайып-эненин образы башкы каармандардын тагдырынын мерчемдүү учурларында пайда болуп, сюжеттин андан аркы өнүгүшүнө жакшы көмөк берет. Ал эми фантастикалуулук тууралуу айта турган болсок, күн жайлоо, же дарымдар элдин аң-сезиминде байыртадан бери жашап келген мифтик түшүнүктөр, башкача айтканда алардын ошол фантастикалык формада болсо да, дүйнө таанымы" [3:209-б.] –деп белгилеген.

А.Стамов тарыхый романда фольклордук-мифологиялык мотивдерди бир гана каармандардын образын ачууда гана колдонбостон, ал "Манас" эпосунда кездешүүчү айрым мифологиялык көрүнүштөрдөн турган эпизоддорду пайдалангандыгын да жолуктурууга болот. Мисалы романдын үчүнчү бөлүмүндө калмак селге кабылган Хан Тейиштин урушу Каркыранын башындагы Кегендин этегинде сүрөттөлөт. Жылганын алкым чениндеги дөңсөөдө, туу көтөргөн топтун жанында, жан сакчыларынын курчоосунда турган хан Тейиш көктү карап: "Теңир жалгайгөр"-деп бата кылат да, кылкылдай жылып келаткан калмак колдон көзүн албайт. Тейиш хан калмактын көп колуна каршы бүт кошунду салбай, аларды сактап калуу аракетинде, кошундун көбүн буйгаларга, буктурмаларга катып, эки миңче колду Алакчындын коштоосунда согушка салат. Кооптонгон калмак башчысы Галдан Бошокту аламанга үч миң кол жиберип, эки тарап тең арбашып жаткан ажыдаар сыяктуу аңдышып карап жай жылып келишет. Бир атым жаанын огу жетчүдөй жерге келгенде Алакчындын колу аттан түшүп, чылбырын курларына илип, жөө өнүп келет, аңдышкан эки тараптын чыдамы кете түшкөндө калмактар ат койот. Калмактар жаа огуна илинип калганын сезген Алакчын "Жаа тарткыла"- деп буйруду. Жөө жоокерлер аябай мээлеп жаа огун учурушту, катардагы атчандар жалпы окко учуп, аттары кишенеп туш-тушка качты, кыргыздардын мөндүрдөй жааган аткан огу сая кеткен жок. Ала качкан аттар кишенеп, калмак тарап будуң-чаң боло түшкөндө кыргыз жоокерлери каршы чабуул коюп, кырчылдашуу токтобой, калмактын мизи кайтып, артка сүрүлүп баштаганын сезген Галдан кошумча эки миң кол жиберет. Ушу кезде кыргыз тараптагы буйгадан, көзгө атар мергенчилерден турган, көмөкчү жети жүздөй жоокер чаап чыгып, эки капталдан жаа огун учурушат. Түш оой калмактардын беш миң колу майтарылат. Курсагы ачкан кыргыз жоокерлери калтадагы топоз курутунан соруп, байлана жүрүшкөн чакан куржундагы нак куйруктан эңкейе берип аттарына сугунткан болушат. Согушуп жүрүп "ат жалында тамактанган" жоокерлер да, аттар да кайрадан тирилгендей жаалданды. Согуш күүгүм ченде араң токтоп, көп чыгымга учураган калмактар өз кошундарын көздөй чегинип кетишкен. Тоо бетиндеги жалындаган оттор басылбай эртеңки согушка кам көрүлдү. Эртеси таң эрте башталган майдан кеч бешим ченде майтарылып, эки тараптын тең чарчаган жоокерлери менен

тарашты, хан Тейиш жайчы кара Качыны өзүнө чакырып: "Дарымчым, эми өнөрүңдү көрсөт"-деп буйруду. "Качы дарымчы кара ташын койнунан алып, аны сууга малган соң, көпкө дейре асманды тиктей дуба окуп бүткөндө асманда капилеттен кара булут пайда болуп, кан теңиринин чокусу менен күн жүрүш жактагы тоолор көрүнбөй күн күркүрөп, адегенде кара жамгыр куюп кирди да, калмактар чогулган кошундун үстүнө бармактай мөндүрлөр ура баштап, кар жаап, калмактар тоңуп жатканда, кыргыз жактагы бөксө тоолордун үстүндө жылдыздар бажырайып, айлана-тегеректен сансыз от көрүндү" [2:420-421-422-423-424-б.]. Автор уруш майданынын ар бир моментин детальдаштырып көрсөтүп, окурмандын элесинде сакталып калгыдай көркөм сүрөттөөгө жетишкен, ошол эле учурда "ат жалында тамактанган"- деген сөздүн колдонулушу да бекеринен эместир, муну менен бирге автор, илгертен ата-бабада айтылып келе жаткан "Ат жалында казан асып"-деген лакаптын келип чыгыш, түбү катары көрсөткүсү келген. Мындан сырткары тарыхый чыгармада келтирилген жайчы кара Качынын мифологиялык иш-аракети, фольклордук-эпостук чыгармадан улам алынгандыгын байкоого болот. С.Каралаевдин варианты боюнча "Манас" эпосундагы "Аштын шаан-шөкөтү" бөлүмүндө "...Карап турсаң көпчүлүк, Кара курттан мол болду. Көкөтөйдүн өлгөнү, Көп адамга той болду..."-деп, ашка келген көпчүлүк, ат чабышка даярдык көрүшөт "...Чубурганы чычкандай, Ат чубатып болуптур. Талапкер атты санаса, Эки миңге толуптур. Аны көрүп эр Манас: "...Торпокко жетпес чобурун. Байгесине Көкөмдүн, Баары агытып обурун. Буудандын жолун бурат го, Айдоо бербей көпчүлүк, Бул элди кудай урат го. Баланы ноот кылат го. Туюктап алып жол бербей, Тулпардын баарын кырат го." Алмамбетке кеп айтат: "Аябай күндү жайлагын, Алмамбет баатыр!-деп айтат. "...Аябай күндү жайлай көр, Каркыра бою бийик өр, Катыра суук айдай көр. Ат семизи кымпыйсын, Сыртына тартып зыңкыйсын. Этинен калган аттар бар, Арыктын баары дыңкыйсын!" Ал сөздү айтып ийгени – Алмамбет жайга киргени. Калмакча дуба жат окуп, Баарыбыздан бат окуп. Тегерете терс окуп, Кытайча дуба нече окуп, Сурданып Алмаң калганы, Сууга жай таш салганы. Ачып көздү жумганча. Аттарды суутуп тынганча, Жаканын баары жамгырлап, Мөндүр түштү дабырлап. Бөксөнүн баары мөндүрлөп, Туурадан туман дүркүрөп, Кабыландан түнөрүп, Кызыл мунар күркүрөп, Астынкы калган аязга, Ат менен адам зиркиреп" [4:64-65-б.]. Баатырдык эпосто кыргыз фольклорунун көптөгөн жанрлары синтездешип өз ордуларын тапкан өңдүү "Хан Тейиш" тарыхый романы да макал-лакап, сүйүү, дин ырлары, жөө жомок, уламыштарды өз ичине камтып, алардын ичинен мифологиялык окуялары басымдуу түрдө берилиши, айрым тарыхый романдардан өзгөчөлөнтөт. Манастаануу илиминде "Сюжет и образы приобрели обобщающий, во многом гиперболический и даже фантастический характер. В них своеобразно отразилась история. Фольклор, особенно эпический, героический, постоянно и неотступно сопутствовал истории. Поэтому фольклор объясняет историю, а история фольклор" [5:35-б.] "В нем изобилуют подробные, мастерски описанные батальные сцены, эпизоды социально-бытовые с сохранением древнейших мифологических пластов эпоса" [5:43-б.]-деген өңдүү аныктамалар А.Стамовдун чыгармасына да кандайдыр бир өлчөмдө тиешеси бардай көрүнөт.

Жогоруда келтирилген негиздерге ылайык фольклордук-мифологиялык оозеки көркөм сөз өнөрү, профессионал жазма адабият чөйрөсүндө өз ара трансформацияланып акыл-эстин түпкүрүндөгү дүйнө менен жуурулушуп, окурмандын элесинде бир бүтүн элементти жаратууга жетишкендигин байкоого болот. Мындай себептерден улам кыргыз тарыхый романында мифтик, сыйкырчылык, кубулуу, дарым айтуу, диндик элементтер, ырым-жырым ритуалдары өңдүү кыймыл-аракеттердин кеңири берилиши илимий изилдөөнү дагы да болсо тереңдетүүгө талап коёт.

***Адабияттар***


1. *Искендерова С. Фольклордук поэтика жана жазма адабият (Илимий макалалардын жыйнагы). -Б., 2015. 274-б.*
2. *Сатамов А. "Хан Тейиш" тарыхый роман. - Б., 2009. 808-б.*
3. *Садыков А. Кыргыз залкарлары. 6-том. -Б., 2012. 304-б.*
4. *Каралаев С. «Манас». - Ф.,1958. 318-б.*
5. *Болджурова И.С., Шерстюк И.А. Краткая история Манасоведения -Б., 1998.72-б.*
6. *Акматалиевдин жалпы ред. астында Кыргыз адабиятынын тарыхы: "Манас" жана манасчылар. 2-том. -Б., 2004. 616-б.*
7. *Нарынбаева Н. Миф. Оозеки кара сөздүн көөнө уңгулары.- Б., 2011. 239-б.*

*УДК: 821.512.154*

***Урматбек Нурсейит уулу***
*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин*
*Түркология бөлүмүнүн магистиранты.*
*Email: bek_urmat@mail.ru*

# ОЛЖОБАЙ ШАКИРДИН "КУЮН ДООР" РОМАНЫНЫН КӨРКӨМ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

***Аннотация:*** *1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш кыргыз элинин аң-сезимине кара так калтырган негизги окуялардын бири. Ошол себептүү кандуу көтөрүлүштүн кыргыз адабиятында чагылдырылышы ар дайым мезгил талабы болуп келген. Өткөн кылымдын 20–30-жылдарынан баштап акын-жазуучулардын көңүл чордонунан орун тапкан "Үркүн" темасы азыркы учурда дагы өз популярдуулугун жогото элек.*
***Түйүндүү сөздөр:*** *үркүн, көтөрүлүш, сүрөттөө, адабият.*
***Аннотация:*** *Народно-освободительное восстание 1916 года является одним из самых важных событий, оставивших черный след в сознании кыргызского народа. Поэтому отражение этого кровавого события в кыргызской литературе всегда было актуальным. Тема "Уркун", начавшая с 20-30-х годов прошлого столетия обращать на себя внимание поэтов и писателей, и по сей день не теряет свою популярность.*
***Ключевые слова:*** *уркун, восстания, описание, литература.*
***Annotation:*** *The Kyrgyz national-liberation revolution of 1916 has been one of the darkest spots in Kyrgyz history. Ever since this bloody upheaval the need for literary enlightenment of those times has always been awaited in Kyrgyz literature. Beginnning from the 20-30ss of the last century the topic of 'Urkun' never lost its popularity among poets and novelists.*
***Keywords:*** *urkun, insurrection, description, literature.*

Кыргыз элинин тарыхында эстен кеткис кара тамгалар менен жазылып, орду толгус трагедияга айланган улуттук боштондук көтөрүлүш маселесин изилдөө кыргыз адабиятында 20-30-жылдардан тартып эле колго алына баштаган. Жазма адабиятыбыздын жаралуу доору так ушул жылдарга туш келет. Совет бийлигинин өкүмү сүрүп турган мезгилде кандуу кармашты ар тараптан изилдеп, чыгарма жаратууга бардык калемгерлердин күчү жете берген эмес. Анткени чийинден чыксаң кашайта турчу система бар эле. Ошентсе дагы алгачкы саамалык болуп Касымалы Баялиновдун "Ажар", Мукай Элебаевдин "Узак жол" повесттери жарык көрдү. Ошону менен катар эле Совет доору кулаганга чейин Айткулу Убукеев, Аалы Токомбаев, Эрнис Турсуновдордун чыгармалары жаралды. Кыргыз эли эгемендүүлүккө жеткенден кийин кыргыз коому акын-жазуучулардан 1916-жылдагы үркүн темасына жаңыча көз караашты, тарыхый окуялардын ар тарптан ачылуусун күтүштү. Бирок, дээрлик он жылдай аралыкта колго алаарлык жакшы чыгарма жарала койгон жок. 2000-жылдардан кийин гана Төлөгөн Касымбековдун "Баскын" (2000) жана "Кыргын" (2004) романдары удаалаш жарык көрдү. Андан кийин Жумакадыр Эгембердиевдин "Канат хан" (2006), Арслан Койчиевдин "Мисмилдирик" (2009), Калканбай Ашымбаевдин "Азат көчү" романдары окурмандардын колуна жетти. Жүрөктүн үшүн алган боштондук көтөрүлүшкө арналган чыгармалардын акыркылары болуп Олжобай Шакирдин "Куюн Доор" романы менен Темирбек Жолдубаевдин "Актоко" повесттери эсептелет. Негизги сөз учурдагы кыргыз адабиятында жаралган мыкты, салмактуу чыгармалардын бири Олжобай Шакирдин "Куюн доор" романы жөнүндө болмокчу.

"Үшкүрүк", "Өзүм менен өзүм" аттуу поэтикалык жыйнактардын; повесть, аңгемелерден турган "Эски тегирмендин орду" жыйнагынын жана ошондой эле "Күмүш сырга", "Алтын сырга" аталышындагы дүйнө ойчулдарынын афоризмдер жыйнагын кыргызчалаган, акын-жана жазуучу Олжобай Шакир "Куюн доор" романын 2014–2016 -жылдар аралыгында жазып бүтүргөн. Бул Олжобай Шакирдин алгачкы эпикалык жанрдагы бараандуу эмгеги. Тарыхый роман бир кылымдай аралыгында жаралган башка роман жанрындагы чыгармалардан кыйла өзгөчөлөнүп турат. Аты атап тургандай эле бир доорду, тактап айтсак казак баштыгы Кененсарынын башы алынышынан тартып, улуу атамекендик согуш жылдарына чейин баяндалган. Кыргыз-казак мамилесинин солгундашынын себептери, ак падыша заманындагы кара тактар, кандуу кармаш, коммунизмдин доору, басмачыга айланган большевиктер, казактын кайың саап, кыргыз элине оошу, атамекендик согуш тууралуу окуяларды тизмектеп сүрөттөгөн. Романдагы эң негизки өзгөчөлүк ушунда. Ошондой эле эки элдин ортосундагы курулган

диалогдор көңүлдү өзүнө бурдурбай койбойт. Арийне, дүйнө адабиятынын тажрыйбасында диалогдор көп учурда тигил же бул элдердин тили менен берилген мисалдар толтура. Анткени бул ыкма чыгарманын көркөмдүүлүгүн арттырып, окурманга эң ыңанымдуу табигыйлыгы менен кызыгууну арттырат. Ошондон улам автор дүйнө адабиятынын классикалык ошол өрнөгүн колдонууга аракет кылып, каармандардын өз ара баарлашууларын казакча жана орусча берген. Бул маалыматты автор өзү дагы тастыктайт.

Адатта үркүн темасына арналган көркөм чыгармалардагы эң негизги каармандар тарыхый каармандар болуп келген. Мисал катары улуттук боштондук көтөрүлүш маселесин чагылдырууда көп колдонулган образдар катары Канат ханды, Шабдан баатырды, Байтик баатырды атасак болот. Окуялардын өнүгүшү, түйүндөрүнүн чечилиши дал ушул каармандардын кыймыл-аракетине жараша түзүлгөн. Олжобай Шакир бул салттуу көрүнүштөн баш тарткан. Ал эл башкарып, туу көтөргөн бай-манаптардан эмес, коомдун алдыңкы катмарындагы, балтага сап боло турчу чыныгы жөнөкөй каармандарды тандаган. Романдагы эң негизки каармандар ата, бала Токтогул менен Каңдыбай. Ушу эки образ аркылуу бүтүндөй бир доорду баштан аяк баяндаган. Токтогул тарыхый булактарда жок болгону менен урпактарынын арасында уламыш болуп айтылып жүргөнүн автор өз кулагы менен уккан. Казактардын султаны Тезек төрөнүн кызматын кылып, жүз башы аталган. Кийин төрөнүн көзү өткөндө Атбашы өрөөнүнө кайтып келген. Ал эми Каңдыбай Кыргыз ССР энциклопедиясына Атбашыдагы биринчи токойчу катары кирген. Азыркы учурда Чеч-Дөбөдөн жогору кеткен токойду Каңдыбайдын токою деп аташат. Автор ушул далилденген маалыматтар менен романдын өзөгүн түзгөн. Токтогул кыргыздын тың чыкма азаматтарынын бири катары сүрөттөлөт. Жигитке таандык өнөрлөрдөн куру кол эмес. Мергенчи, даанышман, эр жүрөк. Боронбай бий барымтага алган эки инисин куткаруу үчүн казак төрөсү Тезектен жардам сурап барып инилерин куткарып алган. Ыраазылычыгы катары ага кызмат өтөгөн. Салыгы кыйнаган Кокон бийлигине каршы туруп, алардын жазасын берген. Тезек төрө тарыхый маалыматтарда 19-кылымдын, 40-жылдарында улуу жүз казактарынын албан тайпасына бийлигин жүргүзгөн [1,186]. Орус чиновниктери Чүй боорундагы жерлерди ченетип баштаган мезгилде Тезек төрө сыяктуу султандардын көмөгү менен жер чалгындоо саясатын жүргүзүп келишкени тарыхый булактарда маалым. Ошол себептүү романда Шабдан экөөнүн ортосунда айдар тикмей мамилеси чагылдырылган. Тезек төрө бир гана Шабданга эмес Байтик баатырга да ушудай мамиледе болгонун Төлөгөн Касымбековдун "Баскын" романынан да байкасак болот. Ал жерде, султан Бекешти өлтүрдүң деп, куну үчүн: "- Мына кайран Бекеш караламан беле, ал кадырлы султан эди, анын куну султан наркындай айтылат энди, - деди Тезек, - үч жүз жылкы, алты күң, экиси али энеси өппөгөн сулуу кыз болсун!"- деп, догурунат [2,51]. Жер маселесинен улам кыргыз менен казак башчыларынын ортосунда кайчы пикир, карама-каршы мамиле болгону белгилүү. Автор ушул окуяны да көз жаздымда калтырган эмес. Баласы Каңдыбайды салдатка жиберген учурда Тезек төрө каза болуп, өз жерине кайтууга мажбур болгон. Алгач Шабданга келип, салык жыйноо кызматын аркалаган. Романда Каңдыбай салдаттан кайтып келатып, өчөшкөн казактардын колуна туткун түшөт. Ушул окуя боюнча анын урпактарынын оозунан да угууга болот. Урпактары азыркы учурда Атбашы районунун, Акталаа айылында турушат. Туткундан кутулуп, качып келеткан Каңдыбайга жолдон дербиш жардам берет. Бул романга бир чети көркөмдүүлүгүн арттыруу үчүн, бир чети көчмөн элдин символу катары автор тарабынан кошумчаланган. Тактап айтканда өздүк фантазиясы десек туура болот. Ал Каңдыбайды узатып жатып келечекте боло турчу ишти төмөнкүдөй баяндап өтөт: "Кыл курт жоо дамамат ичтен кемирет, уулум. Акыры булар жамы журтка түмөн кыргын салар. Бытыранды майда калкка эзели жаасы жумшарбайт бул калктын. А эл жакшылары оруска күнкор болор шыйпаңдап, - деп асмандагы жылдыздарга тигилген Үсөйүн өз ишенимин бербеди" [3,100]. Демек, бул окуялар аркылуу эл башына кыргын сала турчу кыямат күн жакындап келе жатканын баамдасак болот. Каңдыбай кылыч шилтеп, найза сунуп, жигит курап, душманга каршы турчу каарман эмес. Ал илимге умтулган, дыйканчылыкты өздөштүрүүнү каалаган образ. Калктын калың катмары көрө элек дыйканчылыкты өздөштүрүп, токой тиккен иштерман адам.

Автор башка жазуучулардан айырмаланып кан төгүүнү башкачараак өңүттөн сүрөттөгөн. Ар түрдүү сюжеттер аркылуу чагылдырбаса дагы ал окуяларга азыраак орун бөлгөн, бирок жеткиликтүү болгонун айта кетсек болот. Бул тууралуу автор төмөнкүдөй пикирин билдирген: "Дүнүнөн анализ берип, аны көркөм чыгарманын деңгээлине көтөрүп чыгуу маселеси да тобокелдин иши эмес. Мына, эми эми тарыхый булактарга колубуз жетер учур келди, себеби кытай булактарынан дагы далай үрөй учурар фактылар табылышы мүмкүн". Жер ченөө ишине тоскоолдук кылып келген кыргыздарга орустар маал-маалы менен жазасын берип келген. Аларга каршы туруу үчүн топтолгон кыргыздар биринчиден болуп чоң кан төгүүнү баштаган. Мөкүш баштаган кыргыз жигиттеринин кыргыны төмөнкүдөй баяндалат: "Орус оторчуларынын үстөмчүлдүгүнөн жаны ачып келген кара кыргыз тукуму кыштак ичиндеги тарсылдаган мылтык үнүнөн жалтанаар эмес. Ар-ар жерде үйлөр, сарайлар өрттөнүп кымгуут түшкөн кыштакта катындар бир жагынан чырылдар, чочконун торопойлору бир жагынан чыңырып, "карс-курс" урушта кан жайылды туштуштан. Жансоога тиленген орусту аяган киши болбоду. Арыда орустун наристе баласын койдой мууздап, "Биздин бооз катындардын курсагын жарган оруска убал жок" дегени бар. Үйлөрдү түтүнмө түтүн сапырып, тебелеп, буюм-тайымын ташынып кетип аткан кыргыз бар; орустун кыз-келинин мончосунан чаңыртып басып алып зордуктап аткан кыргыз бар; мужуктардын жарагын тартып алып, жалбарса болбой өзүн ит аткандай атып атканы бар; биринин ат арабасын ээлеп, үй эмеректерин жүктөнүп кетип атканы бар..." [3,191]. Жогоруда баяндалгандай эле биринчи кыргынды кыргыздар баштаган.

Орустун куралдуу каршылыгына туруштук бере албаган кыргыз эли Кытайга качууга аргасыз болду. Жогору айткандай эле автор элдин Кытайга качуудагы аракеттерин өтө эле аз сүрөттөгөн. Бул тууралуу автор,

"Куюн доор" романынын бет ачаарында төмөнкүдөй пикирин билдирген: "Куюн доор" менин өмүр бою жаза турган чыгармам. Себеби ак падыша менен большевиктер заманындагы катаал тарыхты жазууга узак жылдар керек. А мен акыркы үч-төрт жылдан бери жалаң адабиятка бир беткей багыт алган күндөн тарта туруктуу финансылык булагым жоктугунан улам буга чейинки жазылган бөлүгүн бир томдук кылып чыгарып, куру дегенде китептен түшкөн киреше менен тирлик кылып турууну чечтим. Себеби бул китеп чаң басып бурчта жатаар деңгээлдеги чыгармалардан эместигине толук көзүм жетти. Китепти эрте чыгарууга ашыкканымдын андан да маанилүү себеби – учурдагы геосаясый кырдаалды көрүп атпайбызбы: мен ошону чыгарманын контекстинде туюнтканга аракет кылдым."

Чыгармалардагы окуялар бир тараптуу чагылдырылып калган деген пикирден алыспыз. Себеби кыргыздардын кемчилиги да көрүнүп турат. Кытайга качып, бөтөн элге кор болуп, ал гана эмес өз элинен, жатындаш тууганын чыккынчы чыгып азапты тарткан кыргызды, 1877 жана 1879-жылдары качып келген дуңгандар менен салыштырган. Күндүзү кымыз, түнү кыз деп ат ойнотуп дуулдаган кыргыздын караан күн башына түшкөндө ар-намысын унутуп, жан сактоо үчүн уурулук канында бар сыяктанып, колу туткак болуп чыгат деп эч ким күтпөсө керек. Автор: "Мээнетчил дунган жерден баш көтөрбөй, сормо саздак жерлердин камышын кыйып, үстүнө алачык тикеледи. Кытайдан төшөнчүсүз качып келген кургурдар камыштын кабыгын сыйрып, алдыларына олпок-олпок төшөндү. Өз ырыскысын кыргыздын босогосун сагаалаткан тилемчиликтен издебей, кара жерден издеди. Токмокко каттаганы шилекейин агызып, дуңгандын лагманы менен мантысын сатып жеп тамшанды. Эмнеге дуңгандын колунан келген мээнет биздин колубуздан келбейт деген кыргыз чыккан жок" [3,240]- деп жүрөгүн толгоп алат. Бул кыргызды кемсинтүү эмес, тек гана бакыйган чындыкты элге жеткирүү болгон десек туура болор.

Совет бийлиги толук орногондон кийин элди отурукташтыруу маселеси кабыргасынан коюлган. Жалпы калкты бир кыштакка чогултуп отурукташтыруу мезгилинде "эл каттоо" деген элдин үшүн алган маселе чыккан. Сабатсыз калыктын ошондогу абалын автор мындайча сүрөттөгөн. " – Паспурт алдыңбы? – Кайдан алмак элем, кайсы жылы, кайсы мезгилде туулгандыгымды ата-энем билбесе, же өзүм билбесем... – Ээ, ал оңой эле, - дейт паспуртту элден мурда алган бирөөсү тигилерге эрдемсип – жайлоого көчүп атканда же көчүп келгенде туулганмын десең эле паспурт жазып беришет. – Мен деле ошентип айткам, жазып алышкан. Бүгүн алам го эмнеси болсо да. Бирок атам айтат: "Чоң кар жаап, биз Аксайга жаңыдан көчүп барган жылы туулгансың" – деп. Апам айтат: "Жо көчүп келген жылы туулгансың. Баланы тууган мен билемби же сен билесиңби?" – деп [3,356]. Бул маселе бир гана айылда же өрөөндө катталбастан, жалпы кыргыз журтундагы абал ушундай болгон. Андан сырткары актип болуп жүрүп кесилип кеткен же сельсовет болуп жүрүп түрмөгө кетип кайтпай калган адамдар болгон. Совет доорунун катаал мыйзамы сельсовет, актив аттуулардын далайын шорлоткон тагдырларын Турдаакун аттуу каарман аркылуу чагылдырууга аракет кылган. Турдаакун алгач эл менен үркүп, Кытайга барып кыйынчылыкты башынан өткөрүп келет. Отурукташтыруу башталганда актив катары көптөгөн адамдардын убалына калып, канчалаганын сүргүнгө айдатып, байкуш жетимдин көш жайын аябай акыркы нанына чейин тартып алган күндөрү болгон. Акыры бир күн арына келип, сүргүнгө айдала турчу адамдардын тизмеси сакталган канторона өрттөп, катын баласын ээрчитип тоо таянып, андан ары Кытай тарапка ашып кетет. Мындай тагдырлар көптөгөн кыргыздардын башына түшкөн.

Жыйынтыктай турган болсок Олжобай Шакир бул романы аркылуу кыргыздын башын кара булуттай каптаган кыйын кырдаалды кагаз бетине түшүрүп, окурмандарына адабий белек катары тартуулай алган. Бир кылымдай аралыкты камтыган чыгарма кыргыз элинин бүтүндөй жашоосун, тагдырын кайрадан көз алдыбызга чагылдырууда

***Адабияттар***


*1. Нысанбаев Ә. Қазақстан: Ұлттық энциклопедия. – Алматы, 1998. VIII том. - 670-б.*

*2. Касымбеков Т. Баскын. – Б., 2000. - 263-б.*

*3. Олжобай Шакир. Куюн доор. – Б., 2016. - 453-б.*

*4. Гүлзада Станалиева. 1916-жыл кыргыз прозасында. – Б., 2016. -226-б.*

*УДК 82/820(575.2)*

***А.Т. Аламанова***
*К.Карасаев атындагы БГУнун аспиранты*

# ЖАПАРКУЛ ТОКТОНАЛИЕВДИН “ХАН ОРМОН” ТАРЫХЫЙ РОМАНЫНДА ФОЛЬКЛОРДУК МОТИВДЕРДИН ОРУН АЛЫШЫ

***Аннотация.*** *Берилген макалада Жапаркул Токтоналиевдин 19-кылымда Кокон хандыгы, Цинь империясы жана Орус падышачылыгынын кысымына, Ормон хан башында турган кыргыздардын көз карандысыздыгын сактоого жасаган кыймылын чагылдырган “Хан Ормон” (2005-ж.) тарыхый романындагы Калыгулдун насааттары жана дидактикалык чыгармалар концепциясынын орун алышы каралат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кыргыз тарыхый роман, дидактикалык чыгарма, Калыгул, фольклордук мотив, уламыш, үрп-адат, каада-салт.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается расположение наставлений Калыгула и концепции дидактических произведений в историческом романе «Хан Ормон» (2005 г.) Жапаркула Токтоналиева , отражающий действия направленные против притеснений Кокандского ханства, Циньской империи и Царской России и сохранения независимости кыргызов в 19 веке во главе с Ормон ханом.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызский исторический роман, дидактические произведения, Калыгул, фольклорный мотив, предание, обычай, обряд.*

*This article describes placing of Kalygula's teachings and concepts of didactic works in the historical novel "Khan Ormon" (2005) by Zhaparkul Toktonalieva, reflecting actions against the harassment of the Kokand Khanate, the Qing Dynasty, and Tsarist Russia and preservation of Kyrgyz independence in the 19th century led by Khan Ormon.*

***Keywords:*** *Kyrgyz historic novel, concepts of didactic, Kalygul, folk motive, legend, custom, ritual.*

Кыргыз фольклорун таануу менен бирге, биз кыргыз элинин үрп-адаты, каада-салты, байыртадан калыптанып келген маданияты менен таанышабыз, ошол ата-бабалар оозеки түрдө аздектеп сактап келген маданиятыбыздын түпкүрүн таанып бай туруп алдыга умтулуу караңгылыкта жол издөөгө барабар. Ылдамдык менен жаңыланган коомдо “түбү бекем эл” гана сакталып калаары закон ченемдүү көрүнүш, мындай заманбап доордун – жаштарына “фольклор” тууралуу маалымат берүүдө эң жөнөкөй методдордун бири бул адабий көркөм чыгармаларда фольклордук жанрларды көркөм чагылдырып берүү. Мына ушундай чыгармалардын катарында кыргыз тарыхый романдары да популярдуулугун эч жоготпой, доордун кайсыл гана учуру болбосун, агымына жараша, эскирбестен улам жаңы күч алып окурмандардын жан дүйнөсүнөн табылгыс түнөк таап келүүдө.

Кыргыз фольклору кыргыз маданиятын чагылдыруудан сырткары анын турмуштук – тарбиялык мааниси жагынан өтө терең келгендиктен, аны чыгармада баяндоо өтө чоң кылдаттыкты талап кылаары шексиз, мындай профессионалдуулукту Ж.Токтоналиев “Хан Ормон” тарыхый романында жеткиликтүү бере алган. Тарыхый роман жараткан чыгармачыл инсан көпчүлүк учурда “фольклордук мотивтерди” колдонуп, анын натыйжасында архивтик материалдарга көркөм адабий түр кошуп, берейин деген ойун толук чыгылдырууга жетишет. Автор романдын сюжеттик образын ачууда архивдик материалдардан сырткары өткөн доордун белгилүү болгон, алгачкы кыргыз сөз усталарынын бири нускоочу, ойчул акын Калыгулдун фольклордук мурастарына жана дидактикалык чыгармалар жыйнагына кайрылган. Негизинен “санат, насыят ырлары лирикалык жанрдын башка түрлөрүнө караганда философиялык ой жүгүртүүлөрү менен айрымаланат, мында нускалык (дидактика) үгүт, үлгү ойлор күчтүү жана кеңири берилет”,[1:214-б.] мындай философиялык ой жүгүртүүнүн өзөгүн Калыгул олуянын чыгармаларынан кеңири кездештирүүгө болот. Тарых барактары эскерткендей хан Ормондун доорунда Калыгулдун коомдогу ээлеген орду, аткарган кызматы жөнүндө эл арасында калыстыгы, көрөгөч олуялыгы менен атагы чыгып өзгөчө кадыр-баркка ээ болгон. Эл ичинде “Кат алышып барышчу, Оруска кабар салышчу, Элчилери бар экен, Ушунун баарын эптеген Калыгулдун кеби экен”-деген уламыш-аңыздарга таянсак тарыхчы Б.Солтоноев “Калыгул Ормон кандын жардамчысы болгон”-десе, А.Акматалиев мындагы “жардамчы”-деген сөздү уруу башчысынын калк башкаруу ишине түздөн-түз көмөк көрсөткөн, кандайдыр мансаптык милдетти аткарган маанисинде эмес, акылчысы, орчундуу мааниге ээ иштерде кеңеш берген адам маңызында колдонсо керек” [4:160-б.]-деп түшүндүрмө берген. Чындыгында “Ка-

лыгул атайын көлөмдүү чыгарма аракетин көрбөстөн, өз сөздөрүн эл арасында акыл-насаат, кеңеш берүү максатында, ыгы келген учурларда гана, макал-лакап, учкул сөз, чулу ой камтыган сүйлөмдөр, куплет, же чакан ыр түрмөгү – масел түрүндө үзүндү-үзүндү формасында айткандыктан...” [4:39-б.] аларды Ж.Токтоналиевдин тарыхый романында да кыска үзүндү-үзүндү түрүндө кездештиребиз. Чыгармада Калыгул олуя – Кокон ордосунда Нарбото бийден калган нарк бузулуп, кичүү энеси, Омор хандын токолу менен сына кылган Мадали хандын абийири төгүлүп, Бухар эмири Насрулла шариат жолунан чыккан бузуку Мадали ханды кудай атынан жазалайм деп Коконду чапканга азирленип турган кезин Боронбай бийге кеп салып, “Ханды Кудай урарда, Каада унутуп мас болот. Кылган иши пас болот. Абийири төгүлүп, Калкы менен кас болот”, -деген экен ойлуу бараткан Калыгул, мындай масел сөздөр мындан бир жарым кылым мурда айтылган кеп болгон болсо да, алардын мааниси жагынан биздин заманыбыздын кай бир учурларына да туура келген сыңар.

Романдын “Хан көтөрүү” бөлүмүндө: “Жакшы болсоң, жердей бол, Баарын чыдап көтөргөн. Таза болсоң суудай бол, Баарын жууп кетирген. Ырыс алды ынтымак, Ынтымагын болбосо, Алдыңдан таяр алтын так” [2:98-б.] -деп берилген, Калыгулдун куплет ырлары– учкул сөздөр, акылман ойлор, фразеологиялык афоризмдер, макал-лакаптар менен азыктанып көлөмдүү формаларды жаратат да “...лексикалык мааниси жагынан бири-бирине табигый жактан айкалышып, элдик философияны алып жүрөт” [1:214.]. Автор бул өңдүү фольклордук мотивдеги мааниге ээ болгон насилдин негизинде, эл башкарган эрендер чыдамкай, ички-сырткы дүйнөсү төп келишкен таза, эл ынтымагын чыңдаган эр-азаматтардан болушун чыгарманын негизинде дагы бир ирет баса белгилеп, өткөн доордо болобу, заманбап учурда болобу Калыгулдун насили үлгү катары актуалдуулугун жоготпой келгендигин көрсөтөт. Мындан сырткары Калыгулдун өмүр жолу Ормон хандын дооруна дал келгендиги, Ж.Токтоналиевдин жараткан романына – тарыхыйлык принцибин берүүдө аз да болсо өз салымын кошуп, өтө чоң роль ойногондугун чыгарманын жүрүшүндө байкоого болот.

Калыгулдун насилдери фольклордук мотивде болгон күндө да, чыгармачылыгынын маани-маңызында “коомдук аң-сезим, элдин турмушу, анын социалдык-саясий, экономикалык абалы, моралдык-этикалык түшүнүктөрү жөнүндөгү системалуу ойлор” [3:39-б.] мүнөздүү келип, аны акылман көрөгөч олуя катары таанытып, доордун алмашуусу менен күчүнө кирип иш-жүзүндө тастыкталып жаткандай ой калтырат. Тарыхый романда Калыгулдун насили “Жылдан жылга замана, Кыйын болот ошондо. Эсеп кылып мал алган, Тыйын чыгат ошондо. Андан кийин билимдүү, Адам чыгат деп уктум. Түрдүү-түрдүү акылдуу, Аяр чыгат деп уктум. Калайыкты бийлеген, Аял чыгат деп уктум... Минген атын карасаң, Жорго болот деп уктум. От араба дилгирем, Жол кыскарат ошондо. Этек-жеңи чолоюп, Тон кыскарат ошондо. Атасынын сөзүнө, Бала кулак көп салбайт... Ошол жакшы биз жаман, Кийин келет бир заман. Биз жашаган тар заман, Кийин келер зар заман. Кыйкырыгы бел ашпай, Үн кыскарган бир заман. Кылса жумуш бүтпөгөн, Күн кыскарган бир заман...” [2:59-60-б.]-деп берилиши, хан Ормондун заманында айтылгандыгына карабастан, мында бүгүнкү элдин кулк-мүнөзүндөгү жакшы-жаман касиеттери, жүрүм-турум сыяктуу моралдык-этикалык проблемалары чагылдырылгандыгын даана байкоого болот. Чындыгында ар бир доор адабият чыгармаларына өзүнүн позициясынан туруп баа берет анда “социалдык-экономикалык формациялар бирин экинчиси алмаштырып отурган сайын, анын идеологиясы да алмашып, өзгөрүп, көркөм мураска болгон мамиле да, аларды интерпретациялоо, түшүндүрмө берүү иши да доордун саясий-идеологиялык, социалдык-маданий алкагында жүргүзүлөт” [3:42-б.].

Мындан сырткары, тарыхый романдагы фольклордук мотив көркөмдүк кыймылы жагынан, жөнөкөй жана түшүнүктүү келип, ар бир окурмандын аң-сезимине жеткиликтүү жооп берген, себеби чыгарманын ар бир берилген эпизодторунда каармандардын берейин деген ойу дидактикалык чыгармалар менен шөкөтөлүп көркөм баяндалган. Чыгармадагы “Көңүл кушун издөө”, “Ар кимдин өз ырыскысы бар” аттуу бөлүмүндө казактын улуу жузүндөгү айтылуу Мендибайдын кызы Уулбала “бел куда” күйөөсү Сарсен султандын уулун чанып, эркек кийимин кийип, кыргыздын мыктысына тием деп качып чыкандыгы баяндалат. Ал кызды аң улоодон келатып, ашуу түбүнөн жолуктурган Алыбек, үйүнө алып келет. Чыгарма, андан ары Кулжалуу төргө түнөй ууга чыгып, таң саарында кийик оттомдо Чубатуудан кийик атып олжолуу болушкан беш-алты атчан коктунун оозундагы айылга жакындап келгендигин айтат. “Ат адамдын канаты” демекчи, бул жерде автор кыргыз ичинде төбөсү көрүнүп баатыр аталып калган Ормондун образын берүүдө, бирин-бири толукталып турган, анын минген атынын өзгөчө сулуулугун фольклордук терминдер менен сүрөттөлүшү, төп келишкендей байкалат “Зээри бийик, соорусу жайык, чаткаягы кенен, жалдуу чоң тору ат минген кең далылуу, олбурлуу киши обочо бастырууда, башында кара кыймалуу ак калпак. Боз пиязы чепкенинин арткы этеги чоң торунун соорусун жаба, өңүр этектери тизе алдына камтылган, асынганы шыйрактуу мылтык. Төшүн жаба жайкалган кара сакалы, сыпаа серпилген узун муруту, дөңүрөөк кырдач мурун, жаактуу кара сур жүзүнө төп келе бул зор кишинин турпатына өзгөчө сур берип тургансыйт. Ат тизгинин тыкан кармай, оң билегине булдурсун камчынын бүлдүргөсүн иле, эч кимге үн катпай өзгөчө ойлуу баратат” [2:45-б.]. Айылга жакындаганда Алыбек Ормонго жандай бастырып, үйүнө кайрылып кымыз ичип суусундарын кандырып кетүүсүн өтүнөт. Атчандар Алыбектин тогуз канат ак үйүнүн жанына түшүшүп, аттары кермеге байланган соң үй-ээсинин коштоосунда өргөгө киришет. Үй ичи салттагыдай жасалгаланып, төрдөгү килем жабылган такта үстүнө үч кертим жүк жыйылып, үстүнө ак жаздыктар коюлган. Ак жоолугун оңдой салына, кара кемсел жашыл көйнөгүнүн этеги көйкөлгөн Алыбектин аялы ордунан тура төргө көлдөлөң салды... Дасторкон жайлып кымыз, куурдак тартылат, ошол жерден Ормон менен казак кызы Уулбала бирин-бири көрүп, жактырышып калышат. Ормон аттанаарда Алыбектен кызды ага аялдыкка берүүсүн суранат, ал эми көрүндүгүнө, сүйүнчүсүнө каалаганыңды ал дейт. Тарыхый романда

автор тарыхый окуялардын доорун гана көрсөтүп тим болбостон, тарыхый инсандардын портрети аркылуу анын психологиясын, көз карашын, жүрүм-турумун кошо чагылдырган. Мындан сырткары Ормондун айланасында болуп жаткан кыймыл-аракеттердин натыйжасында жалпы элдин ошол мезгилдеги жашоо турмушун, оокат-тиричилигин, жада калса калктын каада-салтын, үрп-адатын чагылдырууда да историзим принциптери так сакталып, кыргыз фольклордук мотивдерди профессионалдуулук менен колдонгон.

Жашоо башатына жаңыдан кадам шилтеген он алты жаштагы Уулбала ата-эненин эркинен мойноп чыгып, казак-кыргыз ичинде илгертен болуп көрбөгөн жоругу менен күйөө издеп качып чыккан жосунун жазуучу "Кызыл кызыл кыялар, Кыргый талга уялар. Акыр заман болоордо, Такыясын колго алып, Кыз күйөөсүн кубалар" [2:46-б.]-деп, Калыгулдун маселине тууралап, кыз баланын тартынбай күйөө издеп чыгышы, кандай учур болсо да тарбиялык жактан туура эмес жоосун экендигин белгилеген. Бирок ошол эле учурда тарыхый инсан Ормон баатырдын хандык беделине шек келтирбес үчүн "Аял затынан чыккан көй кашка го."-деп, Уулбаланы аялуу арзуусуна төп келген-бийик адамгерчиликти издеп тапты деген. "Коомдун прогресси жана элдин психологиялык менталитетинин эвалюциясы кайсы элдин болбосун традицияларына өзгөрүүлөрдү, жаңылануулары алып келет" [1:109-б.]. Бирок буга карбастан Ж.Токтоналиев, фольклордук мотивдин негизинде тарыхыбызда жазылып, күнү бүгүн эл арсында аткарылып, сакталып келген каада-салтыбыздын бири "үйлөнүү" шартын, баштапкы калыбында көркөм сүрөттөөгө жетишкендигин төмөнкү саптардан улам көрө алабыз. "Атайы көтөрүлгөн аземдүү ак өргөнүн эпчи капшытына тартылган ак көшөгөдө бүркөнчүктүү шөкүлөчөн, көк макмал кемсели боюна кынала, кош этек ак көйнөгү сыңар тизесин жаба көйкөлүп, колукту отурат. Жанында көптү көрүп тиш каккан кадырман жеңе кыздын беш-beштен эки жагына өрүлгөн кара чачтарын сылай эркелете" [2:47-б.]. Өргөгө Ормон кирип келиндин "бет ачары" деп чөнтөгүнөн бир тай туяк жамбыны жеңесине карматат да, жан чөнтөгүнөн бир ууч күмүш теңге алып чыгып, Уулбаланын шөкүлөсүнүн төбөсүнөн ылдый чачып жиберип, бүркөнчүктү серпе сала, кыздын чырайына маашырлана жылмайды... кыз-келиндер өз ара күмүш тыйындарды терип, эшиктен "Кыз ойготоор" күүсү угулуп көңүлдү терметти. Дасторкон жайылып дүрдүйүм даам коюлду, ошондо Ормон Улбалага: "-Кандай дейсиз, үй ээси, казактын "Айдын" көлүнөн учкан ак куу "Ысык-Көлгө" эмес башка көлгө консо, мындай насип татат белеңиз, асмандагы тоодак менен өрдөктү атайын сизге арнап аттырып келдик,-деди, астыртан назар сала. Уулбала ыраазылыгын билдирип, Алла Таала буйруган ырыскыны ар ким кайда болсо да даам татаарын айтат. Буга ормое караган Ормонго Уулбала "конок койдон жоош" эп көрсөңүз эртегиден бир икая айтып берейин деп жумшартат.

"Аракет кылсаң – береке" демекчи бул жерде автор окуянын ичинен жомок айтууга шарт түзүп, эмгекти сүйгөн ар бир адам, кандай гана жашоо шартына туш келбесин кыйынчылыктарды жеңе билет десе, экинчи жагынан ар бир пенде жаралган учурга чейин эле, алдын ала буйруп жазып койгон тагдыры, ырыскысы бар деп, адамдык акыл эстен жогору турган кыймылдаткыч күчтүн бар экендигине окурманды дагы бир ирет ынандыргысы келет. Окуяда бир Падыша өзүнүн көлдүү, суу бүркүп чачыратмалуу чарбагында, көрөр көз кичүү аялы менен дүйүм даам татып, көңүл кушун таптай бактылуу отурганда, падыша асманда учуп бараткан өрдөктөрдү көрүп, жигиттерине – өрдөктөр кайда консо да атып келип падыша айымга кебеб жасап келүүсүн буйрат. Адис мергендер өрдөктөрдү атып, кебеб жасап келип, падыша айымдын алдына коюшат. Мындай сөөлөткө курсант болгон падышанын көөмөйүнө адамдык манчыркоо толуп, аялына "кандай дейсиң, сен менин аялым болгон үчүн асманда учуп бараткан канаттуунун кебабын татып отурасың"-дейт. Анда аялы падышанын аялы болгондугуна бактылуулугун айтып, бирок ар ким маңдайына бүткөн ырыскысын кайда болсо да татаарын айтат, мындай жоопту күтпөгөн падыша намысы кайнап, кекерлүү үн менен андай болсо ырыскыңды өзүң таап же деп, аялына талак берет. Падыша сарайынан чыккан Салима айым шаардын көчөлөрүн арта, акыл калчап сабырлуу кетип баратты. Тар көчөлөрдүн биринде, сынып жерде жаткан эски эшиктин алдында бети-баштары жуулбаган, чачтары өскөн эки бала ойноп отурат. Аларга жакын келип ысымдарын сурап, Сеит азанкечтин балдары экендигин билет. Балдардан үйүнө кирип бешим намазын окуп алууну суранат, короосу жыйналбаган, эски тамга кирсе, чачы саксайып жоолугунан чыккан, кийими кир аял жыртык төшөк үстүндө отурат. Саламдашып, намаз окуп алууга уркусат алат. Намаз акырында, аялдын берген уруксаты үчүн үйүн жыйнап берет, бейтааныш аялдын илбериңки аракетинен үйдүн ичи жарык болуп, кеңейе түшкөнсүгөнүн байкаган үй ээси, Салимага күндө келип иштеп берүүсүн сурaнганда, Салима айым аялдын үйдө калып кызматын жасап берүүгө макул болот. Аял, күйөөсү таң азанда эшегин минип мечиттин жанынан өткөндүгү үчүн "Сеит азанкеч" деген лакап атка конгонун айтып, ал токойдон отун терип базарга соодалап акчасына ун алып келерин айтат. Салима айым аялды балдары менен кошо жуунтуп, казан-аягын иреттеген соң аялдын жанына отуруп, өзү башка шаардан келгенин, бул шаарда иши бүткөнчө болорун айтып түшүндүрөт. Күн бата баштаган учурда көк эшегин минген Сеит азанкеч үйүнө кайтып келип, көргөн окуяга айраң-таң калат. Ошентип күндөр өтүп эмгек менен алп урушкан Салима айым күн бою жаны тынбайт. Үй ээлеринин, балдарынын кийим-кечелери жуулуп-жамалып бойлору тыңдалып, көңүлдөрү көтөрүлө жардамдашып, алдыдан жакшылык күтүп жашоого өтүшөт. Алынган унду сарамжал тамак жасап, ашканын чогултуп, дандырга нан жаап балдарды базарга чыгарып соода жүргүзүүгө үйрөтүп, оокатты тирдей баштайт. Жыйылган каражатка керектүү каздемелерди алып, келишимдүү сайма буюмдарды жасап базарга чыгып соодалашат. Үй-бүлөө жапа тырмак колунан келгенин иштеп, ынтымактуу жашоо өкүм сүрөт. Көп өтпөй киреше көбөйүп, жаңы курулган кенен үйгө киришти. Сеит азанкеч качырларга, төөлөргө жүк арта кербен куруп Багдадтан Мисирге, Шамга өтүп кадырлуу чоң соодагер болот. Байлыгы, мартабасы артып "Сеит мырза" атка конуп, анын аты падыша сарайында да оозго алына баштайт. Салима айым

Сеит байды, падышага жиберип шаардын четиндеги кооз жайдан жер бөлдүрүп алат да, чыгаан усталарды жалдап эки-үч жыл ичинде падышанын көлдүү чарбагына куюп койгондой окшош ажайып жайды салдырып бүтөт да падышаны мейманга чакыртат. Сеит байдын мейман сарайында, чабагында падышаны күтүү камылгасы көрүлөт, үй ээсинин коштоосунда имаратка кирген падышанын ичи тарый түшөт "Бул уятсыз соодагер мени менен атаандашууга өткөн экен да. Коё тур, мунун баарын өзүнө буздурамын. Жазасын колуна беремин"-деп ичинен кекенет да, Сеит байдан сураштырып, бул жайларды эжеси тейлеп курдурганын угат. Падыша дасторкондон даам татып отуруп "Атаа, көрчү тагдырдын кыйчалыштыгын, ушунун эжесиндей аялга үйлөнбөгөнүмдү карачы, андай болгондо мартабам мындан да жогору болмок экен"-деген ойго чөмүлөт. Аңгыча падыша серүүнгө чыгууну сунуш этип, Сеит бай, падыша менен чарбактуу көлүн бойлоп, фонтанга жакын чарпаяга отурушат, алдына өрдөктүн этинен жасалган кебаб коюлат аны ооз тийген падыша "...Мындан беш жыл илгери талак эткен аялым эсиме түштү, ошондон бери мындай кебаб жей элек элем"-деп оозун жыйнагыча, жарашыктуу кийими менен Салима айым таазим этип чыгат. Эч кимге ордунан туруп көрбөгөн падыша тура калып Салима айымды жанына отургузат. Ортодо эч нерсе болуп өтпөгөндөй жылуу мамиле менен Салима айым "-Кебабдан алыңыз, асмандагы өрдөктүн этинен жасалды. Сизге Алла Таала буюрган насип-ырыскыңыз"-дегенде, падыша "-Айым, бул сенин ырыскың. Мен сени менен ырыскылаш болуп отурганыма курсантмын. Мен пенделик менен текеберленген экемин. Орунсуз капа эткеним үчүн сенден да, Алла Тааладан да кечирим сураймын."-деген экен [2:48-49-50-51-52-б.].

Жогоруда келтирилген негиздерге ылайык Калыгулдун насааттары хан Ормондун тарыхый тагдырына айкалышы жана автор тарабынан фольклордук мотивдеги чыгармаларды кенен колдонушу, чыгарманын маанисин ачып көркөм чагылдырган. Жалпысынан алганда фольклордук мотив, чыгармага тарыхый баалуулук берип, көркөм сүрөттөөдө боёк кошуп, дидактикалык чыгармалар топтому образдарды ачууда табылгыс функция аткарат. Демек фольклордук мотивтерди кыргыз тарыхый романдар контексинде илимий-изилдөө дагы да болсо актуалдуулугун табат.

***Адабияттар***


1. *А.Акматалиевдин жалпы ред. астында Кыргыз адабиятынын тарыхы 1-том.-Б., 2004. 684-б.*
2. *Токтоналиев Ж. "Хан Ормон" тарыхый роман 1-китеп.- Б., 2005. 596-б.*
3. *Турдугулов А. Кыргыз классикасы.- Б., 2005. 368-б.*
4. *Мусаев С., Акматалиев А. Акылман Калыгул.- Б., 2000. 272-б.*

***AKYÜZ Murat***
*Öğretim görevlisi, Doktor*
*Nile University Of Nigeria*
*Email: akyuz.murat@gmail.com*

# TUHFETÜ'L-ÂHBÂB FÎ TEZKİRETİ'L-ÂSHÂB'IN BASILMIŞ NÜSHALARI VE BU NÜSHALAR ARASINDAKİ FARKLAR

***ÖZET.*** *Kârî Rahmetullah Vâzih'in hiç şüphesiz en meşhur eseri "Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb" adlı şair tezkiresidir. 1871 yılında yazılmış olan bu tezkirenin bilinen onbeş adet el yazma nüshası çeşitli kütüphanelerde korunmaktadır. Bu eser 1914 ve 1977 yıllarında olmak üzere iki sefer basılmıştır. Ancak bu baskılar arasında çeşitli farklılıklar bulunmaktadır. Bu çalışmamızda her iki baskı arasındaki farklılıklar ele alınacaktır.*

***Anahtar Kelimeler:*** *Kârî Rahmetullah Vâzih, Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb, Selimbek Selimi, Asgar Canfedâ*

*Рахматулло Возех Кары «Тухфат ал—ахбоб» чыгармасында өзүнүн өмүр баянын жазган. 1871-жылы жазылган бул чыгарманын он беш даана (экземпляр) кол жазмасы ар түрдүү китепканаларда сакталып турат. Аталган эмгек 1914-жылы жана 1977-жылы эки жолу басмадан жарык көргөн. Ошондой болсо дагы бул басылмалардын ортосунда бир катар айырмачылыктар бар. Бул макалада чыгарманын эки нускасынын (вариантынын) ортосундагы өзгөчөлүктөр талданган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Рахматулло Возех Кары, Тухфат ал—ахбоб, Селимбек Селими, Асгар Жанфеда.*

*Возех Кори Рахматулло написал свое автобиографическое произведение «Тухфат ал—ахбоб» в 1871 году. Рукописи (15 экземпляров) данной работы хранятся в различных библиотеках. В 1914—1977 годах два раза издавалось данное произведение. Тем не менее в вариантах имеются различия. В данной статье анализируются некоторые особенности между двумя вариантами данной работы.*

***Ключевые слова:*** *Рахматулло Кори Возех, Тухфат ал—ахбоб, Селимбек Селими, Асгар Жанфеда.*

*Rahmatullo Kori Vozeh wrote his biographical work Tuhfat al-ahbob in 1871. Fifteen variants of manuscripts of this work are kept in different libraries. This work was published twice in 1914-1977. Howevere there are some differences in these variants. This paper analyzes the distinction between these two variants of the work.*

***Key words:*** *Rahmatullo Kori Vozeh, Tuhfat al-ahbob, Selimbek Selimi, Asgar Janfeda.*

## GİRİŞ

Kârî Rahmetullah Vâzih'in hiç şüphesiz en meşhur eseri "*Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb*" adlı şair tezkiresidir. 1871 yılında yazılmış olan bu tezkire (Enûşe tezkirenin yazıldığı tarihi 1282H. (1865 m.), Ma'ânî ise 1288 H., Canfedâ ise 1871 yılı olarak verir. Her ne kadar Kârî Rahmetullah Vâzih tezkiteyi ne zaman yazdığını belirtmemiş olsa da tezkirede geçen "Elhamdulillah ki bu yüz yirmi iki (122) yıl içinde ki Turan zemininin gelini ki Mangıtiyye padişahlarının kontrolü altına girmiştir.(الحمدلله درین مدت در زمین توران تکلمم سورع ، هک لاسود و تسیب ودص کی عقد تصرف سلاطین منغتیه درآمده)" ifadesi eserin 1871 yılında yazıldığını göstermekte ve Enûşe'nin vermiş olduğu 1865 tarihinin yanlış olduğunu ortaya çıkarmaktadır.), Orta Asya coğrafyasında yazılan tezkireler arasında en önemlilerden birisidir. Bu tezkire "*Tezkire-i Kârî Rahmetullah Vâzih*" olarak da bilinmektedir. [Enûşe, 277-28]

*Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb*, XIX. ve XX. yüzyıl Orta Asya (Buhârâ Hanlığı ve Özbekistan) edebiyatının en önemli kişilerinden birisi olan Sadreddîn A'ynî Semerkandî *"Numûne-i Edebiyat-ı Tacik"* adlı meşhur kitabının kayak eseri olmuş tam 43 şair için bu kitaptan faydalanmıştır. [Ma'ânî, 1983:102]

Sadreddîn A'ynî Semerkandî bu tezkire için: "Kârî Rahmetullah, Fars edebiyatında, kendi zamanının en itibarlılarındandır, Arap edebiyatında ve Mâverâü'n-nehir'de çağdaşları arasında öne çıkmakta olup, aynı zamanda, matematik ve tıp alanında da söz sahibidir." Demektedir. [Enûşe, 957],.

Ahmed Gûlçîn Ma'ânî ise bu konuda: "Tefsir, hadis, tarih ve insanların duygularının ve hallerinin tercümanlığında uzmandır." [Ma'ânî, 103] Demektedir.

Şâh Abdullah Bedehşî: "Buhârâ'nın kıymetli şair ve bilinen bir edibi olan Vâzih'in, *Tuhfetü'l-Âbhâb* adlı eseri, iyi bilinen tezkirelerden birisidir ki bu kitapta Fars dilinde eser vermiş olan geçmişteki ve günümüzdeki edip ve fazılların hallerini şerh etmekte olup, inkılâptan önce taş baskı yöntemi ile Taşkent'te basılmıştır. Halen geçerliliğini korumaktadır."[Ma'ânî, 102] Demiştir.

*Tuhfetü'l-Âbhâb Fî Tezkireti'l-Âshâb*'ı 1914 (1332 hicri) yılında Taşkent'te taş baskı olarak yayımlayan Mîrzâ Selîm Bek Selîmî ise bu tezkirenin önemi hakkında söyle demektedir: "1332 (1914 miladi) yılında Şehr-i Sebz valisi Mîr İnak beni davet etti. Orada bu kitabın çok ünlü olduğunu gördüm. Diğer tezkirelerinden daha güzel olup bir eksikliği yoktur." [Canfedâ, iii]

*Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb*'ın bilinen 15 nüshası, dünyada çeşitli enstitülerde bulunmaktadır. Bunlardan 10 nüsha, Özbekistan Cumhuriyeti İlimler Akademisi Doğu El yazmaları Bölümü Kütüphanesi'nde, 2 tanesi St. Petersburg El yazma Eserler Bölümü'nde ve 3 tanesi Tacikistan Cumhuriyeti Doğu Bilimleri Akademisi El yazması Eserler Enstitüsü'nde muhafaza edilmektedir.[Canfedâ, iv]

*Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb* birisi taş baskı olmak üzere günümüze kadar iki sefer basılmıştır. Basılan nu nüshaların özellikleri aşağıdaki gibidir.

**I. Mîrzâ Selîm Bek Selîmî tarafından yayınlanan 1914 Taşkent baskısı:** *Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb*, Şehr-i Sebz valisinin isteği ve Mîrzâ Selîm Bek Selîmî'te taş baskı (litografya) tekniği ile Taşkent'te Litografya Gulam Hasan Arifcanova matbaasında 1332H. (1914) yılında basılmıştır.

Tezkireyi yayına hazırlayıp bastıran Muhammed Rahîm oğlu Mîrzâ Selîm Bek Selîmî (Anak), (Selîmi) Buhârâlı olup 1850-1930 yılları arasında yaşamış olan Tacik şairi, edebiyatçısı ve tarihçisidir. Onun ataları Ora-tepe'dendir. 'da eğitim görmüş, daha sonra Buhârâ Hanı Emîr Muzaffer'in (1860-1886) hizmetinde bulunmuştur. Emîr Abdulehad Han (1886-1911) döneminde bir kaç vilayetin valisi olarak görev yapmıştır. Emîr Âlim Han (1911-1920) zamanında Buhârâ Hanlığı'nda Dışişleri Bakanlığı Vergi Mesulü olarak çalışmıştır. Cedidçiler hareketi ortaya çıktıktan sonra Çahâr Cûy bölgesinin hâkimi olmuştur. Ömrünün son yıllarında, Buhârâ Hanlığı'nın yıkılmasıyla beraber işinden uzaklaştırılmış ve hapse atılmıştır.

Selîm Bek Selîmî devlet görevlerinde bulunmasının yanında kitaplar telif etmiş ve Arapça şiirler yazmıştır. Selîmî, kendi çağında yaşamış ve yetişmiş olan Â'ynî, Mehdi, Munazzam ve Fıtrat gibi 86 (*Mecmua-yı Selîmî*'de Enûşe 78 şair olduğunu bildirmektedir.(Enûşe,510) Ancak bizzat yapmış olduğumuz tespite göre Mecmua-yı Selîmî'de 86 şair yer almaktadır. Eserde geçen şairlerin listesi bölüm 1.4.2'de verildiğinden dolayı buraya yazılmamıştır.) Buhârâlı şair ve ediplerin hayatını ve şiirlerini Mecmûa-yı Selîmi, *Kesire-i Râkım* adlı tarih kitabıyla birlikte Kârî Rahmetullah Vâzih'in *Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb* adlı eserine ilave edip düzenleyerek (Bu eser *Târîh-i Kesire* adı ile Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb'ın Selîm Bek Selîmî tarafından yapılan baskısında derkenar (sayfa kenarı) olarak basılmıştır.) 1914 yılında basımını gerçekleşmiştir. *Selîmî Tarihi* adı altında Buhârâ ve Orta Asya'nın tarihini anlatan bir eser de kaleme almıştır. Bunların dışında, *Târîh-i Mütekaddimin ve Müteahhirin* ( Öncekilerin ve Sonrakilerin Tarihi) adlı eseri de yazmıştır. Bu eserinde, İran'ın eski dönemlerini ve Cengiz Han'dan (603 - 624 H.) Buhârâ'nın hükümdarı Emîr Âlim Han'a (911 - 920 H.) kadar olan dönemdeki Orta Asya, Rusya ve Osmanlı tarihini anlatmaya gayret etmiştir. Bu eser, Hicri 1333/Miladi 1914 yılında Selîmî'nin *Keşkül-ü Selîmî* adlı eseriyle birlikte Taşkent şehrinde basılmıştır. *Keşkül-ü Selîmî* adlı eseri, genel tarih ve edebi niteliği taşıyan bir eser olarak bilinmektedir. *Târîh-i Mütekaddimin ve Müteahhirin* adlı eseri Muhammed Ekber Âşık'in çalışmasıyla Rıza Mâil Hirevî'nin *Yadnâme*'sinde *Berg-i Bîbergi* adıyla Tahran'da 1999 yılında basılmıştır. Başka bir eseri ise *Keşkulcik* olup tıp konularını içermekte olup Taşkent ve Tahran 1896 (1914) yılında neşredilmiştir. [Enûşe,510]

Mîrzâ Selîm Bek Selîmî, taş baskıya eklediği önsözde: "Ondan sonra, bilgin ve arifler, cevher görüşlü tenkitçiler, onların huzurunda arz olsun ki bin üç yüz otuz iki (1332- miladi 1914) yılı ki, bu satırların yazarı ve bu tezkireyi kaleme alan, Şehr-i Sebz valisi Mîr İnak'ı hürmetle ziyaret edince, dediler ki:

"*Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb*" kitabı ki Kârî Rahmetullah Vâzih (Buhârî) tezkiresi olarak bu vilayette meşhurdur. Hakikaten hem makul ve rağbet edilen bir kitaptır ve tezkireler arasında, dikkat çekici ve sevimlidir, fakat birebir nüshaları bulunmaz. Bunun için isteyenler bulamadıklarından şikâyetçi ve kaygılıdırlar. İstediler ki, eğer bu kitap basılacaksa, onda tertip edilmiş olan bölümler tekrar düzenlensin. Ondan sonra da öncelikle kimler günümüze kadar Buhârâ ve bu vilayetin etrafını etkilemişlerse onlar da eklensin. Hem karar verdiler ki, "*Târîh-i Kesire*", yedi yüz otuz altı (736) senesinden ki -Emîr Timur Köreganî'nin doğum yılıdır-, ta tarihi bin elli dört (1054- 1644 miladi) Âhûnd Kösençî namıyla meşhur olan Mevlânâ Yûsuf Karabaği'nin vefat tarihine kadar kayıt edilsin. Bu arada geçmiş olan, nazım ve nesir beyan eden şahlar, vezirler, edipler, bilginler ve fazıllar ve müelliflerin hepsi kitaba girsin. Buhârâ ve Şehr-i Sebz şairlerinin şiirleri de kitaba ek olarak konularak, kitabın sonuna getirilsin ve en sonunda Emaret-penâh'ın şiirleri -ki bendelerinin işlerini yapıp, fesad havasını aldıktan sonra, zaman zaman çeşit çeşit yollarla, dopdolu tab'i sözleri mevzun tabîa'tından zuhur ederdi ve bunlardan bazıları, defterlerde ve varaklarda (kâğıtlarda) dağınık haldeydi- kitabın yapraklarını süslesin."

Bu sayfaların yazarı, bu hizmeti ganimetlerin cümlesinden saymış, bu hizmete başlamayı ganimet bilmiş, İnşallah-ı Teâla bu faydalarla dolu ve baştan sona, ibretli sayfaları kitabın sonuna kadar yazmıştır. İhtimam mührüyle yetiştirirsem Vallahu'l-Mevfiku'l-Muin." Diyerek kitabı neden bastırdığını anlatmıştır.

Bütün bu sözlere rağmen burada dikkat çeken husus, Mîrzâ Selîm Bek Selîmî'nin elinde bulunan ve baskısı yapılan nüshanın bazı bölümlerinin tahrif edilmiş ve yanlış olmasıdır. Ayrıca bu nüshada, eserin diğer el yazmalarında bulunan bazı şairler bulunmamaktadır.[Enûşe, 2001, s. 277] El yazması diğer nüshalar ile bu nüsha arasındaki farklılıklar aşağıdaki gibidir:

i. Mîrzâ Selîm Bek Selîmî, kitabın başında kendisine ait bir mukaddime koymuştur.(Vâzih,1914;1)

ii. Bu taş baskıda tezkirenin kenarlarında der kenar olarak Mîr Seyyid Serîf Râkım Semerkandî'nin kitabı *Târîh-i Kesire* ( Bu kitap *Târîh-i Râkım* adıyla 2001 yılında Tahran'da basılmıştır. Semerkandî Mîr Seyyid Şerif Râkım, Târîh-i Râkım, Bünyad-ı Mevkufat-ı Dr. Mahmud Afşar, Tahran, 2001) adıyla yazılmış, tezkireden sonra ise *Mecmûa-yı Selîmî* adı altında Buhârâ ve çevresinde yaşamış olan 84 şairin (*Mecmua-yı Selîmî*'de Enûşe 78 şair olduğunu bildirmektedir. [Enûşe, 510] Ancak bizzat yapmış olduğumuz sayıma göre *Mecmua-yı Selîmî*'de 84 şair yer almaktadır. şiirlerine yer vermiştir.[Vâzih,1914 s. 292]

iii. Şairler arasında Emlah, Mollâ Kurbân Fıtrat, A'bdî, Mecnûn ve Mesîhâ adlı altı şairle ilgili yerleri Selîmî kendisi yeniden düzenlemiştir.[Canfedâ, iii]

iv. Tezkirenin diğer el yazması nüshalarında bulunan on üç adet şair, Selîmî'in 1914 baskısında yer almamak-

tadır. Bizim yapmış olduğumuz araştırmaya göre bu şairler; Fâzıl, Fertût, Mecnûn, Muztarib, Müzmir, Menseb, Nâtık, Nusret, Nisârî, Nazmî, Vezîr, Haran, Hemdem'dir. [Enûşe, 2001:277'de verilmiş olan eksik şairler listesinde Fertût ve Mecnûn yoktur.]

v. Vâzih hakkındaki bölümü kısaltmış, şiir ve beyit sayısını azaltmıştır. Âteşî, Âdâ, Ekber, Kânî hakkındaki bölümleri ise tahrif etmiştir. Yapmış olduğumuz çalışmalar neticesinde tespit ettiğimiz diğer farklılık ve eksiklikler ise aşağıdaki gibidir:

**1. Kelime bazındaki farklılıklar:** Bu baskıda el yazması nüshalara göre oldukça fazla sayıda ve yerde kelimeler atlanmış, yer değiştirmiş, farklı kelimeler kullanılmış veya yeni kelimeler eklenmiştir. Aşağıdaki tabloda fikir vermesi açısından birer örnek gösterilmiş olup, yüzlerce farklılık karşılaştırmalı metinde görülebilir.

**Tablo 2.01.**
**1914 ve 1977 Nüshaları Arasında Kelime Düzeyindeki Farklar**

| **No:** | **Farklılıkların Şekli** | **E Nüshası (1914)** | **F Nüshası (1977)** | **F Nüshası (1977) Sayfa No:** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Kelime düşmesi | - | توقای | 14b |
| 2 | Kelime eklenmesi | تحصیل حتم نموده، ختم کرده | تحصیل حتم نموده | 37a |
| 3 | Kelimelerin yer değiştirmesi | حسبی و نسبی | نسبی و حسبی | 14a |
| 4 | Farklı kelime kullanılması | مغفور | مزبور | 38b |
| 5 | Kelimenin değiştirilmesi | شریفش | شریف | 45b |

ii. Cümle bazındaki farklıklar: Gerek şairler hakkında bilgi verilen yerlerde gerekse şiirlerde bazı yerler çıkarılmış veya yeni cümleler eklenmiştir. Bazı şiirlerde ise beyitlerin yerleri değiştirilmiş, bazı beyitler ise hiç yazılmamıştır. Örnekler:

**Tablo 2.02.**
**1914 ve 1977 Nüshaları Arasında Cümle Düzeyindeki Farklar**

| **No:** | **Farklılıkların Şekli** | **E Nüshası (1914)** | **F Nüshası (1977)** | **F Nüshası (1977) Sayfa No:** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Cümleden kelime grubu düşmesi | حل ابیات مغلقه نیز سلیقه مند | در فن و تواریخ و معمآ و حل ابیات مغلقه نیز سلیقه مند | 47b |
| 2 | Cümlenin veya beytin düşmesi | Bu beyit yoktur. | سر بزی مغزی با مدارهوا برداشتم موج زن صد تیغ آفت در کمین شد خون حباب | 47b |
| 3 | Cümle veya beyit eklenmesi | فائقا فکر تماشای مرا، ساخت آئینه و گلپوشم کرد | Bu beyit yoktur. | 65a |
| 4 | Farklı cümle kullanılması | الحال به قضای یکی از تومان بخارای شریف منصوب بوده | بتدریس طلبه علوم مشغول است | 47b |
| 5 | Cümleye kelime grubu eklenmesi | بعد از تحصیل علوم متداوله و ضبط قواعد فروع و اصول معقول و منقول در فن موسیقی و جزئیات و لطائف و نکات و غیره ها نیز سلیقهٔ کامل به همرسانیده | بعد از تحصیل علوم متداوله در فن موسیقی نیز سلیقهٔ کامل به همرسانیده | 60a |

Cümle veya beyitlerin yer değiştirmesine örnek ise 1977 baskısı sayfa [64a] yer alan:

چار تکبیر بزن زانکه به بازار جهان بایع و مشتری سود و زیان اینهمه نیست .
گه نهان عشوۀ چشم تو نگردد پیدا فتنه انگیزیِ پیدا و نهان اینهمه نیست.

Beyti 1914 baskısında:

گه نهان عشوۀ چشم تو نگردد پیدا فتنه انگیزیِ پیدا و نهان اینهمه نیست.
چار تکبیر بزن زانکه به بازار جهان بایع و مشتری سود و زیان اینهمه نیست.

Şeklinde beyitler yer değiştirilerek yazılmış, bir çok şiirde benzer değişiklikler yapılmıştır.

iii. Diğer el yazması nüshalarda ve 1977 baskısı [73a][73b][74a] sayfalarından bulunan Kânî'ya ait üç adet fıkra (hikâye), 1977 baskısı [82a] sayfada bulunan Mîrek'e ait bir hatıra, yine aynı baskı [61b] Uzlet (Mollâ Uzletullah Hoca Belhî)'nin Afganistan'daki hayatına ait olan bilgiler Mîrzâ Selîm Bek Selîmî'nin taş baskısında yer almamaktadır.

iv. Mîrzâ Selîm Bek Selîmî ile Asğar Canfedâ'nın basmış oldukları nüshalar bizzat tarafımızdan karşılaştırılmış ve 4000'den fazla farklılık ve değişiklik tespit edilmiştir. Bunların yüzlercesi kabul edilebilir seviye olana kelime düzeyinde olsa bile paragraf, beyit ve cümle farklılıklarının bu kadar çok olması, 1914 baskısında kasıt olmasa bile ciddi bir özensizliğin olduğunu göstermektedir.

Bütün bu eksiklik, yanlışlık ve tahrifatlar eserin tarafımızdan düzenlenen karşılaştırmalı metninde açıkça göze çarpmaktadır.

**II. Asğar Canfedâ Tarafından Tenkitli ve Karşılaştırmalı Metin Olarak Yayınlanan 1977 Duşanbe Baskısı:** Asğar Canfedâ tezkire hakkında Sadreddîn A'ynî Semerkandî'den sonra ilk ve en önemli çalışmayı yapmış olan akademisyendir.[Akilova, 2013]

Asğar Canfedâ tezkireyi yayınlamadan önce tenkitli metin hazırlamak amacıyla öncelikle *Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb*'ın el yazması nüshalarına ulaşmaya çalışmış ve on beş adet el yazması nüsha tespit etmiştir. Çalışmamızda bu el yazması nüshaların özellikleri daha önce tezkirenin el yazma nüshalarının özellikleri bölümünde ayrıntılı olarak verilmiştir.

Asğar Canfedâ, *Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb*'ın tenkitli metnini hazırlarken elde ettiği en iyi beş nüshayı esas alarak karşılaştırmış ve orijinal metni elde etmeye çalışmıştır. Bu nüshalardan üç tanesi, Tacikistan Cumhuriyeti Doğu Bilimleri Akademisi El yazması Eserler Enstitüsü'nde 1237, 483 ve 587 kayıt numaraları, iki tanesi ise St. Petersbug Doğu El yazmaları Enstitüsü'nde c-49 ve c-1914 kayıt numaraları ile korunan nüshalardır. Asğar Canfedâ'ın kitabında; Nüsha 1237: "و" , Nüsha 483: "فـلا", Nüsha 587: "ب", Nüsha c-49: "ج", Nüsha c-1914: "د" ile gösterilmiştir.

Asğar Canfedâ hazırlamış olduğu tenkitli metinde "و" ile göstermiş olduğu 1237 numaralı nüshayı referans metin olarak kabul etmiş, diğer dört nüshayı ise yardımcı metin olarak kullanmıştır. Burada 1237 numaralı nüshanın yazılma yılını ve diğer özelliklerini göz önünde bulundurmuştur. İçinde 1237 numaralı kopyanın da bulunduğu üç nüshanın başında şairlerin listesi bulunmaktadır. Ancak şair listesinde 145 adet şair adı bulunurken, metin içinde tanıtılan şair sayısı 148 adet olarak tespit edilmiştir. Diğer bir deyişle üç şairin adı listeye girmemiştir.[Candefa, xiii]

Bu çalışmalar sırasında elimizde olan nüshalar, el yazması olan nüshalar arasında birçok farklılıkların, hataların ve eksikliklerin olduğunu gözler önüne sermiştir. Bütün bunlar Taşkent'te bulunan 4285, 3719, 2336/1, 1470, 854/1, 2309, 852/1 ve 60 numaralı nüshalarda rahatlıkla görülebilir. Örnek olarak, bizzat 4385 numaralı el yazmasının üçüncü sayfasında nüshanın kâtibi olan Mîrzâ Abdulhafız İbni Mîrzâ Abdulazîz; "هکنیا نارظم زا دیما .دش هدمن تباتک تلغ رایسب دیامن فوع ددرگ روظنم طلغ ای وهس", "Çok hata yapılmıştır. Nazar edenlerin, görülen hata ve yanlışları affetmeleri ümid edilir." demektedir. [Canfedâ, 1977; xii]

Taşkent'te bulunan nüshalar arasında büyük farklılıkların olmaması adeta hepsinin aynı kitaptan kopya edilmiş olduğunu düşündürmektedir. Ancak bu nüshalar arasında şairlerin sayısı aynı olmadığı gibi şairlerin nüshalar içindeki sıralaması da aynı değildir. Örnek olarak, mükemmel metinde tezkirede "Âdâ" ile başlarken, 02304/1 numaralı nüshada birinci şair Efkar'dır. Yine bu nüshalar arasında şairlerin eserleri ve örnek olarak verilen şiirler arasında da farklılıklar vardır. [Canfedâ, xii-xiii] Bu noktada Mîrzâ Selîm Bek Selîmî'nin taş baskı nüshasını eleştirmiş ve çalışmalarına dâhil etmemiştir. [Canfedâ, iii-iv] Asğar Canfedâ karşılaştırmalı metni hazırlarken aşağıdaki noktalara dikkat ettiğini belirtmektedir:

i. El yazması nüshalar, kullanılan kelimelerle ilgili bir çok hata içermektedir. Nüshalar arasındaki kelime ve cümle farklılıkları dipnot olarak kayıt altına alınmıştır.

ii. Bazı bölümlerde yazılmamış olan bazı kelimeler veya şairler ve diğer yardımcı bilgiler metne ilave edilerek ve parantez içinde gösterilmiştir.

iii. Şairlerin isimlerini metne göre biraz daha büyük yazılmıştır. İsim, yer adları indeks olarak düzenlenip metnin sonuna eklenmiştir.

iv. Kârî Rahmetullah Vâzih ve tezkiresi hakkında uzunca bir mukaddime yazmış ve burada müellif ve eser hakkında çok değerli bilgilere yer vermiştir.[Canfedâ, xiv-xv]

## SONUÇ

Kârî Rahmetullah Vâzih'in hiç şüphesiz en meşhur eseri "*Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb*" adlı şair tezkiresidir. 1871 yılında yazılmış olan bu tezkirenin bilinen onbeş adet el yazma nüshası çeşitli kütüphanelerde korunmaktadır. Bu eser 1914 yılında Mîrzâ Selîm Bek Selîmî ve 1977 yılında ise Asğar Canfedâ tarafından iki defa basılmıştır. Bu çalışmamızda Mîrzâ Selîm Bek Selîmî ile Asğar Canfedâ'nın basmış oldukları nüshalar bizzat tarafımızdan karşılaştırılmıştır. Buba göre:

Şairler arasında Emlah, Mollâ Kurbân Fıtrat, A'bdî, Mecnûn ve Mesîhâ adlı altı şairle ilgili yerleri Selîmî kendisi yeniden düzenlemiştir.[Canfedâ, iii]

Tezkirenin diğer el yazması nüshalarında bulunan on üç adet şair, Selîmî'in 1914 baskısında yer almamaktadır. Bizim yapmış olduğumuz araştırmaya göre bu şairler; Fâzıl, Fertût, Mecnûn, Muztarib, Müzmir, Menseb, Nâtık, Nusret, Nisârî, Nazmî, Vezîr, Haran, Hemdem'dir. [Enûşe, 2001:277'de verilmiş olan eksik şairler listesinde Fertût ve Mecnûn yoktur.]

Her işi baskı arasında 4000'den fazla farklılık ve değişiklik tespit edilmiştir. Bunların yüzlercesi kabul edilebilir seviye olan kelime düzeyinde olsa bile paragraf, beyit ve cümle farklılıklarının bu kadar çok olması, 1914 baskısında kasıt olmasa bile ciddi bir özensizliğin olduğunu göstermektedir.

***KAYNAKLAR***

*1. Akilova Sanaat, "Шахсият Ва Х.Унари Корй Рахматуллохи Возех А3 Назари Садри Зиё (Дар Асоси Маводи «Тазкори Ашъор»)", Tacikistan Devlet Ün. Dergisi, Duşanbe, 2013*

*2. Akilova Sanaat,«Тухфат Ал-Ахбаб» («Подарок Друзей») Возеха И Традиции Составления Антологий В Таджикской Литературе Второй Половины XIX - Начала XX Веков, Tacikistan Devlet Ün., Duşanbe, 2015*

*3. Â'ynî Sadreddin, Yaddaşthа (Kısm I-II), Neşriyat-ı Devleti Tacikistan, İstalinabad, 1958 Babacan İsrafil, "Sebk-i Hindî Şiirinde Yeni-Orijinal Yapı ve Terkipler", Divan Edebiyatı Araştırmaları Dergisi 3 s. 29-46, İstanbul, 2009*

*4. Vazih Kârî Rahmetullah (Buhârî), Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb (Yayına hazırlayan Asğar Canfedâ), Akademi-yi Ulum-u R.S.S. Tacikistan İntişarat-ı Şarksinasi, Duşanbe, 1977*

*5. Vazih Kârî Rahmetullah (Buhârî), Tuhfetü'l-Âhbâb Fî Tezkireti'l-Âshâb (Yayına hazırlayan: Mirza Selîmbek Selîmî), Litografya Gulam Hasan Arifcanova, Taşkent, 1914*

***УДК: 821.512.154.***

***Сола Пак,*** *Кыргыз-Түрк*
*“Манас” университетинин магистранты*

# КОРЕЯДАГЫ ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ

***Аннотация:*** *Бул макалада Кореядагы Чыңгыз Айтматовго байланыштуу макалалар, диссертациялар, маалыматтарын китепке карата бөлүп, алардын өзгөчөлүктөрү көрсөтүлөт.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Чыңгыз Айтматов, макалалар, диссертациялар, китеп, Корея.*

***Аннотация:*** *В данной статье сортированы по книгам диссертации, статьи, справочники написанные в Корее о Чингизе Айтматове а также их особенности.*

***Ключевые слова:*** *Чингиз Айтматов, статья, диссертация, информация, книга, Корея*

***Annotation:*** *this article represents the Chingiz Aitmatov’s thesis, article and informations in Korea according to Chingiz Aitmatov’books(publication) and indicate the feature*

***Key words:*** *Chingiz Aitmatov, article, thesis, informations, book, Korea*

Адабият биздин маданият жашообузга чоң таасир берип жатат. Коомдо жашаган адамдар театр, спектакль, кино, китеп аркылуу маданият менен байланышта болот. Кореяда Кыргызстандын адабияты көп таралган эмес. Ал эми Корея Чыңгыз Айтматов менен өзгөчө мамилени түзүп жатат. Кореяда Чыңгыз Айтматовдун китептери, киносу, макалалары бар болсо дагы, азыр азайып бара жатат. Ушул себептен Чыңгыз Айтматовдун башка чыгармаларын билдирип, кыргыз маданияты менен адабиятын корей элине тааныштырыш керек.

Чыңгыз Айтматов дүйнөдөгү эң атактуу автордун бири болуп эсептелет. Чыңгыз Айтматов 1928-жылы Кара-Буура районундагы Шекер айылында туулган. Кыргызстандын эл жазуучусу Чыңгыз Айтматов кыргыз жана орус тилдеринде көп чыгармаларды жазып, жарыялаган. Буга байланыштуу ар түрдүү сыйлыктар менен сыйлангандан кийин 2008-жылында дүйнөдөн кайтты. Чыңгыз Айтматов Кыргыз жарандардын жашоосу, табияты, салты, адамдардын сүйүүсү, достугу, эркиндиги, кыйынчылыктары, идеялары жөнүндө жазган. Ошондуктан Чыңгыз Айтматовдун китептерин окуганда Кыргызстан жөнүндө маалымат ала алабыз.

| | |
|---|---|
|   |   |
| **1-сүрөт – Ким Гынсик (김근식) которуп чыгарган Ак кеме китеби** | **2-сүрөт – Юн Хуумён (윤후명) жазган Ак кеме китеби** |

Кореяда Чыңгыз Айтматов дүйнөдөгү атактуу автор деп билинген. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары корей тилине дагы которулуп сатылып жатат. Ушуну менен бирге, корея изилдөөчүлөрү Чыңгыз Айтматов жөнүндө макалалар жана диссертацияларды жазып чыгышкан. Азыр Кореяда Чыңгыз Айтматов тууралуу китептер, кино, макалалар, диссертацияларды билдирип жатышат.

Кореяда корей тилине которулган Чыңгыз Айтматовдун китептери аз эмес. Биринчиден, 1983-жылында биринчи жолу “Ак кеме” китеби корей тилине Ким Гынсик (김근식) деген бир жазуучу которуп чыккан. Экинчи жолу 1991-жылында жана үчүнү жолу 1998-жылында кайра басмаканадан чыккан. Бирок азыр кореяда Ким Гынсик (김근식) жазган “Ак кеме” китеби сатылбай жатат. Интернеттен электрондук китеп катары гана окуй алышат. Кореянын башка бир жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун “Ак кеме” чыгармасын окуп өзүнүн “Ак кеме” китебин жазып чыккан. Ал жазуучунун аты Юн Хуумён (윤후명). Юн Хуумён

1995-жылында өзү жазган “Ак кеме” китебинде Чың-- гыз Айтматовдун чыгармаларын жазып, борбордук-азиянын маданияты жөнүндө да жазган.




**3-сүрөт – Ли Янджун (이양준) которуп чыгарган**
**Жамийла китеби**

“*Деформация*” сөзүн аныктамасын өтмө мааниде алып, ага этномаданиятты кошгондо алдыбызга “*этномаданий деформация*” чыгат. Анткени мында өтмө мааниде маданияттын салмагы өзгөрүлбөсө да анын формасынын бузулушу бар. Этномаданий деформация, кандайдыр бир элдин маданий баалуулуктарын жоготуусу, өзүнүн өзөктүү асыл баалуулуктарынан алыстоосу, коомдогу адамдардын өзүнүн маданиятын таштап башка бир элдин маданиятына кабылуусу болуп эсептелинет.

Азыркы күнгө чейин этномаданий деформация тууралуу көп эмгек жазылган албетте. Мунун адабиятка да таасири болгон. Биз болсо бул ишибизде түрк дүйнөсүнүн улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун «*Ак кеме*» жана «*Кылым карытаар бир күн*» аттуу чыгармаларынын негизинде этномаданий деформациянын чагылдырылышы маселесин колго алабыз. Чыгармалардан буга үлгү боло турган үзүндүлөрдү анализ кылабыз.

Чыңгыз Айтматовдун «*Ак кеме*» повести, өз мезгилинде окурман жана адабий коомчулукта кызыгуу жараткан чыгармалардын бири. Г. К. Абдыкадырова өзүнүн “*«Ак кеме» повестинин сюжеттик концепциясы”* аттуу макаласында *“Ч.Айтматов козгогон адамдын жашоо-тагдыры, эзелки ата-бабанын салты, өткөндүн эстетикалык сабагы, азыркы күндөгү турмуштук-тарыхый, социалдык проблемалар, адам жана табият маселеси “Ак кеменин” сюжетинин ажырагыс рухий идеясы*”. Бул ойго кошулуу менен бирге бул чыгарманын пессимисттик маанайда жазылган мүнөзүнө, баланын өлүмү менен аяктаган окуяларга окурмандар каршы болуп, повесттин соңун башкача бүтүрүлүшүн сунуштагандар да болгон.

«Ак кеме» чыгармасында этномаданий деформацияга үлгү боло турган эң биринчи маселе Орозкул жана анын жүрүм-туруму маселеси. Анткени этномаданий деформациянын белгилери Орозкулдун образынан өтө айкын көрүнөт.

“*Чоң курсагы керген ак көйнөгү кашатынан чыгып, түктүү киндигинен өйдө түрүлүп кетиптир. Улам кулгуп коюп, мас келаткан экен Орозкул. Бирөөнүкүндө аябай мейман болуп, кымыз менен аракты кана ичип, этти тоё жеп, жаңы эле аттанып чыккан түрү бар*” [1, 36-б.].

Келтирилген үзүндүдө аракты суудай ичкен, жашоо кызыкчылыгынан ажырап, убактылуу мансап менен кошомат үчүн керек болсо жанын сатууга даяр Орозкулдун образы тартылган. Бул образ этномаданий деформацияга чоң үлгү.

Жазуучу, Орозкулдун образы аркылуу ар дайым табият менен ажырагыс биримдикте жашаган кыргыздардын бара-бара жаратылыштан алыстоосун, ал эле эмес ага зыян алып келүүдөн кайра тартпаган зыянкечтигин ашкерелейт:

“*- Быйыл кыш эрте келчүдөй, ошого чуулдап жатат го, - деди Момун сөздү башкага буруп, Орозкулдун көңүлүн саал жумшартышка. – тоо ашып кетүүгө камынып калышкан го. Биз тынчын алып койдук окшойт, ошого чуулдашып жатабы, - деди таандардын ызы-чуусу үчүн күйөө баласынан кечирим сурагансып.*

*- Тынчын алган ким экен? – деп Орозкул көзүнөн чаары чыга жалт кылчайды. Бетине кан тээп, кара-көк болуп чыкты. – Көп тантыбагын, абышка, - деди акырын ызырына.*

*Көрсөң жыландын башын чыгарып турганын! Сенин таандарыңын тынчы кетет деп, бутак сындырбай, карагай кесе албайт экенбиз го. Тапкан экенсиң майбашты! Азырынча бул жердин ээси менмин», - деп ичинен кыжырланып алды да, төбөдөгү чуулдаган таанды бир карап койду. – азыр колумда пулемёт болсобу!.. – анан оюн бүтпөй терс бурулуп, ашата сөгүндү*” [1, 80-б.].

Орозкулдун кайын атасын кыпынчалык да сыйлабай, кайра ага өөдөсүнүп «сен да адамсыңбы, мен бар үчүн күн көрүп жүрөсүң» дегени улууларды урматтап кичүүнү ызаттаган кыргыз каада-салтына жат көрүнүш болуп эсептелет:

“*Момун унчукпады. Күйөө баласынын богоозуна ал бышы кулак болуп калган. «Жини дагы кармадыбы, - деди ичинен кейип. – Ичип алса да жинденет. Эртеси башы ооруса да, сиркеси суу көтөрбөй калат. Эмне үчүн адам баласы ушундай болуп кетер экен? – деп Момундун айласы түгөнөт. – Жакшылык кылсаң, жамандык ойлонот. Же уялып койсочу, же ойлонуп калсачы, тообо! Ушундай боло келген, ушундай болуп атат, ушундай боло бермек деп ойлойбу. Айтканым айткан, дегеним деген, меники гана туура дейт да турат. Көзүн карап, көпөлөк болуп чарк имерилбесең, зордоп көндүрөт. Дагы ушинтип башкарганы эки-үч киши болуп, токой арасына калганы жакшы болгон жкен. А кокус чоңураак бийлик мындайлардын колуна тийсе эмне болмок? Кудай, бетин көрсөтпө...Анан калса ушундай кишилердин аягы суюлбай чыга бергенин кантесиң. Өзүм гана деп турат: мен, мага, мен үчүн деп, жаныңды сууруп алат. Бирөөнүн канын соруп турбаса жаны жай албайт. Ошондо деле ушулардыкы туура болуп чыга келет. Мындайлардын уругу үзүлбөйт экен го...»*

*- Эс алдык, болду,- деген Орозкулдун үнү чалдын оюн бузду. - Кеттик! - деп бурулду Орозкул. Жөнөп беришти*” [1, 80-81-б.].

Орозкулда сый-урматтын да жоктугу анын канчалык этномаданий деформацияга учураганынын көрсөткүчү.

“*- Па, ширкин экен сенин атаң,— деп солдат жигит чын ниетинен таң калды. - Кандай гажайып адам. Бирак, сенин мына казан басыңды түккө аспайтын дуниемен толтырып бүткөн экен... Кулагың да дурыс экен, биздин полигандагы локатырдын өзү. Сен атаңды көп тындай берме. Космоско ушын, коммунизмге бара жаткан халыкпыз. Атаң болсо эртегинин аңгимесин айтып гой. Биздеги саясы окыга атаңды тартуу керек экен. Сонда оның көзү ашылады. Жигит боласың, окы окыйсың, окыны бүткөн соң атаңан алыс кеткейсиң. Ол караңгы, мадениетсиз киси гой*” [1, 116-б.].

Келтирилген үзүндүдө совет мезгилинде ата салтын, баба мурасын, жети атасын билген кишилерди караңгы деп эсептеген көз караш сүрөттөлгөн. Коммунизм идеологиясынын адамга өз атасын “маданиятсыз” деп коюшуна чейин канчалык түрдө таасир этишин байкап жатабыз.

Жогоруда келтирилген үзүндүлөрдөн кээ бир жыйынтыктарга келсе болот. Орозкулду советтик

системанын кошоматчысы десе болот. Түркиялык окумуштуу Айше Йылмаз өзүнүн "*Бозкырда ешерен севда түркүлери*" аттуу эмгегинде Орозкулду Советтик системанын жактоочусу деп, ушуга кошо Орозкулдун Советтик мамлекетти өзүнүн кызыкчылыгы үчүн колдонгонун айтат. [3, 69-б] Анын өзүнөн чоң кишилерге болгон мамилеси де буга кошо жаман нерсе. Түркиялык башка бир окумуштуу Себахаттин Чагын өзүнүн "*Женгиз Айтматов ве Гүн Олур Асра Бедел Романы*" аттуу эмгегинде Орозкулду "*каада салттарына жана улуттук маданиятынан бөтөн, ыймансыз*" [9, 11-б.] сыяктуу сөздөр менен сындайт. Орозкул, этномаданий деформациянын эң чоң үлгүлөрүнөн бирөө. Бул тууралуу дагы айтып кетсек башка бир изилдөөчү Сема Өзхер өзүнүн "*Беяз Геми Адлы Романдаки Йүже Бирей Аркетипи*" аттуу макаласында Мүйүздүү Бугу-Эне уламышына көңүлүбүздү буруп, бугулар өлтүрүлгөндөн кийин кыргыздар өздөрү жашаган жерди таштап кеткенин эскерткен. Өзхер, Орозкулдун да Мүйүздүү Бугу-Энени өлтүрүшү менен ыйык баалулуктардын да жок кылынганын айтат жана анын оюу боюнча "*деградация, пара, шаардашуу жана орусчага болгон катуу кызыгуу коомдун соңун даярдайт*" [10, 87-б.] деген ой бар. Албетте коомду коом кыла турган баалуулуктардын жоголуп, анын ордуна тескери жаман нерселердин келиши анын соңун даярдайт. Изилдөөчү буга кошо бала өзү ишенген баалуулуктардын тебеленип тепселгенин өз көзү менен көрүп анан өзүнүн жанын кыйгандыгын, бирок анын өлүшүнүн бир соңку нерсе эмес, бардыгын ойлонууга чакырган чакырык болгондугу тескерисинче экинчи бир жаздын башталышын бизге кабар бере турган жарчы болгонун айтат.

Орозкулдун жаратылышка кылган зыянкечтиги да баарыбызга маалым, токойдун кылымдардан бери сакталып келе жаткан, эч кандай нерсе менен баалоого мүмкүн болбогон, кунсуз дарактарына кылган мамилесин жакшы билебиз. Жаратылыштагы айбандар үчүн ар бир дарактын маанисин айтуунун кереги жок. Орозкул кескен дарактардын эсеби да жок. Өзхер, өзүнүн макаласында Орозкулдун баласынын болбогондугу тууралуу "*Орозкул өлгөндөн кийин өзүнүн канынан жана жанынан бирөөнүн калбоосу бул жаратылыштын өз өзүн сактоосу үчүн алган алдын ала чара*" [10, 86-б.] деп тагдырдын балээси табигаттын Орозкулга берген бир жазасы катары көрсөтүп комментариялайт.

Мүйүздүү-Эненин канчалык этномаданий бир дөөлөт болгонун айтуунун кереги барбы? Белгилүү адабиятчы Кеңешбек Асаналиев өзүнүн "*Тандалмалар*" аттуу китебинде мындай дейт: "*Окуянын жүрүшүндө Мүйүздүү-Эне жөнүндөгү жомокту карыя Момун эмес, баланын айтышы айрыкча көркөмдүк-функционалдык мааниге ээ. Анткени, бала Мүйүздүү Бугу-Эненин табиятта бар экендигине, ал эртеби-кечпи бир келерине, шаа мүйүзүнө кондуруп, алтын бешик – бакыт алып келерине чексиз ишенет. Ошон үчүн Мүйүздүү-Энеден табиятта ыйык эч нерсе жок*" [4, 8-б.], демек ушунчалык этномаданий жактан ыйык бир дөөлөт болгон Мүйүздүү Бугу-Энени союп өлтүргөндөр ошончолук катуу этномаданий деформацияга учураган кишилер катары алдыбызга чыгат.

Айтматовдун эң жакын досторунан бирөө болгон Мухтар Шахановдун "*Чыңгыз Айтматов «Кылым карытаар бир күн» романы менен эле адабият тарыхында калмак*" деген сөзү бар. Бул сөз чыгарманын көркөмдүгү жагынан канчалык бийик деңгээлде тургандыгынын бир көрсөткүчү.

Чыңгыз Айтматовдун «*Кылым карытаар бир күн*» романы тууралуу кыска маалыматтарга көз чаптыралы. Айтматовдун «*Кылым карытаар бир күн*» же ("*Бороондуу бекет*") аттуу туңгуч романы, чыгармаларынын эң көлөмдүүсү болуп, идеялык-көркөмдүк, сюжеттик курулушу жагынан да башка көлөмдүү чыгармаларынан айырмаланып турат.

«*Чыңгызхандын ак булуту*» повести бул романдын уландысы, анткени жазуучу «*Кылым карытаар бир күн*» романында тагдыры белгисиз болгон Абуталип менен окурманды кайрадан жолуктуруп, муну менен кошо Чыңгызхандын трагедиясын көркөм баяндайт. Кыргыз адабиятына, лексикасына жана дүйнөлүк адабиятка, лексикага жаңы сөздү киргизди бул "*маңкурт*"[2]. Жана ошондой эле жазуучу өзүнүн чыгармаларында өзүнүн стилине жараша образдуу мааниде колдонгон көп сөздү кыргыз адабиятынын сөз казынасына кошкон.

Айтматов, бул чыгармасын 1979-жылдын декабрында баштап, 1980-жылдын март айында аяктаган, демек жазуучу бул романын төрт айда жазып бүтүргөн. Бул чыгарманын сюжети жазуучунун жан дүйнөсүндө илгертеден бери сакталып келе жатып, мүмкүнчүлүк болгон убакытта бир отуруп жазып бүтүргөн чыгармасы десек жаңылбайбыз. Ошондуктан бул чыгармада жазуучунун илгертеден бери жан дүйнөсүндө сактап келе жаткан ыңгайлуу бир маалда кагазга төккөн ойлоруна күбө болобуз.

Жазуучу унутулуп келе жаткан илгерки уламыштарды мисалы алсак "*Мүйүздүү Бугу-Эне*" ("Найман-Эне") уламышын бул чыгармасында колдонуп, бул уламышты азыркы замандын проблемалары менен байланыштырган. Чыңгыз Айтматовго таандык өзгөчөлүктөрдүн бири – кандайдыр бир идеяны тереңдетип, андан жаңы бир идея чыгарып, акырында андан жапжаңы чыгарма жаратып окурманга сунуу.

«*Маңкурт*» темасы, жалгыз Айтматовдун эмес, башка кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгында да кездешет. Негизинен маңкурт адам бул өз элине таандык каада-салтты, наркты, ата-бабалардан калган маданий баалуулуктарга шек келтирип, аларды жериген, жаңыча заманды туура эмес түшүнүп, башкаларга да муну жайылтууга аракет кылган адамдар болуп эсептелет. Ал эми Чыңгыз Айтматовдун интерпретациясында маңкуртизм андан да тереңирээк, татаал идеяларды өзүнө сиңирет.

Түркиядагы "Арт Аврася Тв" атындагы телеканал тарабынан 2006-жылы Кыргызстандын түрдүү жерлеринде Кыргызстан тууралуу документалдык тасма тартылган. Бул документалдык тасмага Айтматов менен болгон бир интервью да кошулган. Айтматов бул ин-

[2] "Маңкурт" сөзү бул романдан мурун «Манас» эпосунда колдонулган, жазуучу бул сөздү эпостан алып өзүнүн чыгармасында колдонгондон кийин окурман жааматына белгилүү болуп келген. Кийин бул сөз «манкуртизм» сыяктуу болуп түрк дүйнөсүндө кеңири колдонула баштап, кийин орус тилине да өтүп «манкуртизация» деген сөзгө айланып колдонулуп келе жаткан үлгүлөрү да бар. "Маңкурт" сөзү Азыркы заманда бүткүл дүйнөгө кеңири белгилүү эл аралык бир термин катары тароодо.

тервьюсунда "*маңкурт эмне?*" деген суроонун жообун, маани-маңызын мындайча түшүндүрөт: "*Маңкурт бул душман тараптын буйругу астына кирип, өзүнүн маданий дөөлөттөрүнө жана үй-бүлөсүнө кыянатчылык кылгандардын орток аты болуп эсептелинет. Башкача айтканда режимдин зордук зомбулук кылуусунун же адамдын өз өзүнө чоочун болуп кетүүсүнүн натыйжасында адамдын өз мүнөзүн, коомдук жана маданий эс тутумун жоготуусу, аң-сезим жагынан кул болуусу болуп саналат. Маңкурташып кул болуп кеткен адам мындан кийин кожоюнунан башкасын тааныбайт. Апасын да бабасын да унутуп, өзүнүн адамдыгына тиешелүү эч нерсени эстей албайт. Мындан кийин оозу бар бирок тили жоктой болуп калат. Кожоюнуна каршы чыгууну же ага бейбаштык кылууну такыр ойлоно албаган бир киши болот аягында*"

«*Кылым карытаар бир күн*» романындагы Сабитжан – маңкурттардын маңкурту, башкача айтканда маңкурттардын ичинен да эң коркунучтуусу. Себеби ал өзүнүн ата-тегин алдагачан унутуп, алар менен болгон байланышты түбөлүккө үзгөн жана мунусу менен сыймыктанган адам. Өзү айткандай, «*радио сигналы аркылуу башкарылуучу адамдын жаңы тиби*». Жер бетиндеги макулуктардын арасынан эстүүсү, тиричилик улантууга жана жоктон бар жасоого жөндөмдүү бирден-бир макулукту, башкача айтканда адамды башкалардан так ошол акыл-эс айырмалап турат. Акыл-эсинен ажыраса,  адам аты калат. Айбандан эч бир айырмасы калбайт.

Эне-Бейит – Наймандардын улуу көрүстөнү. Казангаптын «*Мен өлгөндө Эне-Бейитке койгула*» деген керээзин Эдигей жакшы билгендиктен, Казангапты акыркы сапарга узатуу аземин өз мойнуна алат. Эдигей Казангапты терең урматтагандыктан, маркумдун акыркы керээзин кандай да болсо аткарууга өзүн милдеттүү деп эсептейт. Эң башта Казангаптын мезгилсиз өлүмү менен жашып, бираз бошой түшкөн Эдигей белин бекем бууп, өлүк көмүү салты боюнча кошуна-колоңду чакырып, аза расмисине башкарууга өтөт.

Салт боюнча маркумду акыркы сапарга узатып, үй-бүлөсү, балдары, кыздары, келиндери, тууган-уруктары, айтор баары көзүнөн жаш чыгарып, муңайып турушу керек эле. А бирок бардыгынын ойдогудай болбой жатканын көрүп, Эдигейдин ызасы келет, Казангаптын урматталып узатылбай жатканына куйкасы курушат.

Эдигей менен Сабитжанды байланыштырып турган Казангаптын өлүмү бирине адамдык парз болсо, бирине – жөн гана убакыт өткөрүү болуп эсептелет. Сабитжан үчүн Эне-Бейит эле эмес, өлүк көмүү расмисинин да кыпындай бир мааниси жок. Ар кайсы сөздүн башын бир айтып, эртеден кечке иш менен алек болгондорду алаксыткандан башка пайдасы жок Сабитжан атасынын өлүмүн сезбеген да сыяктуу. Кайра ишти аягына бат эле чыгарып, шаарга кетүүнүн камын ойлогон Сабитжан Эдигейдин эмнеге туталанып жатканын чыны менен түшүнбөйт:

«*Каранарын аябай жасалгалап комдоду. Килем саймалуу, узун чачылуу эскиден калган жабууну жапты. Үкүбала аспиеттеп катып жүргөн той-салтанаттанда гана катылчу баш боо, буйла боосун катты. Эдигейге бүгүнкү күн да жооптуу, олуттуу күн эле...*

*Ком салып бүткөн соң буурасын тургузду да, кетенчиктей берип ары айланып карады, бери айланып карады. Ичинде өз ишине ыраазы болду, сыймыктангандай турду. Каранар жасалгалуу ком астында бараандуу да, келишимдүү да. Жаштар көрүп алсын, айрыкча Сабитжан түшүнсүн: жакшы жашап, жакшы өткөн жакшы кишинин өлүмү кайгылуу болсо да, азалуу болсо да оор жүк же кыжаалат түйшүк эмес, салтанат, ошого жараша урмат-сый болуш керек. Бирөөлөр музыка коёт экен, башкалар туу көтөрүп, мылтык атып көмөт, дагы бөлөктөр гүл чачат. Ар элдин өзүнчө расмиси бар...*

*Бороондуу Эдигей болсо эртең эртеменен чачылуу калы килем жабылган Каранарга минет да Казангаптын акыркы жолуна, түбөлүк жатчу жайы Эне-Бейитти көздөй кербек баштап жөнөйт... Сары-Өзөктүн уч-кыйырсыз чөлүн кезип, жолду катар Эдигейдин оюнда Казангап болот. Ошол ою менен сөөгүн ата-бабасы жаткан бейитке берет. Экөөнүн убадасы ушундай болгон. Ырас, Казангаптын керээзи, экөөнүн убадасы ушундай болгон. Жол алыспы-жуукпу, бирок Казангаптын керээзин аткарпай коюуга Эдигейдин жолун эч ким, кала берсе уулу да бөгөй албайт...*

*Дал ошондой болот, аны баары билип алсын, ошол үчүн Каранар жасалгалуу комдолду.*

*Баары көрсүн. Эдигей Каранарды кашаадан жетелеп чыкты да, тамдарды айлана жетелеп, Казангаптын жер-кепесинин алдына алпарып байлап койду. Баары көрсүн, Эдигей сөзгө турган адам, убада баркына жеткен адм. Бирок, аттиң, баары бир маалда көрбөй калбадыбы... »*

*Ал антип жүргүчө Эдилбай куркут учурун таап, Сабитжанды четке чакырып кетти.*

*-Бери жүрчү, сөз бар.*

*Сөзү деле узун сабак сөз эмес экен. Эдилбай айлантып-тегеретпей эле түз айтты:*

*-Атаңын досу, Бороондуу Эдигей деген киши бар экенине, Сабитжан, сен ыраазы болмогуң оң. Атаны ата салты менен көмөлү, ага сен жолтоо болбогун. Шашсаң кармаган жерибиз жок. Сен үчүн топуракты мен салып коём!*

*-Ата меники, эмне кылсам...- деп баратты эле Сабитжан, Эдилбай сөзүн бөлүп салды:*

*-Ата го сеники, бирок сен өзүң өзүңкү болбой калыпсың го.*

*-Ай сен да оозуңа келгенин, оттой берет экенсиң, - деп Сабитжан жалтактап калды. – Эне-Бейит болсо ошо болсун, айырмасы кайсы, мен жөн эле алыстыгынан...*» [2, 33-34-35-беттер.]

Үзүндүдө келтирилгендей, Сабитжандын өзүнө-өзү таандык болбой калышы менен автор советтик идеологияга жан-дили менен берилген адамдарды айтайын деген:

*«Сөз ушуну менен бүттү. Эдигей Каранарды эл көзүнө ачык байлап коюп, кишилерге кошулду да: «Силер айткан сөз жигиттин айтар сөзү эмес. Мындай кишини Эне-Бейитке коёбуз...» - деди эле лам деп бирөө аный дебеди, баары макул болушту.*» [2, 35-б.]

Бул үзүндүлөрдөн улам өзүнүн характеринде чоочундашуунун чокусун жашаган Сабитжан, Айтматов жараткан эң маанилүү каармандардан бирөө. Жаш кезинде тоталитардык режимдин интернаттарында окуп жашагандыгы үчүн идеологиялык догмалардын таасиринде чоңойуп билим алган жана тоталитардык режимдин бул окуу жайларында үйрөнгөндөрүнүн баарын догма катары кабыл алып, бул догмаларды

өзүнүн характерине сиңирген. Кыргыз маданиятына таандык эч бир демилгеси болбогон Сабитжан, өзүнү адам кыла турган этномаданий баалуулуктарын жоготкондуктан албетте бул баалуулуктарды шылдыңдайт. Түркиялык окумуштуу проф. докт. Рамазан Коркмаз, Сабитжан үчүн "*Өзүнүн маданий баалуулуктарына чоочун кылынган Сабитжан өңдүү адамдар, коом үчүн потенциалдык түрдө коркунучтуу кишилер болуп саналат*" [8, 148-б.] - дейт.

Түрк дүйнөсүнүн улуу ойчул жазуучусу Чыңгыз Айтматов өзү жараткан Орозкул жана Сабитжан өңдүү каармандар аркылуу этномаданий деформацияны окурманга туюндуруп, этномаданий деформация жараткан адамдарга окшобош керек экендигине көңүлдөрдү бурган. Айтматовдун эмгектеринде түрдүү образдар, сюжеттер аркылуу чагылдырылган адабий чыгармачылык аркылуу дүйнөлүк окурмандын баары гуманизмге үгүттөлгөн. Өзүнүн чыгармаларында дүйнөлүк окурманга сабак берген Айтматовду, кыргыз элинин «Манас» эпосунан кийинки эң чоң улуттук мурас катары кабыл алуусу бекер эмес.

***Адабияттар***


1. *Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: «Ак кеме» 3-том. Роман, аңгемелер. /Түз. Абдылдажан Акматалиев. – Б.: Бийиктик, 2008. - 480 б.*
2. *Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: «Кылым карытаар бир күн» 4-том. Роман, аңгемелер. /Түз. Абдылдажан Акматалиев. – Б.: Бийиктик, 2008. - 544 б.*
3. *Айше Йылмаз, Бозкырда Ешерен Севда Түркүлери, Өтүкен Нешрият, Истанбул-2007. - 112 б.*
4. *Зия Гөкалп, Түркчүлүгүн Эсаслары, Варлык Яйынлары, Истанбул-1968. - 143 б.*
5. *Ибрахим Кафесоглу, Түрк Милли Күлтүрү, Өтүкен Нешрият, Истанбул-1997. - 466 б.*
6. *Кыргыз тилинин сөздүгү, КРУИА, -Б., 2010. - 890 б.*
7. *Рамазан Коркмаз, Айтматов Анлатыларында Өтекилешме ве Дөнүш Излеклери, Графикер Яйынлары, Анкара-2014. - 232 б.*
8. *Сабахаттин Чагын, Женгиз Айтматов ве Гүн Олур Асра Бедел Романы, Академи Китабеви, Истанбул-2000. - 74 б.*
9. *Сема Өзхер, "Беяз Геми Адлы Романдаки Йүже Бирей Аркетипи", Қожа Ахмет Ясави атындагы эл-аралык казак-түрк университети // "Билиг" № 37, жаз / 2006. - 150 б.*

*УДК: 39:398.5*

***Н.Жумашова,*** *ф.и.к., ага окутуучу*
***С.Бегалиев,*** *ф.и.к., доцент*
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# АЛП МАНАСЧЫ САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ

***Аннотация:*** *Илимий макала манасчы С.Каралаевдин айтуусундагы «Манас» эпосунун айрым бир өзгөчөлүктөрүнө, манасчылык өнөрдүн сырына арналып жазылган. С.Каралаев жөнүндө айрым эскерүүлөр да камтылган.*
***Түйүндүү сөздөр:*** *«Манас» эпосу, фольклор, манасчылык өнөр, салт, мотив, төкмөлүк, кереметтүү түш, вариант.*
***Аннотация:*** *В данной статье автор рассматривает некоторые особенности эпоса «Манас»в варианте манасчи С.Каралаева и пытается раскрыть секреты манасчи, а также обращается к воспоминаниям о сказителе.*
***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», фольклор, сказительское мастерство, традиция, мотив, импровизация, "сновидческие" сюжеты, вариативность.*
*The scientific article deals with some peculiarities of the epic "Manas" in S. Karalaev's version and secrets of mastery in telling "Manas". It also includes some memories about S.Karalaev.*
***Key words:*** *epic "Manas", folklore, storyteller (manaschy), art of epic telling, tradition, motif, improvisation, miraculous dream, version.*

«Манас» эпосу дүйнөлүк маданияттын жана адабияттын тарыхында кайталангыс, уникалдуу, сейрек учураган монументалдуу, классикалык баатырдык эпостун үлгүсүн түзгөн улуу көркөм эстелик. Академик В. В. Радлов адилеттүү белгилегендей, кыргыз эли эпикалык чыгармалардын ар кандай бай үлгүлөрүн бөтөнчө түрк тилдүү элдердин ичинде баатырдык эпостун, «Манас» эпосундай энциклопедиялык мүнөздөгү окуяларга бай көркөм дүйнөсү бийик монументалдуу, көлөмү жагынан теңдешсиз улуу эстеликти жаратып, эпикалык доордо жашап жаткан кыргыздар- деп өтө жогору баалап баса көрсөтөт.

«Манас» эпосун илимий иликтөө ишинин башаты XIX кылымда Ч. Валиханов менен В. В. Радловдун ысымдары менен байланыштуу экендиги жалпыга белгилүү. Мына ошондон бери эки кылымга жакын убакыт өттү. «Манастаануу» деген илим жаралып, калыптанып өнүгүүдө. Бул мезгилдин ичинде «Манас» эпосунун көптөгөн олуттуу, маанилүү, актуалдуу маселелерди илимий изилдөөнүн объектиси болду. Бирок «Манас» өңдүү океан сымал улуу эстеликтин али көптөгөн проблемалары кеңири, фундаменталдуу атайын системалуу түрдө изилдене электиги өкүнүчтүү көрүнүш. «Манас» эпосун жараткан, калыптандырган, өркүндөтүп, мазмунун байытып, поэтикасын бүгүнкү көз кайкыган бийиктикке жеткирген айтуучулардын, манасчылардын, улуу таланттардын ролу зор. «Манас» эпосуна арналып жазылган илимий эмгектерде манасчылардын чыгармачылыгы жөнүндө көп эле сөз болуп, баалуу маанилүү маңыздуу ой- толгоолор, пикирлер айтылып келүүдө. Бирок тилекке каршы, Сагымбай Орозбеков, Саякбай Каралаев өңдүү улуу таланттардын чыгармачылыгы атайын кеңири, системалуу изилдөөнүн объектиси боло элек десек аша чапкандык болбос.

Быйылкы жылы алп манасчы, чоң талант, XX кылымдын Гомери деген даңктуу атка конгон Саякбай Каралаевдин 120 жылдыгын коомчулук кеңири белгилөөгө даярданып жеткен учур. Мына ушул маанилүү окуяга байланыштуу улуу манасчынын өмүр жолуна, чыгармачылыгындагы айрым мүнөздүү өзгөчөлүктөргө учкай токтолуп кетүүнү туура көрдүк. Саякбай Каралаев 1894-жылы азыркы Тоң районуна караштуу Ак-Өлөң айылында жарык дүйнөгө келген. Балалык, өспүрүм мезгили кыйын-катаал турмуштук жагдайда өткөн. 1916-жылы улуу үркүндө кытайга качып, эл менен бирге башына түшкөн улуу трагедиянын күбөсү болгон. 1918-жылдан тарта кызыл гвардиянын катарында кызмат этип, кийин айыл советинде жетекчи болуп иштейт. Манасчылык өнөргө болгон кызыгуусу эрте ойгонуп, бардык манасчылар үчүн бекем салтка айланган аян түштү Саякбай да башынан өткөрөт. Кереметтүү түш манасчылык өнөрүн маанилүү көрүнүшүнүн бири. «Манас» эпосуна кызыгууда, манасчынын өнөрүн калыптанып өнүгүшүндө мааниси чоң. Бирок манасчылык өнөрдү жалгыз эле түш-аян менен түшүндүрүү илимий жагынан туура болбос. Кийинки мезгилде манасчылык өнөрдү өздөштүрүүдө түштүн маанисин бир беткей эле баса көрсөтүп чечүүчү фактор катары карап, өзгөчө керемет, касиетке айландырып жибергендей таасир калтырат. Манасчылык өнөрдө салт, айтуучунун манасчынын шыгын талантына да өзгөчө көңүл бура турган олутту фактор экендигин эстен чыгарбасак. Белгилүү манасчылардын дээрлик бардыгы «Манас» эпосун бала кезинен угуп, ага кызыгып, манасчыларды ээрчип таалим алып, чоң таасирленгенин өзүлөрү да жашырбайт. Саякбайдын устаты чоң манасчы Чоюке болгонун, Сакең аны бийик туу тутуп, зор урмат-сый менен көп эскергенин өз кулагым менен

көп уккан жайым бар. Көлдүн белгилүү манасчылары Акылбек Назар өңдүү белгилүү таланттардан таасир алып, манасчылык өнөрдүн татаал сырын үйрөнгөн. Биздин жеке пикирибизге манасчылык өнөрдүн негизги үч олуттуу фактору бар: кереметтүү түш, үйрөнүү салты, шык, талант, бул негизги факторлор бардык манасчыларга мүнөздүү көрүнүш Сагымбайдын улуу устаты кыргыз журтуна кеңири белгилүү чоң талант Тыныбек болсо «Манас» эпосунун үч бөлүгүн толук билген белгилүү манасчы Мамбет Чокморовдун устаты чоң манасчы, бир тууган таякеси Дөнүзбай болгон. Кыскасы манасчылар шыктуу, таланттуу адамдар болгонун эстен чыгарбасак. «Манас» бир кылымдын, бир эле доордун көркөм мурасы эмес. Эпосто кыргыз элинин байыркы мезгилдеги мифтик, фантастикалык көз карашына тартып, элдин башынан өткөргөн көптөгөн олуттуу реалдуу тарыхый окуяларын кеңири энциклопедиялык мазмунда көркөм чагылдырган көп катмарлуу, көп баскычтуу, өнүгүүнүн көп стадиялуу процессин басып өткөн өзгөчө улуу баатырдык эпос. Биз «Манас» эпосу дегенде эле элдин урмат-сыйына терең сүйүүсүнө, бийик кадыр-баркына татыктуу болгон Саякбай өңдүү зор талант эсибизге түшөт.

Анткени, Саякбай Каралаев «Манас» эпосунун беш бөлүгүн толук, жогорку көркөмдүктө аткарган чоң таланттын бири. Саякбай башка манасчылардай эле элдик оозеки адабияттын көптөгөн үлгүлөрү менен таанышып, алгач элдик күйгөн секетбай ырларын да өздөштүргөн экен.

Саякбай Каралаевдин «Манас» эпосунун бешилтигинен башка да чыгармалары арбын. Алардын ичинен «Эр Төштүк» эпосун өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө толук негиз бар. Анткени, Төштүк жөнүндөгү эпикалык баян башка түрк тилдүү элдерде кеңири белгилүү, негизинен кереметтүү жөө жомок түрүндө тараган. С. Каралаев болсо «Эр Төштүк» жомогун толук баатырдык эпостун деңгээлине жеткирген жалгыз чоң эпик. «Эр Төштүк» эпосун кыргыз элинин кенже баатырдык эпосторуна кошуп, баатырдык эпос деп эле айтып жүрөбүз.

Чынында, «Эр Төштүктү» мифтик баатырдык эпос – деп атоого толук негиз бар. Эпос менен кеңири таанышканда эпосто мифтик сюжеттер, мифтик каармандар, окуя өткөн жай жана башка өзгөчөлүктөрү жагына мифтик баатырдык катарына кирери талашсыз чындык. Бекеринен Юнескенин чечими менен француз тилине которулуп, өзүнчө китеп болуп чыккан. Анткени, «Эр Төштүк» эпосу дүйнөлүк адабияттын тарыхында сейрек учураган оригиналдуу көркөм эстелик. Академик В.Радлов адилеттүү белгилегендей кыргыздарда эпикалык традиция, салт өтө күчтүү болгон. С.Каралаев өңдүү алп манасчы кереметтүү жөө жомокту баатырдык эпостун деңгээлине жеткирип мифтик баатырдык эпос коркпой-үркпөй эле айтсак болот. М. Ауэзов биринчилерден болуп «Манас» эпос жөнүндө көлөмдүү, мазмундун «Манас» кыргыздын баатырдык поэмасын айтуу илимий монография жазып манасчылар эпостун сюжеттин, образдар системасы, көркөм дүйнөсү, жаралган доору жөнүндө баалуу пикирлерин айткан окумуштуу. Мына ошол эмгегинде манасчылардын Нарын жана Каракол мектеби бар деп илимий жагынан далилдүү аргументтерге таянып Сагымбай менен Саякбай ошол эки мектептин типтүү, көрүнүктүү өкүлдөрү деп көрсөткөн. «Манас» эпосунун көптөгөн ар кыл мүнөздөгү, көркөмдүктөгү варианттары бар экендиги белгилүү. Ар бир манасчы өзүнүн шыгына талантына, көз карашына ишине, стилине жараша жалпыга белгилүү эпостун салттык сюжетин бекем сактап, айрым бир анча мааниге ээ болбогон сюжеттик өзгөчөлүктөрү менен өзүлөрүнүн варианттарын түзөт эмеспи. Ал эми Сагымбай, Саякбай өңдүү белгилүү, жалпы журтка таанымал, элдин бийик кадыр-баркына ээ болгон чоң таланттар эпостун салттык өзөк окуяларын бекем сактоо менен бирге, башка айтуучулардан өзгөчөлөнүп эпостун мазмунун жаңы, кеңири сюжеттүү окуялар менен байытып, көркөмдүгүн арттырып, жеке мүнөзгө ээ болгон өзүлөрүнүн варианттарын жаратышкан. Сагымбайдын көз карашы, диний, тарыхый географиялык түшүнүгү, окуяларды көркөм сүрөттөө жагы боюнча да Саякбайдын бир кыйла өзгөчөлөнүп турганы ал жараткан вариантта ачык көрүнүп турат. Ал эми Саякбай болсо улуу устаты Чоюкенин салтын бекем сактап устатынын салттык вариантынын жаңы окуяларды тарыхый географиялык түшүнүктөрдү көп коштойт. Эки улуу манасчынын көркөм дүйнөсүнө келсек бул жагынан да олуттуу мүнөздөгү өзгөчөлүктөрү бар экендигин көрөбүз. Сагымбай элдин жай турмушун бийик көркөмдүктө сүрөттөсө, Саякбай согуштун куяларды, чебер, таасирдүү баяндайт деген окумуштуулардын пикиринин негизи бардай. Сагымбай улуу устаты чоң талант Тыныбектин салтын улантып, акындык өнөрдү манасчылык өнөр менен айкалыштырып эки тизгин бир чылбырды бекем кармап жүргөн чоң талант. Мындай өзгөчөлүгүн ырастаган негиздүү, далилдүү мисалдар өтө арбын. Бир эки катар гана мисал келтирип көрөлү. Сагынбай Шабдан өлгөндө анын өмүр жолун, элге кылган кызматын даңазалап бир күнү кечке чейин ырдаган деген элге кеңири тараган маалымат бар. Ленин өлгөндө поэмага тете көлөмдүү кошок чыгарган. Сагымбайдын варианты менен таанышкан ар бир окурман анын жеке турмушун баяндаган толгон лирикалык чегинүүлөргө күбө болот.

Саякбай «Манас» эпосунун салттык сюжетин бекем сактоо менен бирге айрым өзөктүү, маанилүү окуяларын аткаруу жагынан Сагымбайдын кескин айырмаланат. Мисалы, «Манас» бөлүгүндөгү «Алманбеттин» арманын «Семетейдеги» «Тайторуну чапканын», «Каныкейдин жомогун» өтө муңдуу, кайгылуу маанайда динамикалуу, терең психологизм менен угуучулардын жан дүйнөсүнө бүлүк салып, бийик көркөмдүктө сүрөттөйт. Мындай өзгөчөлүк устаты Чоюкенин айтканына да, деги эле көлдүк манасчыларга мүнөздүү көрүнүш деген негиздүү, далилдүү пикир бар.

Саякбайдын эл аралап, элге таанылып айтуучу катары белгилүү боло баштаганы 1921–1931-жылдарга туура келет: мына ушул жылдары белгилүү окумуштуу Х. Карасаев эл кыдырып, эл оозунан элдик чыгармалардын үлгүлөрүн жыйноого өтө активдүү катышкан. Манасчы С. Каралаевди элге таанытып, Фрунзе шаарына алып келген да Х. Карасаев болгон. "Хусейин ата Саякбай Каралаев жөнүндө кызыктуу аңгемесин узун сабакка айландырып бөтөнчө көркөм баяндап берчү экен.

Жазуучу Жекшен Ашуубаев да Саякбай Каралаевдин Фрунзеге барышына көмөкчү болгон деген маалымат бар. С.Каралаевдин «Манас» эпосун жазып алуу иши 1935-жылдын башталып, 1937-жылы «Манас» бөлүгү толук жазылып бүтөт. Бул баалуу, олуттуу ишке чоң эмгек сарп кылган, белгилүү фольклорист «Манас» үчилтигин толук билген, «Жаңыл Мырза» эпосун жазып калтырган, элдик оозеки адабияттын жыйноо ишине ат көтөргүс эмгек сиңирген Ыбрайым Абдрахманов болгон. Кийин «Семетей», «Сейтек», уландысы Кенен, Алымсарык, Кулансарыкты бүт кагазга түшүрүлүп, жалпы көлөмү жарым миллиондон ашык ыр сабын түзгөн. Ошентип, С.Каралаевдин жазылып алынган «Манас» эпосунун тексти эң көлөмдүү, сейрек учураган, баа жеткис байлык, зор кенч.

Өткөн кылымдын 60-жылдарында белгилүү окумуштуу Самар Мусаев менен Сапар Бегалиев Саякбай Каралаев «Манас» эпосунун бешилтигин, башка чыгармаларын, айткан аңыз-болумушу сөздөрүн бүт магнитафондук пленкага түшүргөн экен. Белгилүү окумуштуу, академик Б.М.Юнусалиев «Манас» эпосун илимий иликтөөгө, текстин басмадан чыгаруу ишине «Манас» редколлегиясынын башкы редактору катары чоң эмгек кылган. С.Каралаевден жазылып алынган «Манас» эпосунун вариантынын өзгөчөлүгүн, баа баркын, маани-маңызын өтө жогору баалап, мындай адилет пикирин билдирген: «Саякбай Каралаевден башка эч бир манасчыдан эпостун үч бөлүгү толук жазылып алынган эмес. Ошондуктан ал вариант уникалдык, жападан жалгыз вариант. Өз элине, бүткүл адамзатка калтырган баа жеткис чоң тартуусу деп билиш керек».

Казак элинин белгилүү окумуштуусу, көп тармактуу таланттуу илимпоз, Казак мамлекетинин Илимдер академиясынын академиги К.Жумалиев: «Бир калктын нечен кылымдар бою башынан кечирген турмушун, эрдик салтын, арманы менен муңун, патриоттук улуу идеясын, ынаным-ишенимин, этикалык түшүнүгүн толук камтыган жарым миллион жол элдик ырдын чыныгы мурасчысы болгон, биздерге жеткирген жомокчу-Саякбай Каралаевге таң калбаска, ага чын жүрөктөн алкыш айтып, анын көңүлдөн термеле сүйбөсө да мүмкүн эмес. «Колдо бар алтындын баркы жок»-деген эл сөзүнүн мааниси зор. Саякбай дүйнө жүзүндө бир гана адам. Эч жер, эч элден жарым миллион жолдон турган 30 томдук асыл казынаны жатка айта турган экинчи Саякбай жок. Ал феномен. Ал эзелки Гомерден берки эл ырчысынын тирүү айгагы, эң улуу өкүлү. Саякбай Кыргыз элинин таланттуулугунун айкын далили» - деп айткан.

Кыргыз тилин билбеген, бирок «Манас» эпосун алгач биринчи уккан айрым маданий, коомдук ишмерлер Саякбайдын айтканын угуп, таң калып, суктанып өзүлөрүнүн ыраазычылыгын, чоң ырахат алганын айтып, чын жүрөгүнөн чыккан жылуу сезимин билдиргендер арбын. Мына ушундай адамдын бири Алжирдин маданият министри, жазуучу мындай пикирин айткан: «Силер жазуу адабиятыбыз болгон эмес, китептерибиз болгон эмес дейсиңер, мынакей силердин улуттук китепкананаңар ушул абышка».

Белгилүү манастаануучу, окумуштуу Сапар Бегалиев: «Сакең чоң талант Манасчы гана эмес, таланттуу, чебер, элди өзүнө тарта билген, кыймыл аракети, окуянын жүрүшүнө жараша үнүн өзгөртүп, угуучуларды бирде кубантып, сүйүнтүп, бирде капалантып, кайгыртып, ал тургай көздөрүнөн жаш алдырып, ыйлаткан кайталангыс артист эле. Өзгөчө «Каныкейдин Тайторуну чапканын» айтканда өзү да ыйлап, элди да ыйлатканын өз көзүм менен көп көргөм. Каныкейди атасы Темиркан, иниси Ысмайыл Семетейге «Эжең карыганда, карган атын чаап, эр издеп, бизди эл-журтка уят кылып жатат, аты артта келсе, башын кесип алып кел, алдыга келсе, «Манастап» ураан чакырып сүрөп кел» -дейт. Каныкей «Ай караңгы болгондо, түн эмине болуучу, артка калса Тайтору, күнү эмине болуучу» - деп боздоп ыйлап төлгө кылып Манастан калган тулпарын байгеге чабат. Манастан калган чоң дүрбүнү алып көз чаптырып көрсө, Тайтору 643 аттын чаңында, артта келе жатканын көрүп «арам өлгөн Тайтору, эми кайдан жүгүрсүн», - деп, ак тинтесин койнунан алып, жүрөгүнө малганы даярданат. Мына ушундай Каныкейдин тагдыры кыл учунда турганда Сакең кадимкидей үнү каргылданып, көзүнө жаш алар эле. Аны көргөн элдин баары кошо көз жашын төгөөр эле. Ошондо Каныкей эми бир ирет дүрбү салып көрөйүн, артта калса, ажалдан мурун өлөйүн деп, дагы бир ирет дүрбү салат. Ошондо Сакеңдин үнү ый менен кошо зор кубаныч, сүйүнүчтү билдирип «Айланайын Тайторум, башын жерге салыптыр. Башкача чуркап алыптыр. Бүгүн мага кудай берет го, бүгүн Тайторум чыгып келет го» дегенде, угуп отурган эл-журт сүйүнгөнүнөн кайра көз жашын куюлтар эле. Саякбайдын айткан «Манасы» жандуу, элестүү, динамикалуу, аткаруу чеберчилиги өтө бийик болгондуктан, өтө бийик болгондуктан эл сүрөттөлүп жаткан окуяга баатырлар менен бирге катышып, кайгы, муңду, кубаныч, сүйүнүчтү тең бөлүшкөндөй өзгөчө таасир калтырар эле» - дейт.

Ырас, башка манасчыларда учурабаган жеке сюжеттүү, көлөмдүү окуялар бар. Бирок ал окуялар «Манас» эпосунун үчилтигинин сюжетин байытып, көркөмдүгүн арттырган окуялар. С.Каралаевдин айтуусунда эпостун бүт оң, терс каармандарынын портреттик сүрөттөөлөрү, минген аты, жоо кийимине чейин кеңири, көркөм сүрөттөлүп, мүнөздөмө берилгени менен өзгөчөлөнүп турат. С. Каралаевдин айткан «Манасынын» өзгөчөлүгүн, көркөмдүүлүгүн, бийиктигин баса белгилеп Ч.Айтматов: «Манас» эпосунун мазмундук жана көркөмдүк гармониясын айрыкча манасчынын аткарып жаткан процессинде, айрыкча, унутулгус Саякбай сыяктуу улуу манасчы аткарып жатканда сезесиз»- дейт.

Саякбай Каралаев «Манас» бешилтигинен башка да элдик оозеки адабияттын ар кандай темадагы үлгүлөрүн жараткан. Алар «Бакытай», «Делдеш баатыр», «Канаттуу куштар», «Кара Молдо», «Томор мерген», «Унутулгус күндөр», «Эрдик таңында», «Бүркүттөр» өңдүү мазмуну кызыктуу, маанилүү, маңыздуу, көркөмдүгү бир кыйла жогору турган чыгармалар. Улуу манасчы, кыргыз журтунун таланттуу кулуну, дүйнө элдерине белгилүү инсан, элдин зор сүймөнчүлүгүн, бийик урмат-сыйына татыктуу болгон, дүйнөгө бир келип кеткен алп манасчы Саякбай Каралаев 1971-жылы 7-майда бул жарык дүйнө менен коштошуп, Чыңгыз Айтматов айткандай «Айкөл Сакең келбес сапарына кетип, жайнаган көзү жумулуп, өрт жүрөгү токтоду».

Бирок Саякбай Каралаевдин улуу «Манасы», бай, ар кыл мазмундагы көөнөрбөс рухий мурасы кагаз бетине түшүп, түбөлүктүү жазма эстеликке айланды. Жеке эле кыргыз элинин маданий-эстетикалык көркөм дүйнөсү болбостон, жалпы адамзаттын өлбөс-өчпөс бийик баалуу эстелиги болуп калды. «Манас» - «Манас» болуп турганда Саякбай Каралаевдин аты өчпөйт, эмгеги унутулбайт». (Ч.Айтматов).

***Адабияттар:***


1. *Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. / Китепте: «Манас», 1-китеп. С.Орозбаковдун айтуусу боюнча.*
2. *Бегалиев С. «Манас» эпосу. Каракол-2004.*
3. *Жирмунский В.М. Тюркский георический эпос. -М., 1979.*
4. *Киргизский героический эпос «Манас» -М., 1971.*
5. *«Манас»- героический эпос киргизского народа. -Ф., 1968.*

*УДК:83.3(0) 9+72+86.38*

***К. Кодиров***
*Курган-Тюбинский государственный*
*университет имени Носира Хусрава*
*(Таджикистан)*

# ТЕМА САМОСОЗНАНИЯ ЧЕЛОВЕКА В ИРФАНИЧЕСКОЙ ПОЭЗИИ МИР САЙИДА АЛИ ХАМАДАНИ

***Аннотация***. *В статье анализируется тема самосознания человека в ирфанической поэзии Мир Сайида Али Хамадани. Подчеркивается об особом внимании Мир Сайида Али Хамадани подвижничеству и духовному очищению человека и что главным ориентиром в этом контексте является любовь к идеальной чистоте - богу.*

***Ключевые слова:*** *Мир Сайид Али Хамадани, самосознания, бог, человек, истина, любовь, ирфан, поэзия, единство, разум, душа, дух, просветления.*

*The article analyzes the theme of human self-awareness in the irphonic poetry of Mir Sayyid Ali Hamadani. It is emphasized that Mir Said Ali Hamadani has paid special attention to self-help and spiritual cleansing of man and that the main reference in this context is the love of perfect purity - God.*

***Key words:*** *Mir Said Ali Hamadani, self-consciousness, god, man, truth, love, irfan, poetry, unity, mind, soul, spirit, enlightenment.*

Тема самосознания человека в творчестве Мир Сайида Али Хамадани занимает важное место в таджикско-персидской поэзии. Результаты исследований творчества Мир Сайида Али Хамадани показывают, что эта тема нашла отражение в таких его произведениях, как «منهاج العارفين» («Прямая дорога мудрецов»), «اسرار النقطه ای توحيدی عرفانی» («Тайны точки или ирфаническое единство»), «هفت وادی» («Семь долин»), «رساله فتوتيه» («Трактат о благородстве»), «آداب المشايخ» («Этика шейхов»), «رساله درويشيه» («Трактат о дервишах»), «اصطلاحات صوفيه» («Суфийские термины»), «ده قاعده صوفيه» («Десять правил суфизма»), а также в газелях, четверостишиях.

Главным средством и заветным ориентиром в этом направлении Мир Сайиду Али Хамадани служит «любовь», любовь к идеальной чистоте – Богу, исключительно на пути к которому человек может стать счастливым и сам становится божеством.

В связи с этим положением Мир Сайид Али Хамадани подходит и к подбору традиционных исламских средств идеологического порядка. Так, из всей массы огромного набора хадисов он прибегает к помощи лишь двух из них, один из которых является актом человеческого самосознания, иначе говоря, зовом к становлению на путь достижения заветной цели. Второй хадис предстает теологическим обоснованием и введением в богоосознание и поэтому как нельзя действенно может служить построению всей модели процесса эманации человека в Бога. Таким образом, в самосознании мы видим состояние человека, осознавшего себя и способного к восприятию истины Бога.

Приступая к миссии познавания Бога, человек перво–наперво выбирает себе наставника, после чего приступает к действию: богослужению, подвижничеству и самосовершенствованию. Вставший на путь просветления, человек должен связать все свое существо с наставником своим и до конца оставаться преданным ему. Мир Сайид Али Хамадани по этому поводу в «هفت وادی» («Семь долин») говорит:

تا نگردی مرد صاحب درد تو، در صف مردان نيايی مرد تو.
هر چه از گردون گردان ميرسد، از طفيل جان مردان ميرسد.
تا نيفتد بر تو مردی را نظر، از وجود خويش کی يابی خبر.
گر تو بنشستی به تنهايی بسی، ره نتوانی بريدن با کسی.
پير بايد راه را، تنها مرو، از سر اشيا در اين دريا مرو

(Пока не станешь сам носителем боли ты,
Не сможешь встать в ряд мужей мужем ты.
Все, что исходит от вертящегося небосвода
Исходит за счет душ мужей,
Пока на тебя не обратит внимания какой-нибудь муж,
Не сможешь ты ничего о своей сущности знать.
Если ты уединишься на долгое время,
Не сможешь пройти путь ни с кем.
Наставник нужен, чтоб проделать путь, один не ходи
Из-за вещей не пускайся в это море). (1. № 9012. Л. 171 а).

Достижение «توحید» Мир Сайид Али Хамадани считает возможным посредством сердца, которое является источником и сосредоточием любви, а не разума.

Любовь равносильна аннигиляции в Боге, отчуждению от себя и познанию абсолютной любви. Развитие процесса берет начало в разуме, совершенствуется в стыде и завершается в успокоении.

Важность ирфанической поэзии Мир Сайида Али Хамадани заключается в том, что в ней каждое душевное состояние изображается на отдельной ступени духовного совершенствования в тарикате.

В связи с этим положением следует заметить, что душевное состояние идущего по пути ирфанического просветления в творчестве разных представителей ирфанической поэзии изображается по-разному. В классификационной системе состояний тариката начальным звеном предстает «توبه» – покаяние. Если в шариате «توبه» понимается как сознание греха, то в ирфанической поэзии значение этого пункта (солика) приобретает большую значимость, так как на этом пункте внимание путника (солика) сосредотачивается на осознании Бога. И здесь грехи путника в ирфанической поэзии воспринимаются как результат «ошибки» и покаяние предстает как практическое признание греха, что к истине существования Бога касательства не имеет.

Мир Сайид Али Хамадани в трактате «ده قاعده صوفیه» «Десять правил суфизма» насчитывает десять ступеней духовного совершенства солика (путника) и первой стоянкой изображает именно «тавба»:

گر کلاه فقر خواهی، سر ببُر، از خود و جمله جهان یکسر ببُر.
این کلاه بی‌سران است، ای پسر، کی دهندت، تا تو می‌نازی به سر.
چارهٔ این چیست؟ در خون آمدن، از وجود خویش بیرون آمدن

(Если желаешь шапку нищеты, отрежь голову,
От себя и от всего мира целиком откажись.
Это – шапка безголовых, о сын мой,
Разве дадут ее тебе, пока ты гордишься головой.
В чем выход из этого положения? Сесть в крови,
Выйти из своего существования) [2, 80].

Второй ступенью и стоянкой ирфанического пути просветления предстает подвижничество «زهد», значением которого является отречение от мира и всех благ, относящихся к нему.

Третья ступень – это «توکل» (упование на бога), сущность которой состоит в том, что человек живет тем днем, который настал, не заботясь о дне завтрашнем. Все в воле божьем. По этому поводу Мир Саийд Али Хамадани говорит:

توکّل کن، گذر از هر چه خواهی، که غیر حق بود جمله مناهی.
وسایتّ را رها کن، جمله حق بین، تو هر چیزی، که می‌بینی، ز حق بین.

(Уповай на Бога, отрекись от всех желаний,
Потому, что все, кроме Истины, запретно.
Средства оставь в стороне, помни лишь об Истине,
Все, что ты видишь, принимай от воли Бога) [2, 81].

Четвертой ступенью является «قناعت» (довольство), что выражается в отказе от всего, что жаждет низменная плоть, от животных страстей.

«عزلت» (затворничество, уединенность) – это пятая ступень процесса просветления солика (путника), которую Мир Сайид Али Хамадани описывает так:

زخم خوردم روز و شب عمری دراز، تا به صد زاری در من کرد باز،
تو بدین روزی بدین در چون رسی؟ وز نخستین پایه بر سر چون رسی؟
تا نیابد درد این کارت پدید، کیسّهٔ این درد نتوانی شنید.
گر شود این درد دامنگیر تو، بر گشاید سر به سر زنجیر تو.
ور نگیرد دامنت این درد زود، گفتگوی من ندارد هیچ سود

(Я всю жизнь днем и ночью раны получал,
Пока, после стольких унижений, он не открыл мне дверь,
Как же ты за какой-то день замыслил добраться до этой двери?
И с первой ступеньки на последнюю как пройти?
Пока не переболеешь этой болезнью,
Сказ об этой боли слышать тебе не под силу.
Когда эта болезнь схватит тебя,
Она целиком разорвет твои цепи.
И если эта боль не скрутит тебя вскоре,
То мои слова не приносят никакую пользу) [2, 82].

Шестая ступень называется «ذکر», которая предписывает путнику ограничиваться упоминанием лишь Бога и отрешиться от всего постороннего. «ذکر» представляется сложным духовным составом. Обратимся к толкованию Мир Сайида Али Хамадани:

تا که باشد یاد غیری در حساب، ذکر مولا باشد از تو در حساب.
تا بود یک ذرّه از هستی به جای، کفر باشد، گر نهی در عشق پای.
گر همه عالم صواب تو بود، تا تو باشی، آن عذاب تو بود.
گر شوی چون خاک در ره پایمال، تا ابد جان را به دست آری کمال.
تا تو با خویشی، ادا بینی همه، چون شوی فانی، احد بینی همه.

(Пока хоть одно чужое упоминание будет у тебя на счету,

Упоминание о господине будет от тебя за завесой.
Пока хоть пылинка от сущего остается на месте,
Будет ересью, если шаг ступишь за любовью.
Если весь мир будет тебе воздаянием,
Пока ты жив, оно будет тебе мучением.
Если будешь растоптан как пыль на дороге,
Вечно будешь добиваться совершенства души.
Пока ты сам себе множество примешь все,
Но когда аннигилируешься, все примешь за единство) [2, 83].

Седьмое правило или ступень пути солика называется «توجه» (внимание), а это значит целиком отдаться мыслью о Боге и отказаться от всех других помыслов.

Восьмое правило арифов именуется «صبر» (терпение), что значит избавиться от плотских влечений и целиком отдаться служению Богу.

Девятым правилом (ступенью) называют «مرکب», которое требует целиком отдаться достижению цели (возлюбленной):

В трактате «آداب المشایخ» («Этика шейхов») Мир Сайид Али Хамадани этика и нравственность человека излагается на ирфанических принципах. Здесь ариф объясняет: Ирфан – это начало науки, середина действия и конец блага. Наука раскрывает то, что есть в действительности, действие осуществляет поиск, а благо ведет к вершине ожидания (3. 146). Следовательно, сердце является стоянкой манифестации любви к Истине.

При всем этом главным выразителем просветленческой сути ирфанической поэзии Мир Сайида Али Хамадани с привлечением идеи «единства сущего» выступает идейный сгусток «عالم و آدم» – «человек и вселенная», в котором человек – определяющий элемент этого двуединства, со всей остротой переживает любовь к Творцу, единственно потенциальной силы обустройства жизни на космическом пространстве. Единственный выход в этой глубокой идеи видится в возврате к своему началу, в аннигиляции долго блуждавшей в потемках частички божественного духа в сиянии своего праотца.

Бог в своем «творческом процессе» чувствует острую нужду в путеводе – наставнике, который мог бы облегчить заботы человечества в осуществлении идеи «توحید». Без участия разума, хотя он в преодолении всего пути тариката играет вспомогательную роль, но запустить самый механизм движения без него нельзя. Разум должен помочь человеку осознать Бога. Поэтому в ирфанической поэзии Мир Сайида Али Хамадани роли наставника придается существенное значение.

В художественном воплощении идеи «таухид» Мир Сайид Али Хамадани в своей ирфанической поэзии начинает с раскрытия понятия «زهد» – подвижничества, без которого осуществление замысла «ваҳдати вуҷуд» – «единства сущего» немыслимо.

Теория «Тайны точки» (اسرار النقطه) в ирфанической поэзии Мир Сайида Али Хамадани занимает важное местом, поэтому в поэзии Мир Сайида Али Хамадани под воздействием прикладного ирфана объясняется связь человека с внешним миром, с Богом, с самим собой и его обязанности в том же плане. И так как предметом прикладного ирфана является тарикат, в поэзии Мир Сайида Али Хамадани процесс странствия (сулук) достигает вершины духовного преобразования человека. Эта поэзия на фоне задач тариката приобретает нравственное содержание, ибо человеку предстоит совершенствовать свое внутреннее содержание на уровне бесподобно совершенного. Поэтому самой первой задачей ее встает изображение соприкасаний человека с Богом. Одновременно ирфаническая поэзия Мир Сайида Али Хамадани не избегает свои обязанности и перед теоретическим ирфаном, который рассматривает более широкие аспекты мировоззрения с позиций теогнозиса. Отсюда и в поэзии Мир Сайида Али Хамадани мы обнаруживаем изображение Бога и действительности. И все же основная задача этого изображения заключается в человеке – в его изменении, совершенствовании.

***Литература***


*1. Мир Сайид Али Хамадани. Семь долин или по повеления эмира // Рупопись института востоковедения Академия наук Республики Узбекистан имени Абурайхана Буруни. № 9021.*

*2. Мир Сайид Али Хамадани. Сорок тайн. – Тегеран. 1389 ш. – 112 с. (на перс.яз.)*

*3. Мир Сайид Али Хамадани. Сокровища ирфана (составители, комментарии и толкования словаря М. Султонзаде, Х. Асозаде., К. Турдиева). Т. I. - Душанбе: Ирфан, 2015. – 368 с. (на тадж. яз.)*

*4. Мир Сайид Али Хамадани. Сокровища ирфана (составители, комментарии и толкования словаря М. Султонзаде, Х. Асозаде., К. Турдиева). Т. II. - Душанбе: Ирфон, 2015. – 384 с. (на тадж.яз.)*

*5. Муртаза Мутаххари. Двадцать бесед. – Тегеран, 1381 ш. – 201 с. (на перс.яз.)*

*6. Риза Мустафа Сабзавори. Вклад Сайида Али Хамадани в распространении иранской культуры и ислама в Индии. – Тегеран. 1369 ш. – 214 ч. (на перс.яз.)*

*7. Сирус Шамсо. Путешествия газели в персидской поэзии. – Тегеран. 1389 ш. – 264 с. (на перс.яз.)*

*8. Сатторов, А. Из истории таджикско-персидской литературно-эстетической мысли (X-XV вв). – Душанбе: Ирфон, 1972. – 206 с. (на тадж.яз.)*

*9. Султанов, М. Проблема «совершенного человека» в контексте суфийской доктрины Мир Сайида Али Хамадани // История философии и современность. – Душанбе: Дониш, 1988. – С. 10-19 (на тадж.яз.)*

*УДК:83.3(0) 9+72+86.38*

***К. Кодиров***
*Курган-Тюбинский государственный*
*университет имени Носира Хусрава*
*Таджикистан*

# ОТРАЖЕНИЕ ТАЙН СИМВОЛИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ В ИРФАНИЧЕСКОЙ ПОЭЗИИ МИР САЙИДА АЛИ ХАМАДАНИ

***Аннотация:*** *В статье рассматривается ирфанические термины Мир Сайида Али Хамадани. Подчеркивается, что выражения ирфанических символов в поэзии мыслителя очень ценны и значимы. В таджикско-персидской средневековой поэзии.*

***Ключевые слова:*** *Мир Сайид Али Хамадани, Хафиз Ширази, ирфан, поэзия, кумир, любовь, газель, символ, термин.*

*The article examines the irrational terms of Mir Sayyid Ali Hamadani. It is emphasized that the expressions of the Iphanic symbols in the poetry of the thinker, namely in the sofa of Hafiz Shirazi, are very valuable and significant.*

***Key words:*** *Mir Sayid Ali Hamadani, Hafiz Shirazi, Irfan, poetry, idol, love, gazelle, symbol, term.*

В средневековье, когда формировалась ирфаническая поэзия, получила распространение и символизация, которая с течением времени и появлением великих поэтов внушила приверженцам тариката (путь духовного усовершенствования) цель и высокое понятие «познание». ‘Арифы стали применять в поэзии слова, которые стали вступлением к зарождающейся ирфанической поэзии. Постепенно слово стало изменять свое истинное значение и стало выражать осколки значения. При этом значение воспринималось как комментирование, толкование, а навязанные образования, для включения в процессы понятия «شریعت» (религиозных норм), стали называть «истинами шар’ии». Эти слова впервые пустили в ход такие ‘арифы, как Ибрахим Адхам, Джунайд Багдади и другие, а Абдаллах Ансари, Абу-л-Касим Курайши, Абу Наср Сирадж Туси, Ибн Араби, Шах Неъматуллах Вали, Мир Сайид Али Хамадани и другие ‘арифы создавали ирфаническую поэзию в их объяснении и толковании.

Мир Сайид Али Хамадани при изложении житий Баязида Бистами, Мансура Халладжа, которые были основателями особой ирфанической школы, Шейха Хасана Басри, Шейха Хариса Мухасиба, Шейха Фузайла Айяза, Шейха Сахля ибн Абдаллах Тустари, Шейха Абу Али Даккака, Шейха Абу-л-Хасана Нури в трактате «فتوتیه» («О благородстве») приводит слова и выражения, которые впоследствии подвергаются толкованию как термины. После систематизации ирфанической терминологии эти символические термины получили еще большее распространение. Тысячи эстетических и ирфанических терминов и слова под названием шатњиёт «شطحیات»[1] вошли в обиход ‘арифов и последователей тариката (путь духовного усовершенствования).

Мир Сайид Али Хамадани в «اداب المشایخ» («Этике шейхов») излагает историю происхождения ирфанических терминов, разъясняет смысл и содержание их, а затем, с опорой на предшествующую литературу, кодифицирует и систематизирует их. При этом ‘ариф упоминает имена целого ряда шейхов прошлого и последователей тариката (путь духовного усовершенствования). В седьмой главе своего труда Мир Сайид Али Хамадани разъясняет термин «سماع» (пение). В частности, ‘ариф пишет: «… при пении необходимо соблюдать три условия: пространство, время и состояние. Что касается пространства, то оно должно быть обширно и скрыто от глаз чужих. По поводу времени: человек должен знать время пения, а внешне – ночь предпочтительней…» (6, 98).

В трактате «اصطلاحات صوفیه» («Суфийские термины») Мир Сайида Али Хамадани комментирует ирфаническую терминологию, выражающую мистические состояния, степени духовного совершенства солика (странствующего), наподобие хува, явм, айнуляќин, њаќќуляќин, лавњ; термины, которые выражают названия мест и заведений, наподобие харобат, майхона, дайр, масъид; термины, относящиеся к одежде, как дастор, кулоњ, хирќа; термины, выражающие состояние (ќабзу баст); поведение (ибодат, узлат); общение (хидмат, суњбат); аскетизм (холус, азм); восторг и смятение (раќс, самоъ); термины, использованные ирфаническими поэтами в своих сборниках стихов (тарсо, пири майфуруш) и, наконец, шатњиёт – экстатические изречения, которые используются в состоянии экстаза и восторга (тири азал, тири абад) (5, 78-79).

Мир Сайид Али Хамадани в своих трактатах «اصطلاحات صوفیه» («Суфийские термины»), «آداب المشایخ» («Этика шейхов»), «درویشیه» («Дервишество») приводит такие ирфанические термины, как «آیینه گل» (зеркало розы),

---

[1] «Шањтиёт» - экстатические изречения. Термин «шатњ» ведёт свое происхождение от глагола «шатања» - выходить из берегов (о реке). Иными словами шатњ – это своего рода непроизвольное излияние, совершаются под давлением нахлынувшего чувства» (см: Бертельс Е. Э. Суфизм и суфийская литература. – М.: «Наука», 1965. - С. 33).

«آیینه دل» (зеркало души), «آیینه هستی» (зеркало существования), آیینه گیتی (зеркало мира), آیینه جمال (зеркало красоты); или же: الحکمه (удила), امام المطالعه (глава чтения), امیر عالم (повелитель мира), الکتاب (книга), تبع (последователь), راه (лик, щека), رخش (сияние), صبحان (пречистый), شاهان مرغان (царь птиц), شاهد (свидетель), شراب عشق (вино любви), شراب طهر (вино возникновения), غیب مطلق (абсолютная тайна), غیرب کوکب (отсутствие звезды), لویح (проекты), لمع (сияние, блеск), محبوب (возлюбленный), می مغان (вино магов) и другие. В его произведениях упоминаются имена знаменитых поэтов Аттара Нишапури, Джалал ид-дина Руми, Хафиза и Саади Ширази, Абд ар-Рахмана Джами и др.

Термины, включённые в ирфаническую поэзию Мир Сайида Али Хамадани, имеют корни в терминологии прикладного ирфана, теоретического ирфана, эстетических и просветленческих понятий. В ирфанической поэзии Мир Сайида Али Хамадани различные слои терминологии выражают различные мистические состояния и степени духовного совершенства саликов.

«آداب المشایخ» («Этика шейхов») Мир Сайид Али Хамадани, написанная в подражании «آداب المریدین» («Этика учеников») Наджм ид-дина Кубра, посвящена, как исходит из самого названия произведения этике шейхов ирфанических орденов. В первой главе трактата речь идет об обряде одеяния хирки шейхами, вышедшими в это положение из муридов. Когда наставник убеждается в совершенстве достоинств своего последователя, своеручно надевает на него особую власяницу, которая выражает его учёное достоинство и может набрать круг собственных последователей.

Тайны действительности шейхи исследуют опираясь на свою проницательность. Шейхи надевают власяницу, когда могут жить в ней.

Седьмая глава трактата «آداب المشایخ» («Этика шейхов») Мир Сайида Али Хамадани отведена толкованию термина «путешествие» («سفر»). Путешествие имеет три предназначения: паломничество (زیارت), подвижничество (زیارت), повидание лика шейхов (دیدار مشایخ). Когда шейх пускается в путешествие, он должен иметь сострадательного и преданного товарища и не выходить без посоха и посудины с водой. Далее, ‘ариф продолжает эту систему необходимостей: «Когда он идёт в обитель дервишей, то не должен идти с пустыми руками: он должен прихватить с собой зубочистку, гребёнку, ножницы для обрезки ногтей и мешочек для сурьмы. Он должен постоянно находиться в состоянии ритуальной чистоты. Он, если возможности ему позволяют, должен ходить пешком и при этом быть опоясанным и с засученными рукавами, чтобы идти быстрее. Эти внешние предписания он должен соблюдать. И всякий, кто не знает этого, не достоин беседы. Внутренний же этикет – дело другого порядка, а тот, кто желает его знать, должен стремиться к подвижничеству, дабы он проявился внутри него» (5, 93).

Мир Сайид Али Хамадани в трактате «اصطلاحات صوفیه» («Суфийские термины») слова разделил и комментировал в трех группах: те, которые относятся к влюблённому (عاشق محب); те, которые относятся к возлюбленной (معشوق, محبوب); те, которые относятся к кабаку (میخانه). Относительно же самого трактата ‘ариф сообщает: «Это несколько слов относятся к распространённым в прозе и поэзии в суфийском обиходе, которые мы разделили на три группы: к первой группе относятся слова, большей частью принадлежащие к описанию возлюбленной (محبوب), а некоторые из них – влюблённого. Ко второй группе принадлежат имена, которые общие между влюблённым и возлюбленной. Хотя эти слова в официальной этике не имеют определённой принадлежности, но иногда по смыслу приобретают определённость, а иногда и нет. К третьей группе отнесены слова, выражающие влюблённого и его положение, хотя некоторые порой относятся к возлюбленной» (6, 169).

В ирфанической поэзии Мир Сайида Али Хамадани фигурирует большое количество известных терминов, к которым, в частности, относятся: طلب (искание), طالب (ищущий), مطلوب (желанный), عشق (любовь), عاشق (влюблённый), معشوق (возлюбленный), اشتیاق (желание), ملامت (порицание), زرافت (изящество), جور (насилие), ناز (нега), خشم (гнев), شرابخانه (кабак), باده (вино), ساقی (кравчий), قدح, جام (чаша, кубок), содержание которых без знакомчства с системой терминологии весьма затруднительно объяснить. Толкование Мир Сайида Али Хамадани преследует освоение термина в данном эпизодическом состоянии, в определённом, конкретном значении. Система терминов Мир Сайида Али Хамадани кодирована, в тайны к которой постороннему нет доступа, ибо восприятие ирфанического смысла человека, не посвященного в тайны ирфана, не возможно, ибо ирфанический термин построен на смысловом коде, знание которого необходимо.

Ирфаническая символика Мир Сайида Али Хамадани зиждется на теоретическом ирфане, иными словами, на ирфаническом мировоззрении и на том объяснении, которое предлагают о действительности. Эти термины созданы по философскому методу формирования. Понимание большинства терминов, которые использовал Мир Сайид Али Хамадани, весьма сложно.

***Литература***


1. *Бертельс, Е.С. Избранные труды. Суфизм и суфийская литература. – М.: Наука, 1960. – 986 с.*
2. *Брагинский, И. С. Из истории таджикско-персидской литературы. – М.: Наука, 1970. – 301 с.*
3. *Сборник стихов Хаджи Шамсиддина Мухаммада Хафиза Ширази (составитель Мухаммад Казвини, Забехулла Сафо). – Тегеран, 1368 ш. – 246 с. (на перс.яз.)*
4. *Забехула Сафа. История литературы Ирана. – Тегеран, 1374 ш. Т. II. – 341 с. (на перс.яз.)*
5. *Сайид Джафар Саджоди. Словарь ирфанической лексики, терминов и выражений. – Тегеран, 1370 ш. – 1001 с. (на перс. яз.)*
6. *Мир Сайид Али Хамадани. Избранные произведенияв 4-х томах. Т. II. - Душанбе: Ирфон, 1995. – 264 с. (на тадж.яз.)*
7. *Тоиров, У. Терминологический словарь метрической системы таджикско-персидского стихосложения. - Душанбе: Маориф, 1991. – 201 с. (на тадж.яз.)*

*УДК 37.091.33:811.512.154.*

***Т.Т. Халилова,***
*Баткен Мамлекеттик Университетинин окутуучусу,*
*Баткен, Кыргызстан,*
*e-mail: ainazik.marjan@mail.ru*

# ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН САБАК

***Аннотация**. Интеграциялап окутуу – азыркы учурдун талабына ылайык эң керектүү ыкма болуп саналат. Предметтерди интеграциялоо менен бирге окуучулар дүйнөнү бир бүтүн нерсе катары окуп үйрөнүшөт. Окутуунун бул ыкмасы окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн кеңейтип, активдүүлүккө, акыл-эстүүлүккө, алган билимдери практикалап көрүп, аны эс-тутумунда сактоого, баатырдыкка, гумандуулукка, толеранттуулукка, педагогикалык жактан да, психологиялык жактан да, туура тарбиялоого багыт берет.*

***Түйүндүү сөздөр:** интеграциялап окутуу, фразеологизм, окуучу, сөз, тил, кыргыз тили менен кыргыз адабияты.*

***Аннотация**. В наше время интеграционный метод обучения очень полезен и необходим для всех учащихся. Изучая предметы интеграционным методом, студенты могут изучить весь мир как единое целое. Этот метод обучения расширяет мышление студентов, побуждает их к активности, разумности, применению полученных знаний на практике и запоминанию этих знаний, к героизму, гуманизму, толерантности, воспитанию как педагогически, так и психологически.*

***Ключевые слова:** интеграционный метод обучения, фразеологизм, ученик, слово, язык, кыргызский язык и кыргызская литература.*

***Abstract.** Nowadays the integration is very useful and necessary for all pupils. Studying integration of objects students can study the world as a unit. Such method of tutoring channelizes students to be keeping an open mind, to be active, to be smart, to practice and remember the acquired knowledge, induces to courage, humanity, tolerance, to be well-mannered pedagogically and psychologically.*

***Key words:** integration method of tutoring, phraseological unit, pupil, word, language, Kyrgyz language and Kyrgyz literature.*

«Заманы бөрү болсо, бөрү бол...»- дегендей замандын өнүгүүсү менен окуу процессинде да окутуунун ар түрдүү ыкмалары пайда болууда. Биз буга чейин негизинен салттуу сабактарды гана өтүп келгенбиз. Окуучуларга жеткиликтүү, жемиштүү билим берүүдө мугалимдердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө карата сабактардын салттуу эмес ыкмалары көбөйүүдө. Окуу жүктөмүнүн көп болгону менен пайдалуу жагынын аз болгондугуна байланыштуу азыркы учурда интеграцияланган сабактарды өтүү окуучуларга көбүрөөк пайда алып келүүдө. Интеграцияланган сабак – бул азыркы учурда эң керектүү болгон сабактардын бири. Мында окуучуларга биз ар тараптуу, толук, жеткиликтүү, максаттуу билим берүүгө жетише алабыз. Предметтерди интеграциялоонун максаты окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү, дүйнөнү «бүтүн» жана толук бойдон кеңейтилген формада кабыл алуу.

Кыргыз тили менен кыргыз адабияты бири-бири менен бекем ажырагыс байланышта турат, кыргыз тилисиз кыргыз адабиятын элестетүүгө мүмкүн эмес. Бул предметтер бирдикте болгондо гана окуучуларды өз тилинде эркин сүйлөөгө, кеңири ой-жүгүртүүгө, кыргыз элинин каада-салтын, үрп-адатын, маданиятын анын басып өткөн жолун эстеринен чыгарбоого үйрөтөт, дайыма аларды мисал катарында колдонуп, практика жүзүндө да турмуштан көрө алышат.

Тил – бул адамдардын байланышуучу негизги куралы болуп саналат, тилсиз эч бир нерсени туура түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. «Тилсиз эл болбойт» - деген макал элибизде бекеринен айтылып жүрбөсө керек. Бардык филологиялык илимдерди окутууда тили менен анын адабиятын биргеликте кароо зарыл. Тили туура жазууга, туура сүйлөөгө үйрөтсө, адабияты окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө карата адам болууга туура тарбиялап, тепкичтен-тепкичке көтөрүлүп бара берет. Туура ой-жүгүртүүгө, кебин өстүрүүгө, чыгармалардын ичиндеги ар бир сөзгө маани берип, кыргыз тилинин жардамы менен андагы макал-лакаптардын,

учкул сөздөрдүн фразеологизмдердин маанисин чечмелеп, кыргыз элинин муундан-муунга өткөрүлүп берилип келе жаткан үрп-адаттар, кыргыз элинин көчмөн турмушу менен таанышып, кыргыз эли башынан кандай күндөрдү кечиргенин окуп үйрөнүшүп, азыркы учурдагы жашоо менен салыштырып кеңири айтып берүүгө үйрөнүшөт. Мисалы: кыргыз тилиндеги энчилүү аттарды өткөндө «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү алып, аларды жаттоо менен бирге, энчилүү аттарды таап аларды айтып бере алышат, бир эле убакта энчилүү аттарды да табышып, чыгарма менен да тааныша алышат. Интеграциялап окутууда окуучулардын окууга болгон кызыгуулары жогорулап, изденүү менен окушуп, предметтерди тереңден окууга шарт түзүлөт деп ойлоймун.

Энчилүү аттарды жөн эле китептеги мисалдын ичинен таптырып жаздырып коюуда сабакка болгон кызыгуу жоголуп окуучу ата-энесине мактанып баруу үчүн, баа үчүн гана окуп калат, ал сабак бүткөндөн кийин аны унутуп калышы да ыктымал. Негизинен алганда кыргыз тилин жеке адабияты менен интеграциялап өтпөстөн, бардык эле предметтер интеграциялап өтүү, аны практика жүзүндө колдонтуп окутуу окуучуну аябай шыктандырып, анын ичинде уктап жаткан сезимдерин түрткүлөп ойготуп, келечектин ээсин тарбиялоого жардам берет, антпесек мектептен качкан гана окуучуларды көрүп калдык.

Мектепке киргендеги алгачкы тепкичтен баштап эле окуучулар эне тилин окуп башташат. Ушул убактан баштап эле окуучулар текст менен иштөөгө, ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, эстетикалык жактан кабыл алууга үйрөнүшөт, көрсө мектеп босогосун аттагандан баштап эле предметтерди интеграциялап окутуп, балдарды ошол ыкма менен окутууга үйрөтсөк болот экен, мындай ыкма менен окуу жүктөмдөрү эле азайып калбастан, окуучуларды мектепке тартуу да оңойлоп калчудай. Кыргыз тилинин жардамы менен окуучулар адабияттагы тексттер менен иштөөгө, текстке анализ берүүгө, бөлүктөргө бөлүүгө, тексттин темасын анализдөөгө, окуучу мугалимдин жардамы менен текст түзүүгө мүмкүнчүлүк алат. Андан кийинки класстарда татаал жана ар түрдүү типтеги жазылган тексттер менен иштеп баштап ошол тексттин темасы менен идеясын, андагы камтылган ойду, кептин маданиятын, тибин, кайсы жеринде кандай тыныш белгилер коюлаарын, аны кандай тон менен окуш керек экендигин кыргыз тилинин жардамы менен үйрөнүшөт. Тексттин ичиндеги төл жана бөтөн сөздөрдү, автор кайсы жерине, кайсы сөздүн ичине кандай ойлорду камтыган, кандай символдорду эмнеге карата колдонгонун кыргыз тили менен кыргыз адабиятын интеграциялап бирге өткөндө гана окуучуларга кеңири жана ыңгайлуу шарттарды түзүп берип, алардын оюн толук угуп ошонун натыйжасында тексттерди талдап, талкуулап чечкенге жол ачабыз.

Окуучулар 5-класстан баштап лексикология жана фразеологизмдер боюнча билим ала башташат. Сөз-бул тилдин негизги бирдиги. Сөздүн лексикалык мааниси, бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр, түз маанидеги жана кыйыр түрүндөгү сөздөр, омоним, синоним, антоним, макал-лакаптар, кыргыз тилиндеги сөздүктөр менен иштөө, булардын баарын кыргыз тили үйрөтөт.

Кыргыз тили предметин окутканда көнүгүүлөрдөгү көпчүлүк мисалдар адабий чыгармалардан алынат. Адабий чыгармаларды окуу аркылуу баланы психологиялык жактан тарбиялай баштайт. Кайсы жолду тандаса кандай ийгиликтер же болбосо кемчиликтер күтүлөөрүн аңдап ажыратып, ак менен караны, жакшы менен жаманды, калп менен чынды, жаратылышка кандай мамиле кылаарын, адамдарга кандай мамиле керектигин, мекенин сүйүүгө, коргоого, улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттоого, дос менен душманды, жат менен тууганды ажыратып келечекте жакшы жолду тандап ага түшүүгө жардам берет.

Диалектилик сөздөр, историзмдер, неологизмдер, эскирген сөздөр, жаргондор, башка тилдерден кирген сөздөр, булардын бардыгы кыргыз тили предметин окутууда өтүлөт жана адабий чыгармаларды жазууда сөзсүз түрдө колдонулат. Кыргыз тили менен адабиятын интеграциялап окутуу кептин бардык түрлөрүн өстүрүүгө түрткү берет.

Тил-бул пикир алышуунун негизги куралы. Кыргыз тилинде окуу жүргүзүлгөн бардык мектептерде бардык сабактар кыргыз тили менен интеграцияланат. Биз интеграциялдап сабак өтүүдө эки же андан ашык предметтерди интеграциялап сабак өтсөк болот. Сабактарды интеграциялап өтүүдө да предметтерди бири менен бирин байланыштырып кетүүчү өзүнчө типтери бар. Мисалы:

1. Улоочулук, тутумдашып кетүүчү тиби. [1.28-б.]. Мында бардык сабактар бири менен бири интеграцияланып, бирини-бири улап толуктап, сабакты бирибиринен бөлүп карабастан бир бүтүндүктө алып кетет. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдерди өтүүдө, кыргыз тили мугалими фразеологизмдер жөнүндө маалымат берип өткөндөн кийин, адабият предметинен берген мугалим «Манас» эпосу жөнүндө айтып өтөт жана эпостон алынган текст берилип андан окуучулар фразеологизмдерди табышат, алардын маанисин талкуулап синонимдерин табат, азыркы учурда колдонулуп жүргөн фразеологизмдерди айтып өтүшөт, андан кийин «Манас» эпосуна арналып 1962-жылы тартылган «Улуу эпос» деген тасманы көрсөтүүгө болот жана эпосту ушул мезгилге чейин жеткирген манасчылар жөнүндө маалымат бере алабыз [2.120-б.]. Бул типтеги сабакты өтүүдө бинардык сабактарды өтүү ыңгайлуу. (таблица №1)



2. Интеграциялоонун сейрек кездешүүчү тиби курчоочулук болуп эсептелинет [1.30-б.]. Мында негизги предмет кыргыз тили болуп, анын материалын толуктоо үчүн башка предметтер аз-аздан өз салымдарын кошуп, теманы толук бойдон ачып берүүгө аракеттенишет. Биз буга мисал катары «Манас» эпосун алсак болот. Эпостун мазмунун бардык сабактар менен интеграциялап өтүүгө болот. Кыргыз тилинде сан атоочторду өткөндө «Манастын төрөлүшүн» мисал катары колдонуп, бул тексттен сан атоочторду табуу үчүн окуучулар эң биринчи текстти окуп чыгышат, андан сан атоочторду табуу менен бирге эпос жөнүндө маалымат алышат (адабият), математикадан болсо бай Жакыптын бала төрөлгөндөн баштап канча чыгаша кылганын эсептеп чыксак болот (жентекте канча мал кетти, сүйүнчүгө канча мал берилди, баарын жалпылап эсебин чыгаруу) баатырдын төрөлүшү боюнча тартылган Т. Герцендин сүрөтүн колдонсок болот (сүрөт, атактуу сүрөтчүлөр боюнча маалымат алышат, [3.54-55-б., 60-б.]), окуя кайсы жерде өтүп жаткандыгын окуучулар менен чогуу картадан көрсөк болот (география), андан кийин тарыхка кайрылып Эне-Сай кыргыздары жөнүндө маалымат берүү, мындан сырткары биздин каада-салт боюнча маалымат алышат. Ушинтип бир эле сабактын ичинде ар тараптуу билим алууга болот. (таблица №2)




3. Жарыш байланыш тиби [1.28-б.]. Мында кыргыз тили менен адабияты параллель түрдө кетишет. Кыргыз адабий тилинин өнүгүү этаптарында пайда болгон стилдер жөнүндө маалымат бергенде бул типти колдонсок болот. Манастын образын көркөм сөз каражаттары аркылуу манасчы кантип чагылдырып берген, ошол жерин манасчынын айтуусу аркылуу дисктен уктуруу, же болбосо театрда ошол жерин кантип чагылдырып берген аны көрсөтүү, сүрөтчү сүрөтүндө Манасты кантип элестетип, анын мүнөзүн ачып берүү үчүн кандай боёкторду колдонгон. Мындан сырткары окуучуларга көркөм сөз каражаттарын колдонуу менен өздөрү Манастын образын окуп үйрөнгөндөрү аркылуу жаратып берүүгө, андан кийин ошол жараткан образдарын сахнада көрсөтүп берсе, же анын образын боёк аркылуу чагылдырып берсе болот. Окуучулар бир эле сабактын ичинде туура жазууга, көркөм сөз каражаттарын колдонуп чыгарма жаратууга, туура сүйлөөгө, кейипкердин образын сахнада диалог түрүндө чагылдырып берүүгө, боёк аркылуу кейипкердин образын чагылдырып берүүгө үйрөнүшөт. (таблица №3)




4. Аралаш тиби – бул интеграциялап окутуунун эң кеңири таралып, колдонулган тиби [1.29-б.]. Мындай тибине жогоруда айтылган типтердин бардыгы камтылып кетет.

Качан гана адамдын тили менен дили бир максатты көздөсө гана бир ийгилик жаралат деп ойлоймун, ушул сыңары эле биз «Манас» эпосунан алынган жети осуятты жаттатып эле балдарды Манастай кылып тарбиялай алабыз деген ойдон алысмын. Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен, же болбосо жогорку окуу жайларында «Манас таануу», «Айтматов таануу» предметтери менен интеграциялап окутуу аркылуу окуучулардын, студенттердин ички сезимдерин ойготуп, адам болууга, жарандык милдетин аткарууга, айкөлдүүлүккө, кечиримдүүлүккө, сабырдуулукка, бөлүнбөй ынтымактуу иш жасоого, чынчылдыкка, жоопкерчиликтүү болууга тарбиялай алабыз.

Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуу аркылуу студенттерди, окуучуларды тилдик нормага ылайык сүйлөөгө, бирөөнүн оюн угууга, угуп эле койбостон ага макул же макул эместигин айтууга, өз оюн сунуштоого, туура суроо берүүгө, алган билимдерин практикалап көрүүгө, эркин сүйлөөгө, сөз байлыгын өстүрүүгө, көркөм сөз каражаттарын колдоно билүүгө, кыргыздардын басып өткөн жолун, тарыхын окуп үйрөнүүгө багыт беребиз.

***Адабияттар***

*1. Тешебаев.М. Кыргыз адабиятын интеграциялап окутуунун илимий – методикалык негиздери (5-7-класстар). Дисс.на соискание кан.пед.наук. –Б., 2010, 177 б.*

*2. Укуева Б. Манас таануу. -Ош, 2013-14. 172 б.*

*3. «Манас» эпосу 1-том / Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. -Ф.: Кыргызстан, 1979. 295 б.*

*УДК: 811.581:811.161.1*

***Алтымышова Ж.Ж.,***
*БГУ им. К. Карасаева,*
*кыргызско-китайский факультет,*
*e-mail: jaltymyshova2017@mail.ru*

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТАДГУ БИЛИК» ДАСТАНЫНЫН КЫТАЙДА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

***Аннотация:*** *Бул жазып жаткан макалада автор «Кутадгу билик» дастанынын Кытайда изилдениш тарыхын жана этаптарын кеңири көрсөткөн. Ар доор баскычындагы изилдөөлөрү, айрыкча, уйгур, кытай аалымдарынын пикирлери бири-бирине салыштыруу аркылуу Кытайда «Кутадгу билик» дастанынын изилденүү өзгөчөлүгүн көрсөтүүгө аракет жасалды. Кытай аалымдарынын көз караштары менен чет эл аалымдарынын көз караштарынын салыштыруунун натыйжасында бул дастанды изилдөөдө орун алып келген кемчиликтерин аныктап, мындан кийинки изилдөө иштеринин дагы үнөмдүү жана так болушу көздөлдү.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *дастан, изилдөө, салыштыруу, Кытай, өзгөчөлүк, аалым.*

***Аннотация:*** *В этой статье автор рассматривает историю и этапы изучения «Кутадгу билиг» в Китае. Автор попытался в своей статье, путем сравнительного анализа мнений китайских и, в особенности, уйгурских ученых, показать особенности научного исследования дастана «Кутадгу билиг». Кроме этого, в статье предпринята попытка выявить недостатки имевшие место при исследовании «Кутадгу билига» как китайскими, так и другими иностранными учеными.*

***Ключевые слова:*** *дастан, исследовать, сравнительный, Китай, особенность, ученый.*

***Аннотация:*** *In this article, the author reviews the history and stages of the study of "Kutadgu bilig" in China. The author tried to show in his article, by means of a comparative analysis of the opinions of Chinese and, in particular, Uygur scholars, the features of the scientific study of dastan "Kutadgu bilig". In addition, the article attempts to identify the shortcomings that have occurred during the study of "Kutadgu biliga" by both Chinese and other foreign scientists.*

***Key words:*** *dastan, explore, comparative, China, feature, scientist.*

Айрым кытай интеллигенциялары Жусуп Баласагындын «Кутадгу билик» дастаны туурасында XX кылымдын башында эле кабардар болгон. Мисалы атактуу тарыхчы, акын Кутлук Ажым Шаувкиндин (1876-1937) XX кылымдын башында Кашкарда чыга баштаган Кашкар гезитинде мындай мисалдары бар:

Нур чечип Кутадгу билик хелкни кылды бахтяр,
Хас Юусуп Хажипка окшаш онлияр фанлар ятур,
Ядикар ойлоп жананга изди Дивани лугот,
Махмуд Кашгар каби онли шарап шанлар ятур,
Ойлигин Шевкини мептон нурлар чечип,
Бу шарарда коплиген халк огли инсанлар ятур.
[1.с.27б.]

Атактуу адабиятчы, изилдөөчү Имин Турсун 1944-жылы Шинжан гезитине «Мурас жана жазууларыбыз», деген макаласын жарыялап, анда Кутадгу биликти бир топ кенири тааныштырган. Белгилүү адабиятчы Шукул Ялкун 1946-жылы Урумчиде мезгилсиз чыга турган Алтай Журналына жарыялаган «Кутадгу билик» китебине деген ырында чыгарманы өтө берилгендик менен даназалаган.1947-жылы Урумчиде Жусуп Баласагын китепканасы уюштурулган. Китепканага Кутадгу биликтин фото нускасы жана ар түрдүү китептер коюлган.

«Кутадгу билик» дастанын изилдөөнүн өнүгүү доору.

«Кутадгу билик» дастаны өзүнүн курулушу жана мазмуну боюнча баа жеткис чыгарма. Миң жылга жакын убакыттын ичинде тарыхтын ар түрдүү сыноолорунан ийгиликтүү өтүп, илим жагынан үзгүлтүксүз даңазаланып, өзүнүн баалуулугун барган сайын жогорулатып келүүдө. Мисалы: Кытай гуманитардык академиясынын аз сандуу улуттар адабият изилдөө жана философия изилдөө институттарында «Кутадгу билик» изилдөө бөлүмү ачылды жана ага байланыштуу илимий адистер даярдалды; Щинжан гуманитардык илимдер академиясы улуттар адабиятын изилдөө институту билик таанууну өзүнүн негизги кесип үйрөнүү жана зарыл изилдөө багыты катары белгиледи; 1988-жылы октябрь айында Щинжан «Кутадгу билик» изилдөө коому расмий курулду;1991-жылы ноябрь айында курулган Уйгур классикалык адабият изилдөө коому «Кутадгу биликти» өзүнүн негизги жана туруктуу изилдөө темасы кылып карманууда; Кытайда

8 окуу жайларынын тил адабият факультеттеринде «Кутадгу билик» Кытай адабияты тарыхындагы уйгур классикалык адабиятынын үлгүсү катары негизги сабак болуп окутулууда, ошону менен катар, мектеп, факультеттик деңгээлде билик таануу жөнүндө талкуу иштери уюштурулууда.

1989-жылы октябрда 2-жолу «Кутадгу билик» боюнча мамлекеттик илимий талкуу жыйыны дагы Кашкарда уюштурулду. Жыйынга ар улуттан 60 киши катышты, баардыгы 46 илимий макала жыйынга тапшырылды, алардын ичинен 30 макала чоң жыйында окулду. Албетте, булардын бардыгы «Кутадгу биликке» кызыгуу, илимий баалуулугун изилдеп үйрөнүү бул мезгилдерде күчөгөндүгүнөн кабар берет. Ошондой эле, илимий жыйындардын материалдары, изилдөөлөр атайын китеп болуп да чыгып турду. Мисалы, 1986-жылы Зарип Долатав, маркум Айша Шакир жана Гулам Абдуллалар даярдаган«Кутадгу билик» жөнүндө «Тарыхый мурас» деп аталган илимий макалалар жыйнактын 2-томдугу жарыкка чыккан. 1988-жылы 3-4-томдор басылды.Ярмухаммед Тахир жазган: «Уулум алдына кара Кашкар уйгур басмасы 1991-жыл 2-басылышы.201 б.» [2.453 б.]. Сай Цанжин жазган: «Кутадгу биликтин философиялык идеясы жөнүндө алгачкы изденүү Бейжин эл басмасы, 1992-жыл, октябрь, 1-басылышы. 345 б.»[ 3. 320 б.]. Жогоруда эмгектерден башка ушул тапта уйгур тилинде басылып чыккан илимий журналдарда жарыяланган макалалардын саны 103ко жетет, булардын ичинен 25% Кутадгу биликти тааныштыруу жана үйрөнүү мүнөзүндөгү макалалар, ал эми чыгарманын идеясы жөнүндөгү изилдөөлөр да ал макалаларда негизги орунду ээлейт.

«**Кутадгу билик»дастанын калыптанган доорундагы изилдөөлөр.** XX кылымдын 90-жылдарынан бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди «Кутадгу биликтин» Кытайдагы изилденишиндеги эң өнүккөн мезгили деп эсептегенге болот. Ушул мезгилде, «Кутадгу биликти» таануу илиминин калыптануусунда Кытайда төмөндөгүдөй шарттар болгон.

Биринчиден, изилдөөчүлөр, рационалдык изилдөө майданына ээ болду. Бул баскычка келгенде, изилдөөчүлөр кенен-кесири изилдөө шартына ээ болуп, өз пикирин илимий негизде тайманбастан баяндоо мүмкүнчүлүгүнө жетишишти.

Экинчиден, «Кутадгу билик» Кытайдагы 4 жогорку окуу жайында сабак катары киргизилди. Аспирант, доктаранттан турган билимдүү адистерди даярдоодогу натыйжалар иликтөөгө алына баштады.

Үчүнчүдөн, «Кутадгу билик» изилдөө базасы, илимий изилдөө борборлору курулуп, көптөгөн илимий журналдарда «Кутадгу билик» изилдөөсүнө атайын беттер арналды, илимий талкуулоо жыйындары да пландуу түрдө өткөрүлдү. Айрыкча, 1993-жылы октябрь айында алгачкы Эл аралык «Кутадгу билик» илимий талкуулоо жыйыны Бейжинде өткөрүлүп, изилдөө ишинин илгерилешинде чоң роль ойноду. Бул жыйынга 9 өлкөдөн келген «Билик» таануучу аалымдар катышты, Кытайдан ар кайсы улуттан 51 окумуштуу жана жетекчи кадрлар катышты. 1998-жылы октябрь айында Жусуп Хас Хажипдин 980-жылына жана «Кутадгу биликтин» 928-жылына арналган илимий талкуулоо жыйыны аталган изилдөө ишинин илгерилешине чоң роль ойноду.

«Кутадгу билик» сыяктуу көп кырдуу, көп катмарлуу булак жөнүндө улам кийинки учурда өтө баалуу ой жүгүртүүлөр, изилдөөлөр жүргүзүшүп улам жаңы-жаңы илхамдар ойгонуп, анын ийгиликтери көз алдыбызга тартыла баштады. Бүгүнкү күнгө чейин Кытайда жарыяланган эмгектерди анализдесек төмөндөгү маанилүү маселелер көзгө урунат.

Биринчиден, азырынча Кытайдан башка мамлекеттердеги «Кутадгу биликти» изилдөө иштерине салыштырганда тил таануу, текстологиялык же болбосо чыгарманын көркөм түзүлүшү боюнча Кытайдагы жүргүзүлгөн изилдөөлөр изилдөөнүн башталгыч элементардык баскычынын деңгээлинде. Кээ бир изилдөөчүлөр «Кутадгу биликтин» маданий тарыхтагы орду жана философиялык, илимий, көркөмдүк жана тарыхый аспектерин колдорунун келишинче изилдешип, аны кандайдыр тынымсыз «Бийлик колдонмосу», «диндик насаат-наама», «ахлак-дидактик» дастаны, же болбосо «Шах нааманын» түрк варианты, ойдон чыгарылбаган болбогон нерсе деп айтышты. Алар «Кутадгу биликтин» казынасын фарс-араб ачкычтары менен ачууга аракет кылышты жана айрым изилдөөчүлөр «Кутадгу биликти» бүткүл маданият тарыхынан, өзгөчө чыгыш маданиятынын ойгонуусунан бөлүп алып, жөн эле улуттук мурас катарында изилдөөгө кызыгып кетишти [4.с.86б.].

Экинчиден, Кытайда жакынкы жылдардан бери «Кутадгу биликти» изилдөөдө макаладан макала чыгарып, бир макаланы кайталай берүү абалы сакталгандыктан изилдөө иштеринде терендик жана кендик жагынан жетиштүү канат жая албай, адаттагы кайталоо абалынан көтөрүлө албоо байкалды [5.с.87б.].

Үчүнчүдөн, «Кутадгу биликти» изилдөөдө бул чыгарманын маданият катмарларын, идеялык маанилерин, анын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн ачык берүү иши али да төмөнкү деңгээлде. «Кутадгу биликти» бүткүл маданият тарыхы, билүү тарыхына коюп, из кубалап жана салыштырып изилдөө өндүү кең ири иликтөө жана айтылган пикирлерди ынандыра турган деңгээлге жеткирүү али ишке ашырылбай келет.

Төртүнчүсү, «Кутадгу биликтей» божомол менен X кылым илгери жазылган чоң чыгарманы азыркы заман жаңы категория калыптары боюнча анализдөө жана изилдөө, өзгөчө изилдөө түрү болуп, бул чыгармадагы категориялар, сөздөр, өкүмдөрдүн баалуулугун байкоодо чоң мааниге ээ. Бул жагынан эч кандай бир үлгү жаратылбады. Биздин пикирибиз боюнча, «Кутадгу биликти» бүгүнкү маданият курулушу, реформа жана дүйнө тааным, жаңылануу иш-аракетинде бирдиктүү изилдөө мүмкүн. Ушинткенде «Кутадгу биликтин» чыныгы баалуулугун да арттырган болоор элек.

Кытайда Жусуп Баласагындын «Кутадгу билик» дастанын изилдөө тарыхынын негизинде биз төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик: Кытайда Жусуп Баласагындын «Кутадгу билик» дастанын окуп үйрөнүүдө, изилдөөдө жана аны көчүрүп таркатууда бардык убактысын, күчүн сарп кылган, акыл парасатын арнаган аалымдар өтө көп. Кытай окумуштуулары бул көркөмсүз чыгарма боюнча көп, ар тараптуу жана максаттуу илимий изилдөө алып барышкан. [6.с.27б.]. Алар өткөн кылымдын 2-чи жарымынан башталган дастанды изилдөө тары-

хын үч чоң этапка бөлүшүп, акыркы этабын жогорку илимий теориялык бийиктик катары карашат.

Кытай окумуштуулары Жусуп Баласагын «Кутадгу биликтеги» тил маданиятты көркөмдүк, коомдук, адеп-ахлактык жана философиялык талдоонун негизинде дастандагы баалуулуктардын жогорку логикада жуурулушкан функцияларды чыгарманын көөнөрбөс сакталып келаткандыгынын бирден-бир сыры деген жыйынтыкка келишет. Ошону менен бирге, топтогон жана талдаган материалдарыбызга таянуу менен дастандын Кытайда изилдениш абалы, Кытайдагы жана Кыргызстандагы илим чөйрөсүндө талаш-тартыш туудурган маселелер боюнча изилдөө жүргүзүү менен аларды Кыргызстандын илим чөйрөсүнө жеткирүү, ал боюнча илимий иш алып бару маселесин жакынкы келечекте колго алабыз деген ишенимдебиз.

***Адабияттар***


1. *Абдышукур Мухамметимин. Орто кылым уйгур маданиятынын камусу. – «Кутадгу билик» жөнүндө.// «Кумул адабияты». – 1984.- 27б.*
2. *Ярмухаммед Тахир Туглук. «Кутадгу билик» жөнүндө изилдөөлөр. Урумчи, 2007-453б.*
3. *Сай Цанжиң. Юсуп Хас Хажип жана анын философиялык идеясы.Пекин, 1997- 320 б.*
4. *Абдышукур Мухамметимин. Кутадгу блик казынасы. Урумчи, 1999-86 б.*
5. *Абдышукур Мухамметимин. «Кутадгу билик» казынасы. - Урумчи, 1999. - 87 б.*
6. *Аблет Умер.Юсуп Хас Хажип жана анын «Кутадгу билик» дастаны. - Китапларга баха. – 1979- 27 б.*
7. *Абдукадыр Жалалидин. «Кутадгу билик» дастанындагы адабият теориясына байланыштуу маселелер жана факторлор // «Булак». - 2008.- 78 б.*

*УДК 811.512.154:37.091.33*

***Т.Т. Халилова***
*Баткен Мамлекеттик Университетинин окутуучусу,*
*Баткен, Кыргызстан,*
*e-mail: ainazik.marjan@mail.ru*

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУГА АРНАЛГАН ЭМГЕКТЕР ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

***Аннотация***. *Интеграциялап окутууга арналган эмгектер жаңы гана чыгып жатканы менен интеграциялап окутуу педагогика менен бирге жаралып, бирге окутулуп келе жатат. Бул ыкманы азыркы коомдун өнүгүп-өсүүсүнө карата ылайыкташтырып, иш пландарын, ага арналган методикалык китептерди иштеп чыгуу. Интеграциялап окутууда мугалимдер үчүн дагы өтө чеберчилик менен сабак өтүүгө даярданууну талап кылып, ар тараптуу, кызыктуу материалдарды издөөгө, техниканы колдонуу менен сабак өтүүгө мажбур кылат. Айрыкча тектеш предметтерди интеграциялоо жакшы натыйжасын берип, келечек муундарды туура тарбиялоого түрткү берет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *интеграциялап окутуу, интеграция, педагогика, сабак, тил, кыргыз тили, кыргыз адабияты, сөз.*

***Аннотация***. *Несмотря на то, что труды по интеграционному методу обучения выпускаются с недавних времен, появившись одновременно с педагогикой этот методу изучается параллельно с педагогикой. Приспособить этот метод к развитию нынешнего общества и разработать рабочий план и методические пособия. Этот метод требует от учителя высокой подготовки, поиска универсального и интересного материала, использования техники в обучении. Особенно продуктивна интеграция однородных объектов, который дает стимул образованию молодого поколения.*

***Ключевые слова:*** *интеграционный метод обучения, интеграция, педагогика, урок, язык, кыргызский язык, кыргызская литература, слово.*

***Abstract***. *Despite the fact that works by an integration method of tutoring are issued since recent times it is applied in parallel with pedagogics having arisen with it at the same time. To adjust this method to development of present society and to develop the working plan and methodical books. This method demands from the teacher of high preparation, searching of versatile and interesting material, use of technique in tutoring. Integration of congenerous objects which gives an impetus to education of the younger generation is especially productive*

***Key words:*** *integration method of tutoring, integration, pedagogics, subject, language, Kyrgyz language and Kyrgyz literature, word.*

Биз жашап жаткан доор ата- бабаларыбыз жашап өткөн доордон алда канча өнүккөн деп эсептейбиз, бирок тилибиздин өнүккөнү байкалбаганын баарыбыз эле сезип турабыз. Европадан канчалаган үлгүлөрдү алып жатканыбыз менен, ал тургай үйүбүздө турган кичинекей компьютер аркылуу ушул чоң дүйнө менен таанышып баарлаша алганыбыз менен, кайсыл жерде эмне болуп жатканын көрүп билгенибиз менен, ошол чоң дүйнөдөн биз тескери таасир алып жаткандай, эне тилибизди да, динибизди да башкага алмаштыргандай болуп жатабыз. Кыргыз тилин окуп жатканыбыз менен эрежелерин жаттап, сүйлөмдү жөн эле талдап коюп жатабыз, ошол окуган нерсебизди практикада колдонбойбуз жана колдонгонду да билбейбиз, биз окуп жаткан кыргыз тили өзүбүздүн эне тилибиз экенин эсибизден чыгарып, жумушка кирип жатканда кыргызча арыз жазыш керек болгондо, кыргыз тилчилерди карай чуркайбыз, мурда арыз жазуунун үлгүсүн көрсөтүп окутуп жатканда турмушта анын керек болоруна маани билбейбиз. Ошондуктан кыргыз тилин интеграциялап окутуп аны практикада колдонуп, көрсөтүп берсек гана өсүп келе жаткан муундарыбызга үйрөтө алабыз деп ойлойм. Кыргыз болгондон кийин эч бир сабакты кыргыз тилин кошпой туруп өткөрө албайбыз, ар бир предметти кыргыз тили менен интеграциялап окутсак окуучулар анын кайсы жерде кандай колдонушун үйрөнүшөт жана практикада колдонуп көрүшөт. Интеграцияланып окутууга арналган эмгектер эми жарыяланганы менен, предметтердин интеграцияланышы педагогика илими пайда болгондон баштап эле аны менен тыгыз байланышта болуп, өнүгүп келе жаткандыгын окумуштуулар далилдешкен. Сабактарды интеграциялап өтүүгө азыркы жашап жаткан коомубуз, айлана-чөйрөбүз, азыркы учурдун

көйгөйлөрү педагогдорду мажбур кылууда. Окуучулар көтөрүп жүргөн чөнтөк телефондору аркылуу интернетке киришип, ага жүктөлгөн, жүрөк түшүргөн ар түрдүү окуяларды көрүү менен окуучуларыбыз аларды тууроонун негизинде жаңы көйгөйлөрдү жаратууда. Албетте бул көйгөйлөрдү чечүүдө кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуу жардамга келет. Бул предметтерди интеграциялоодо кыргыз тилинде туура жазууга, туура сүйлөөгө, кеп байлыгын өстүрүүгө үйрөтсө, кыргыз адабияты чыгармадагы макал-лакаптарды, каармандардын образдарын ачуу, аларды талкуулоо, чыгармадагы чыр-чатактарды, карама-каршылыктарды окуучулар өзүлөрү оң жакка чечүү аркылуу, өзүбүздүн жашап жаткан айылыбыздагы адамдардан, же окуялардан мисал келтирип далилдөө менен бир эле мезгилде окутуп, жакшы тарбиялануга жол ачабыз.

Педагогика илиминде тарбия берип окутуунун бирден-бир формасы бул – сабак экени аныкталган. Ошондуктан биз кызыктуу, ар тараптуу маалыматтарды берүү менен окуучуларды өзүбүзгө тартып, алардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу аркылуу, окуучуларга көп кырдуу билим берип, жакшы багытка тарбиялап, аларды педагогикалык жактан да, психологиялык жактан да жакшы тарбиялануга жардам бере алабыз. Окутуу процессинде мугалимдердин чеберчилиги өтө жогорку деңгээлде чагылдырылышы зарыл.

Педагогика илими табиятында интеграцияга негизделген илим. Педагогикалык изилдөөлөрдүн, процесстердин бардыгы интеграция кубулушунун компоненттерин, бөлүктөрүн пайдалануу, аларга негизденүү аркылуу ишке ашат. Интеграция-педагогиканын мазмундук жана формалык биримдигин камсыз кылган, окутуунун тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн бүтүндүгүн түзгөн каражат, ошол бүтүндүктө ишке ашырган процесс жана илимдердин өз ара жакындашууга, биригүүгө карата жасаган аракеттеринин ал абалы. Интеграция түшүнүгүндө дал ушул өңүттөн мамиле кылганда, ал педагогикадагы жаңы көрүнүш, жаңы табылга эмес. Ал объективдүү дүйнөнүн татаал биримдигин, өз ара алакасын шарттап турган процесс. Ал процессти жаңыдан аңдап-билип, түшүнө баштагандан тартып ал адам таалим жана тарбия берүү иштерин интеграциялык негизде жүргүзө баштаган.

Азыркы педагогика илими, анын негизи, өзөктүү маселелеринин бири болгон билим берүү процессин уюштурууда интеграциялык көрүнүштү кенен жана конкреттүү жүргүзүүнү активдештирүү талабын коюуда. Эгерде интеграция курчап турган дүйнө тууралуу окуучуларга бирдиктүү түшүнүк, элес түзүүгө багытталса, анда ал окутуунун максаты катары кызмат кылат. Ал эми окутулуп жаткан бир нече предметтердин жакындашуусунун жалпы платформасын түзүүгө, үйрөтүүгө негизделсе, анда интеграция окутуунун каражаты болот»- деп Ж.Чыманов [1. 387-б.] агайыбыз өз эмгегинде белгилеп кеткен болсо М.Тешебаев өзүнүн диссертациялык ишинде төмөнкүдөй маалыматтарды берген.

К.Д.Ушинский «Адам-тарбиянын предмети катарында» ушул деңгээлде ар кыл байланыштардын ассоциациясынын жети түрү тууралуу жазат, алар: окшоштугу боюнча; карама-каршылыгы боюнча; мезгили боюнча; мейкиндиги боюнча; логикасы боюнча; сезимге негизделген окшоштук, өнүгүүгө негизделген жакындык, орус педагогу окутууда адам (демек адам таануу илимдери) менен жаратылышты (табият таануу илимдери) бирдикте карап, дүйнөнү түгөл түшүнүүгө мүмкүн экендигин айтып, мектепте окутулуучу предметтерди гуманизм жана сүйүүнүн христиандык идеясы менен айкалыштыруунун зарылдыгын көрсөткөн.

Классикалык педагогдор ишмердүүлүктүн интеграцияланган дидактикалык каражаттарын көтөрүп чыгышты, мисалы, тар практикалык (Д. Дьюи), проектилик (Г. Фрезинг жана, Е. Хофмана), эмгектик (А.С. Макаренко жана Н.К. Крупская), чыгармачылык-түзүүчүлүк (В.А. Сухомлинский), теориялык ой-жүгүртүү, ойлоо (Д.Б. Эльконин- В.В. Давыдов) ж.б. максаттар менен окутууну, билим берүүнү ишке ашыруу талаптары коюлду.

Дж. Дьюи билим алууга келген баланы Күн деп, ал педагогикалык ааламдын уюлунда тураарын эсептеген, «Дүйнөдөн-балага жана баладан дүйнөгө» деген принцип менен окуу программаларынын түзүлүшүнүн зарылдыгын көрсөткөн, баланын чоңойушу: үй-бүлө-мектеп-район-өлкө-адамзат-аалам деген схема менен жүрүшү керектигин белгилеген. Демек, коом таануучу, адам таануучу жана жаратылыш таануучу предметтерди окутууга бирдей маани коюлган [2. 32-б.].

Кыргыздар эң байыркы элдердин катарына кирет, эгерде өзүбүздүн колдонгон тамгаларыбыз болуп, аны колдонуп, окутуп келгенибизде азыркы учурда тилибиз эң жогорку баскычта өнүгөт беле. Бирок кыргыз тили эми өнүгүп келе жатканы менен кыргыздар балдарына ошол мезгилдерден бери эле ар тараптуу билим, тарбия берип келишкен. Муну биз «Манас» эпосунун мазмунунан да көрө алабыз, ошон үчүн азыркы учурда эпостун мазмунунан алынган «жети осуятты» келечек муундарды тарбиялоодо колдонуп жүрөбүз.

Кыргыз жеринде ачылган алгачкы диний медреселерде жана усулу анын мектептеринде окутуунун мазмунун интеграциялоо аракеттери жүргүзүлгөн. Мисалы, Нурмолдо өзү ачып өзү билим берген медреседе айнаме деген предметтен сабак берүүчү экен, бул сабакта азыркы агрономия, метерология, адабият бириктирилип кайсыл убакта аба ырайы кандай болот, кандай эгиндердин качан сээп, качан жыйноо керек деген турмуштук керектүү маалыматтар берилген жана адабият (ыр, айтымдар) менен коштолгон. Н. Нурмолдонун мектебинен тарыхты, элдик адабиятты, эсепти, салтты жана «Айнамени» окуп үйрөнгөн балдар кийинки реалдуу турмушта жашоого практикалык жактан ориентация алып, белгилүү бир руханий жана турмуштук көндүмдөргө ээ болуп, күндөлүк өмүр-тирликке кандайдыр бир деңгээлде даяр болуп чыгышкан [4.33-б.].

Демек биз сабактарды интеграциялап окутуудан чочубай эле коюшубуз керек экен, окуу жүктөмдөрдүн азаюусу менен окуучуларыбыз тереңдетип билим ала алышат. Мисалы: кыргыз тилиндеги «Омонимдерди жана алардын түрлөрүн» окутууда адабияттагы «Кандуу жылдар» романы менен байланыштырып, анын ичиндеги омоним сөздөрдү табуу менен бирге ал сабакты тарых, география, экология, сүрөт менен интег-

рациялап өтсөк окуучулар бир эле сабактын ичинде беш предметтен билим алууга жетишет жана алган билимдерин турмуш менен байланыштырып, үркүн жөнүндө, ошол убактагы кор болгон кыргыздардын турмушу жөнүндө, окуя кайсы жерлерде болуп өткөн, бул окуя канчага созулган жана ал маселе кантип оң жакка чечилип, Кыргызстанга тынчтык кайра кантип орногон, мындай апааттын жаратылышка тийгизген терс таасирлери жөнүндө ойлонуп, ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, чыгарманы кайра-кайра окуп чыгып, ийне-жибине чейин талдап чыгууга мажбур болушат.

| Кыргыз тили | Кыргыз адабият | тарых | адеп | география | экология | сүрөт |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Омонимдер жана алардын түрлөрү | «Кандуу жылдар» романынын негизинде | 1916-жылкы үркүн жөнүндө маалымат алышат | Окуя кайсы жерлерде жүрүп жаткандыгын жана алардын кайсы жерде жайгашканын картадан көрө алышат | Суудай агып жаткан адамдардын кандарынын жаратылыш менен кандай байланышы бар экенин аныктоо | Чыгарма боюнча элестетип өздөрү колдо сүрөттөрдү тартуу, алар боюнча ой жүгүртүү | Омонимдер жана алардын түрлөрү |
| 10-класс | 10-класс | 10-класс | 10-класс | 10-класс | 10-класс | 10-класс |

Кыргыз тили бул эне тилибиз болгондуктан өтүлүп жаткан ар бир предмет кыргыз тилинде жүргүзүлгөндүктөн кыргыз тили менен кайсыл гана предметти албайбы интеграциялана алат. Тилиң аркылуу дилиңдегини айтып түшүндүрө аласың дегендей кыргыз тили аркылуу башка предметтерди окуп түшүнүп, айтып бере алабыз жана кыргыз тили аркылуу ар кайсы кесипке багыттап окутабыз. Кыргыз тилинде сүйлөйбүз, ырдайбыз, окуйбуз, угабыз, ойлонобуз, ичибиздеги болгон баардык сырларыбызды бирөөгө жеткирип беребиз.

Мектепте өтүлүп жаткан предметтердин санына эмес сапатына карата билим берүү керек. Канчалык көп предметтерден билим алып, билимин толукташпасын, ал алган билимдерин бири-бири менен байланыштырып колдоно албаса, анда ал окуучуга кандай пайда алып келет?

Интеграция мектепте окутулуп жаткан предметтердин мазмунунун системалык жактан биригүүсү, же бири-биринин мазмунун толуктоосу. Интеграция биринчиден окуучуларга дүйнөнү бир бүтүн нерсе катары көрсөтсө, экинчиден алган билимдеринин жакындашуусуна, биригип бир бүтүндүктү түзүүсүнө алып келет. Мисалы: кыргыз тилинде историзмдерди өтүүдө, аны кыргыз адабиятындагы «Сынган кылыч» романы менен, тарыхтагы Кокон хандыгы менен, географияда Кокон хандыгына кайсы аймактар кирип тургандыгын, шарт болсо сабак – саякат уюштуруп Коконго барып «Хан ордосун» көрсөтүп, ошол убакытта колдонгон буюмдарынын аталыштарын, алар эмнеге колдонулгандыгын айтып, көрсөтүп берсе абдан кызык болот. Окуучулар эмес мен өзүм «Сынган кылыч» романын көргөн сайын Мусулманкулдун өлүмү көз алдыма элестеп, «Хан ордосун» көрүүгө абдан кызыгамын. Эгерде барууга шарт жок болсо аны тарттырып алып, же болбосо өзүбүздүн аймакты башкарып турган минбашылар, бийлер, даткалар тууралуу, болбосо Дара айыл өкмөтүнө караштуу аймактагы Кудаяр хандын чебине алып барып көрсөтүп, анын ичине чоподон билдирбей суу түтүктөрүн жасап, киргизип алгандыгын, аны өз кол алдындагы адамы сатып айтып бергендигин көрсөтүп, айтып берип сабак өтөн абдан кызык болмок. Биз историзмдерди өткөндө ушундай сөздөр историзмдер болот, же болбосо «Сынган кылыч» романынын мазмунун жөн эле айтып берсек ал окуучунун эсинде калбайт. Окуучуларга дайыма теория менен практиканы бирдей колдонуп сабак өткөндө гана алардын эсинде көпкө чейин сакталат жана өз алдынча ойлонуп чечим чыгарууга, кебин өстүрүүгө, аны эс-тутумунда бекем сактап керек убакытта колдонууга жардам берет.

